КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

# 2013

Бишкек 2014

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2013-жыл үчүн отчету**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2013-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 8 жана 10-беренелерине ылайык даярдалган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2013-жыл үчүн отчету Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын чын куран айынын он тогузундагы №8/1 токтому менен бекитилген.

2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчет, Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын чын куран айынын жыйырмасындагы №10/2 токтому менен бекитилген.


РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

Төрайым: Жеенбаева Б.Ж.

Кеңештин мүчөлөрү: Алыбаева С.К.
Цыплакова Л.Н.
Исакова Г.А.
Лелевкина Э.В.
Урустемов С.А.
Чалбаев С.А.

Жооптуу катчы: Сырдыбаева Н.М.



Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Улуттук банктын басылмаларын чыгарууну уюштуруу бөлүмүнө
(996 312) 66 91 15 телефону
(996 312) 61 07 30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: nsyrdybaeva@nbkr.kg

Басылманы таркатуу маселеси боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Коомдук байланыш жана протоколдор бөлүмүнө
(996 312) 61 45 78 телефону
(996 312) 61 07 30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: pr@nbkr.kg
веб-сайт: http://www.nbkr.kg



© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2014-жыл.



Басылма, “Triada Print” ЖЧКсында басылып чыккан.

Нускасы 270 даана.

# МАЗМУНУ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү ................................................ 5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2013-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2013-ЖЫЛЫ ИЧИНДЕ ӨНҮГҮҮСҮ..........................................................................8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору.................................8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору...............................10
1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми.............11
1.4. Банк сектору.............................................................14
1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелер сектору..........................................................................19
1.6. Финансы рыноктору..................................................23
1.6.1. Валюта рыногу....................................................23
1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу...........................25
1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу.......................................26
1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу..................32

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2013-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ.............................38

2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо................................38
2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу....................41
2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар...........42
2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялары жана эсептик чен...............................43
2.2.3. Репо операциялары...............................................44
2.2.4. Банктарды кайра каржылоо..................................45
2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар..............................46
2.3. Эл аралык камдарды тескөө......................................47
2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары..................49

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ........54

3.1. Банктык көзөмөл.........................................................54
3.1.1. Лицензиялоо..............................................................54
3.1.2. Тышкы көзөмөл.....................................................55
3.1.3. Инспектирлөө.........................................................58
3.1.4. Таасир этүү чаралары...........................................59
3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл....................................................................59
3.3. Көзөмөл жана жөнгө салуу методологиясы.............62

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ....................................64

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү..................................65
4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр.......................................65
4.1.2. Төлөм системасынын ишине көзөмөл (оверсайт).......................................................................68
4.1.3. Нак эмес төлөмдөр үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар.....................................................................69
4.2. Нак акча жүгүртүлүшү.............................................70

5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР...............................................................73

5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу.................73
5.2. Борбордук банктар менен кызматташуу..................77

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР................................................79

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү..............................................................................79
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдагы иши............................86
6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү.............................89
6.4. Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу..........91
6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы........96
6.6. Коомчулукка маалымат берүү..................................98

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2013-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. 2013-ЖЫЛДЫН ҮЧТҮН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ..................................................104

7.1. Көз карандысыз аудитордун отчету........................105
7.2. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчет......................107
7.3. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчет....................................................108
7.4. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет................................................................109
7.5. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет...............................................110
7.6. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет..............................................................112
7.7. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр............................................................114

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2013-жылдагы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги.........................................172
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер).......................................184
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары......208
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси.............215

2013-жылы өлкөнүн улуттук валютасы – кыргыз сомунун жүгүртүүгө чыгарылышына 20 жыл толду. 1993-жылы улуттук валютаны киргизүү чечиминин кабыл алынышы өз алдынча акча-кредит саясатын калыптандыруу процессинин пайдубалы түптөлгөн. Мына ушул маарекенин алкагында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) эл аралык жана республикалык масштабда бир катар иш-чараларды өткөргөн, алар тууралуу маалыматтар ушул жылдык отчетто да камтылган.

Отчеттук жылы Улуттук банк Өкмөт менен биргеликте өлкөдө макроэкономикалык туруктуулукка жетишүүгө жана аны сактап турууга багытталган ишти уланткан. Макроэкономикалык туруктуулук Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдар аралыгында туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын негизги максаттуу багытынан да болуп саналат. Жыл ичинде инфляцияны бир сандык маани чегинде токтотуп турууну 2013-жылы ушул багыттагы маанилүү жетишкендиктердин бири катары белгилөөгө болот. Жүзөгө ашырылып жаткан акча-кредит саясаты баанын жалпы деңгээлинин өсүш арымын алгылыктуу чекте сакталышына мүмкүндүк берген, бул өлкөдө экономикалык өсүштү калыбына келтирүүгө өбөлгө түзгөн.

Кыргыз Республикасынын банк тутуму 2013-жылы негизги көрсөткүчтөрдүн туруктуулугун жана өсүшкө ык койгондугун тастыктоо менен арымдуу өнүгүү жолун уланткан. Отчеттук жылы өлкөнүн банк секторун 2014-2017-жылдар аралыгында өнүктүрүүнүн негизги багыттары иштелип чыгып, бекитилген. Анда Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында каралган иш-чаралар да камтылган.

Финансы-кредит мекемелеринин ишин көзөмөлдүккө алуу жана жөнгө салуу ишин өркүндөтүүнүн алкагында орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди басаңдатууга, керектөөчүлөр укугун коргоого, транспаренттүүлүктү жана финансылык кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттырууга багытталган ченемдик укуктук актылар иштелип чыгып, колдонуудагы документтер кайрадан каралган.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын иш-чараларын жүзөгө ашыруу жагында алгылыктуу иштер улантылган. Натыйжада, банктык төлөм карттар жана алар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны олуттуу өсүп, нак эмес төлөмдөр көлөмү көбөйүп, өлкө калкына сунушталган төлөм кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү арткан.

Улуттук банктын 2013-жылдагы иш жыйынтыгы боюнча жылдык отчету “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзам талабына ылайык даярдалып, анда өлкөнүн борбордук банкынын ага жүктөлгөн милдеттерди аткарышы чагылдырылып, көз карандысыз эл аралык аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчет камтылган.

Улуттук банк ушул басылманы даярдоодо мурдагыдай эле, маалыматтарды ачык-айкын, так жана толук чагылдыруу принцибине таянган.

Ишиңиздерге ийгилик каалап,

Төрага З. Асанкожоева

# I

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2013-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2013-ЖЫЛЫ ИЧИНДЕ ӨНҮГҮҮСҮ

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

2013-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасында олуттуу өсүш катталган. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (УСК) алдын ала маалыматтарына ылайык 2013-жылы ички дүң өнүм (ИДӨ) реалдуу алганда 2012-жылдагы ушул көрсөткүчтүн 0,1 пайызга төмөндөөсүнө караганда, 10,5 пайызга көбөйгөн. Мына ушундай өсүш эң башкысы, "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларында (мындан ары - "Кумтөр" ишканалары) өндүрүш көлөмүнүн калыбына келиши менен шартталган. "Кумтөр" ишканаларын эске албаганда, Кыргызстандын ИДӨсүнүн өсүшү болжол менен алганда, 2012-жылдагы деңгээлде сакталуу менен 5,8 пайызды түзгөн (2012-жылы көбөйүү 6,3 пайыз чегинде катталган). ИДӨ көлөмү номиналдык мааниде 350,0 млрд. сом чегинде катталган. ИДӨ дефлятору 2012-жылдагы 8,7 пайызга караганда 2,0 пайызды түзгөн.

***1.1.1-таблица.***

Ички дүң өнүмдүн түзүмү

| | 2012-ж. | | | 2013-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырма салмак, *пайыздарда* | Өсүш арымы, *пайыздарда* | Өсүшкө салым, *п.п.* | Салыштырма салмак, *пайыздарда* | Өсүш арымы, *пайыздарда* | Өсүшкө салым, *п.п.* |
| **ИДӨ** | **100,0** | **-0,1** | **-0,1** | **100,0** | **10,5** | **10,5** |
| Айыл чарбасы | 16,7 | 1,2 | 0,2 | 15,2 | 2,9 | 0,5 |
| Өнөр жайы | 15,7 | -20,8 | -4,7 | 16,1 | 34,5 | 5,4 |
| *Тоо-кендерин казып алуу өнөр жайы* | 0,9 | 37,6 | 0,3 | 0,7 | -4,6 | -0,04 |
| *Кайра иштетүү өнөр жайы* | 12,1 | -28,0 | -5,1 | 13,4 | 45,4 | 5,5 |
| *Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү* | 2,7 | 5,2 | 0,2 | 2,0 | -1,7 | -0,05 |
| Курулуш | 6,5 | 29,7 | 1,5 | 6,8 | 12,4 | 0,8 |
| Соода; унааларды оңдоо | 16,0 | 10,7 | 1,6 | 16,1 | 7,0 | 1,1 |
| Транспорт жана байланыш | 9,2 | 9,4 | 0,8 | 9,5 | 12,3 | 1,1 |
| Жана башкалар | 22,9 | 2,5 | 0,5 | 22,0 | 0,9 | 0,2 |
| *Мейманканалар жана тойканалар* | 1,4 | 11,7 | 0,2 | 1,5 | 11,1 | 0,2 |
| *Финансылык иш* | 0,6 | 4,1 | 0,02 | 0,5 | 3,7 | 0,02 |
| *Кыймылсыз мүлк менен операциялар* | 4,4 | -0,4 | -0,02 | 4,1 | -1,8 | -0,1 |
| *Мамлекеттик башкаруулар* | 5,1 | 1,6 | 0,1 | 5,1 | -1,2 | -0,1 |
| *Билим берүү* | 6,0 | 4,8 | 0,3 | 5,6 | 1,0 | 0,1 |
| *Саламаттык сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо* | 3,5 | 1,3 | 0,04 | 3,4 | 2,1 | 0,1 |
| *Коммуналдык кызматтарды сунуштоо* | 1,9 | -0,5 | -0,01 | 1,8 | 1,6 | 0,03 |
| Азык-түлүктөргө таза салыктар (субсидияларды алып салуу менен) | 13,1 | -0,1 | -0,01 | 14,4 | 10,5 | 1,4 |

*Булагы: КР УСК*

*Өнөр жай өндүрүшү*

Өнөр жай өндүрүшү секторунун калыбына келиши ИДӨнүн 2013-жылы олуттуу өсүшүнө айрыкча өбөлгө түзгөн. Алсак, өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн айкын көлөмү 164,8 млрд. сомду түзүү менен 34,5 пайызга көбөйгөн. Өнөр жай секторунда "Кумтөр" ишканаларынын өндүрүш көлөмүнүн үлүшү 48,2 пайызга жакынды ээлеген. Өнөр жай өндүрүшүнүн экономиканын өсүшүнө

[1] Алдын ала алынган маалыматтар боюнча.

кошкон салымы алгылыктуу чекте болуу менен 5,4 пайыздык пункт чегинде катталган (2012-жылы бул көрсөткүчтүн салымы терс болуу менен 4,7 пайыздык пунктту түзгөн эле).

Жыл жыйынтыгы боюнча “Кумтөр” ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшү 3,5 пайызга көбөйгөн. Булгаары иштетүү, андан буюмдарды жасап чыгаруу жана бут кийим тигүү (43,3 пайыз), химия өндүрүшүнүн (29,0 пайыз), жыгач иштетүү жана жыгачтан буюм жасоо (24,5 пайыз) продукцияларынын айкын көлөмүнүн өскөндүгү байкалган.

ИДӨ түзүмүндө өнөр жайынын салыштырма салмагы 2013-жылы 16,1 пайызды түзгөн.

*Айыл чарбасы*

Отчеттук жылы аба-ырайынын ойдогудай болушу айыл чарба секторунда олуттуу өсүшкө жетишүүгө өбөлгө түзгөн. Айыл чарбасынын 2013-жылдагы дүң өнүмүнүн көлөмү 172,0 млрд. сомду түзүп, реалдуу алганда өсүш 2,9 пайыз чегинде катталган. Бул тармактын ИДӨ өсүшүнө кошкон салымы алгылыктуу болуп, 2012-жылдагыга салыштырганда 0,3 пайыздык пунктка көбөйүү менен 0,5 пайыздык пунктту түзгөн.

Дүңүнөн алганда өнүм көлөмүнүн өсүшү кант кызылчасын (91,6 пайызга), буудайды (51,6 пайызга), дан эгиндерин (буурчак өсүмдүктөрүн, күрүчтү жана гречиханы эске албаганда) (27,5 пайыз), мөмө-жемиштерди (4,9 пайыз) өстүрүп алууну арттыруунун, ошондой эле айдоо аянттарын 0,4 пайызга кеңейтүүнүн эсебинен жетишилген.

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Рыноктук кызмат көрсөтүү көлөмү 2012-жылдагыга салыштырганда 7,2 пайызга өскөн. Мурдагыдай эле, бул тармактын ИДӨ өсүшүнө салымы алгылыктуу чекте болуу менен жыл жыйынтыгында 2,5 пайыздык пунктту түзгөн.

Соода жүгүртүүсүнүн, автоунааларды, тиричилик буюмдарын жана жеке пайдалануудагы буюмдарды оңдоп-түзөө иштеринин жалпы көлөмү 2013-жылы бир жыл мурдагы көрсөткүчкө салыштырганда 7,0 пайызга көбөйгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде бул тармактын бүтүндөй түзүмү, атап айтканда мотор майларын чекене сатуу жүгүртүүсү 13,7 пайызга, автоунаалар жана мотор майларын сатуудан тышкары, чекене соода 7,5 пайызга өскөндүгү катталган. Мейманканалар жана тойканалар сунуштаган кызмат көрсөтүүлөр көлөмү 11,1 пайызга өскөн. Отчеттук жыл ичинде транспорттун бардык түрү менен жүк ташуу 2,9 пайызга жогорулаган.

*Курулуш*

Курулуш тармагынын дүң продукцияларынын жалпы көлөмү 2013-жылы 70,7 млрд. сомду түзүп, 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтүн 29,7 пайызга өсүшүнө салыштырганда, реалдуу алганда 12,4 пайызга көбөйгөн. Курулуш тармагы ИДӨнүн калыптанышына 0,8 пайыздык пункт деңгээлинде алгылыктуу салым кошкон. Негизги капиталга инвестициялар көлөмүнүн өсүшүнүн сакталып калышы, курулуш иштеринин көлөмүнүн көбөйүүсүнө түрткү берген.

*Инвестициялар*

Негизги капиталга инвестициялар көлөмү 78,2 млрд. сомду түзүп, 2,3 пайызга көбөйгөн (салыштырма баада). 2012-жылы бул көрсөткүчтүн өсүшү 21,5 пайызды түзгөн эле. Негизги капиталга өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмү өнөр жайынын тоо кендерин казып алуу жана кайра иштетүү объектилеринде, ошондой эле соода жүргүзүү чөйрөсүндө көбөйгөн. Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көбөйгөндүгү (10,7 пайызга), ал эми ички булактардын эсебинен инвестициялардын түшүүсүнүн азайгандыгы (1,9 пайызга) катталган. Тышкы булактардан каржылоонун эсебинен инвестициялардын көбөйүүсүнө тике чет өлкө инвестицияларынын артышы (1,8 эсеге) жана чет өлкөдөн кредиттин өсүшү (0,1 пайызга) түрткү берген. Ички каржылоо булактарынын эсебинен инвестициялардын кыскарышы ишканалар жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен инвестициялардын 2,8 пайызга төмөндөшүнөн улам келип чыккан.

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

2013-жылы Өкмөт макрофискалдык жагдайдан көз карандылык тобокелдиги сакталып турган шартта, фискалдык консолидациялоо саясатын ишке ашырууну уланткан. Бюджеттик каражаттардын көпчүлүк бөлүгү коргоого алынган милдеттенмелерди каржылоого багытталган, атап айтканда, эмгекке төлөөгө, субсидияларга жана социалдык жөлөк пулдарга чыгашалардын көбөйгөндүгү белгиленген. Ошол эле учурда, жыл ичинде салыктык кирешелердин жетиштүү түшпөгөндүгүнө карабастан, мамлекеттик бюджет кирешелеринин жалпы көлөмүнүн өсүш динамикасынын жакшыргандыгы байкалган. Натыйжада, отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча бюджет тартыштыгы төмөндөп, Борбордук казыналыктын маалыматы боюнча ал 2,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,7 пайызды түзгөн[2] (2012-жылы бюджет ИДӨгө карата 6,5 пайыз өлчөмүндө тартыштыгы менен аткарылган эле).


Отчеттук жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен түшкөн кирешелери 2012-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 17,3 пайызга көбөйүү менен 101,8 млрд. сом же ИДӨгө карата 29,1 пайыз чегинде катталган (2012-жылы 12,2 пайыз).

Кирешелер түзүмүндө негизги үлүштү ээлеген салыктык түшүүлөр 2012-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 14,0 пайызга көбөйүү менен 72,8 млрд. сомду түзгөн. Салык кирешелеринин 49,3 пайызы Мамлекеттик салык кызматынан түшүүлөр менен камсыз кылынган болсо, анын 50,7 пайызы Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан камсыз кылынган (2012-жылы бул катыш тиешелүүлүгүнө жараша, 52,9 жана 47,1 пайыз).

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык 2013-жылы Улуттук банктын пайдасынын 70 пайызы мамлекеттик бюджетке чегерилген, бул 0,5 млрд. сомду түзөт.

***<u>1.2.1-график.</u>***

Мамлекеттик бюджеттин салыктык түшүүлөрүнүн түзүмү




[1] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары.

[2] Эсептөө палатасынын республикалык бюджеттин 2012-жылы аткарылышы тууралуу отчетко жүргүзгөн аудитинин жыйынтыгы боюнча сунуш-көрсөтмөлөрүнө ылайык, Финансы министрлиги тарабынан МИПти эсепке алууда кайра кредиттелген каражаттар жагында өзгөртүүлөр киргизилген, алар 2013-жылдын тогуздун айынан тартып чыгашалар катары эмес, финансылык активдер катары эсепке алынуу менен бюджет тартыштыгынын ордун жабуу булагында чагылдырыла баштаган (булагы: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын 2013-жылга республикалык бюджети жана 2014-2015-жылдарга болжолдоолор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзам долбоору жөнүндө” токтом долбооруна карата маалымдама-негиздеме).

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке жалпы чыгашалары 2013-жылы 86,6 млрд. сомду түзүп, 13,4 пайызга төмөндөгөн[1] (2012-жылы чыгашалардын 21,4 пайызга өскөндүгү катталган эле). ИДӨгө карата чыгашалар 2012-жылдагы 32,2 пайыздан 2013-жылдагы 24,7 пайызга чейин төмөндөгөн.

Экономикалык классификацияга ылайык бөлүштүрүлгөн чыгашалар түзүмү олуттуу деле өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес, өткөн жылдардагыдай эле, бюджеттин чыгашаларынын негизги статьялары социалдык маанилүү иш-чараларга туура келген. Мамлекеттик бюджеттин эмгекке төлөөгө 2013-жылдагы чыгашалары 3,1 пайызга көбөйүп (2012-жылы 13,5 пайыз), 31,5 млрд. сомду же операциялык ишке чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 36,4 пайызын түзгөн, ал эми социалдык жөлөк пулдарга жана субсидияларга чыгашалар 22,6 млрд. сомду же операциялык ишкердикке чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 26,1 пайызын түзүү менен 18,8 пайызга көбөйгөн.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык, отчеттук мезгил ичинде төмөнкү топтор боюнча чыгашалардын өскөндүгү байкалган: социалдык коргоого – 16,4 пайыз, коргонууга, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого – 14,0 пайыз, эс алуу, маданий жана диний иш-чараларга – 10,4 пайыз, саламаттыкты сактоого – 4,0 пайыз, турак жай-коммуналдык кызматтарга – 3,1 пайыз, ал эми билим берүүгө – 0,1 пайыз. Мамлекеттик бюджеттин экономикалык маселелерди чечүүгө кеткен чыгашалары 82,7 пайызга[2], мамлекеттик жалпы маанидеги кызматтарга, курчап турган чөйрөнү коргоого тиешелүүлүгүнө жараша, 1,2 жана 0,1 пайызга кыскарган.

Мамлекеттик бюджеттин финансылык эмес активдерди сатып алууга чыгашаларынын аларды сатуудан артышы 2013-жылы 17,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,0 пайызды түзгөн (2012-жылы ИДӨгө карата 2,2 пайыз)[3].

Финансы министрлигинин маалыматы боюнча 2013-жылдын акырына карата мамлекеттик тышкы карыз 3,2 млрд. АКШ долларын (2012-жылы 3,0 млрд. АКШ доллары), ички карыз – 11,9 млрд. сомду (2012-жылы 13,0 млрд. сом) түзгөн. Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар 14,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 4,0 пайызды түзгөн, алардын ичинен пайыздык төлөөлөр ИДӨгө карата 0,9 пайыз чегинде катталган.


## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми[4]

2013-жылдын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин оң сальдосу жыл ичинде 38,4 пайызга көбөйүү менен 261,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган. Ошону менен бирге эле, күндөлүк эсептин абалынын начарлашы катталган, жыл жыйынтыгы боюнча анын терс сальдосу 1,8 млрд. АКШ долларын же ИДӨгө карата 25,2 пайызды түзгөн. 2012-жылы бул көрсөткүч 1,7 млрд. АКШ доллары же ИДӨгө карата 25,9 пайыз чегинде катталган эле.

[1] Негизинен, усулдук мүнөздөгү себептерге байланыштуу.
[2] Негизинен, усулдук мүнөздөгү себептерге байланыштуу.
[3] Эсептөөлөрдө 2012-жылдагы ИДӨнүн жыйынтык көрсөткүчү пайдаланылган.
[4] Алдын ала алынган маалыматтар.

***1.3.1-график.***

Күндөлүк операциялар эсеби




МАЗМУНУ

*Тышкы соода*

Товарлардын импорттук түшүүлөрүнүн экспорттук берүүлөргө салыштырганда озгон арымда өсүшү соода тартыштыгынын 11,0 пайызга (3,6 млрд. АКШ долларына чейин) көбөйүүсүн шарттаган.

Отчеттук жыл ичинде товарлардын экспорту 4,8 пайызга көбөйүп, 2,0 млрд. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган. Алтын, мурдагыдай эле, экспорттун ири статьясы бойдон калууда, анын нарктык көлөмү берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнөн улам 31,0 пайызга өскөн. Мында, алтынды эсепке албаганда экспорт 5,8 пайызга төмөндөп, 1,3 млрд. АКШ долларын түзгөн. Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автоунааларды[1] (61,7 пайызга), кийим-кечелерди жана аларга керектүү буюм-заттарды (30,2 пайызга), кен жана баалуу металлдар кошулмаларын (66,2 пайызга), электр тогун (63,7 пайызга) жана башка товарларды берүүлөрдүн азайышы белгиленген.

Отчеттук жыл ичинде импорттук түшүүлөр (ФОБ баасында) 8,7 пайызга көбөйүү менен 5,6 млрд. АКШ долларынан ашкан. Мунай заттарын ташып келүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү импорттун өсүшүнүн башкы факторунан болуп калган, анын натыйжасында алардын нарктык көлөмү 12,9 пайызга өскөн. Ушуну менен катар эле, мурда колдонулган автоунаалардын (20,2 пайызга), чоюн, болот, алюминийден конструкциялардын (2,7 эсеге), чоюн жана болоттун (22,2 пайызга), жеңил автоунаалардын жана эл ташуучу транспорт каражаттарынын (2,3 эсеге), башка товарлардын импортунун көлөмү өскөн.

Кароого алынып жаткан жыл ичинде кызмат көрсөтүү экспорту сыяктуу эле (29,3 пайыз) алардын импортунун (7,9 пайызга) өсүшү байкалган. Мында кызмат көрсөтүү динамикасына "кыдыруулар" статьясы аныктоочу таасир эткен. Алар боюнча экспорттун жана импорттун тиешелүүлүгүнө жараша, 76,3 жана 56,1 пайызга өсүшү жүргөн. Натыйжада, кызмат көрсөтүү балансынын тартыштыгы 49,9 пайызга (178,5 млн. АКШ долларына чейин) төмөндөгөн.

*Акча которуулар*

Күндөлүк трансферттердин таза агымынын көлөмү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 7,8 пайызга көбөйүү менен 2,2 млрд. АКШ долларын түзгөн. Күндөлүк трансферттер түзүмүндө валюталык түшүүлөрдүн олуттуу көлөмү эмгек мигранттарынын акчалай которуулары менен камсыз кылынган. 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча акчалай которуулардын таза агымы 2,1 млрд. АКШ долларынан ашкан (акча которуу системалары аркылуу жеке адамдардын которуулары боюнча 1,9 млрд. АКШ доллары өлчөмүндөгү таза агымды кошо алганда), бул 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 7,7 пайызга көп.

[1] Реэкспорт.

Кирешелердин терс сальдосу 76,1 пайызга (298,2 млн. АКШ долларына чейин) көбөйгөн, бул негизинен, Кыргыз Республикасындагы инвестициялык ишкердигине байланыштуу тике чет өлкө инвесторлорго төлөөгө каралган кирешелердин артышы менен шартталган.

*Капиталдын жылышы эсеби*

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин сальдосу жыл жыйынтыгы боюнча оң мааниде калыптанып, 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 11,1 пайызга артуу менен 1,1 млрд. АКШ долларын түзгөн.


Финансылык эсеп боюнча негизги түшүүлөр "тике инвестициялар" жана "башка инвестициялар" статьялары боюнча капиталдын агылып кириши менен камсыз кылынган.

Отчеттук жылы тике инвестициялардын таза агымы 757,6 млн. АКШ долларына жетип, 2,6 эсеге өскөн. Тике инвестициялардын негизги көлөмү ишканалардын чет өлкөлүк кошо ээлик кылуучуларынан алынган кредиттер менен камсыз кылынган.

Жыл ичинде "башка инвестициялар" статьясынын сальдосу оң калыптануу менен 60,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылдагы деңгээлден 88,8 пайызга төмөн. Башка инвестициялар түзүмүндө жүргөн өзгөрүүлөрдү, негизинен, мамлекеттик жана жеке сектор тарабынан алынган кредиттердин эсебинен капиталдын нетто-агылып киришинин төмөндөшү менен түшүндүрүүгө болот. Бул жерде ошондой эле, бул көрсөткүчкө эң оболу, Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын өкмөттөрү ортосунда Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясы алдындагы мурда сунушталган кредиттер боюнча карызды жөнгө салуу келишимине ылайык, 188,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө карыздын Россия Федерациясы тарабынан эсептен алынып салынышы таасир эткендигин белгилеп кетүү зарыл.

***1.3.2-график***

Финансылык эсеп




*Каталар жана калтырып кетүүлөр*

2013-жыл жыйынтыгы боюнча "каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясынын сальдосу 967,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң калыптанган, ушунун өзү өлкөгө капиталдын агылып киришине байланыштуу операциялар статистикалык жактан толук эсепке алынбай калгандыгын тастыктоодо.

*Эл аралык камдар*

Отчеттук жылдын акырына карата дүң эл аралык кам көлөмү 2,2 млрд. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын камдык активдеринин өлчөмү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги зарыл көлөмүн жабуунун 3,7 айына туура келген.

## 1.4. Банк сектору[1]

*Банк секторундагы негизги тенденциялар*

2013-жыл жыйынтыгы боюнча банк секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн, атап айтканда, активдердин, кредит портфелинин, ресурстук базанын жана таза пайданын өсүшү байкалган.

Кыргызстанда финансылык ортомчулук деңгээли ыргактуу өсүшкө ээ болууда, бирок реалдуу секторду ичтен каржылоого караганда сырттан каржылоонун басымдуулугу сакталып калууда.

Банк сектору капиталдын жогорку шайкештик деңгээлине ээ, бул финансылык ортомчулук деңгээлин, банк секторунун натыйжалуу ишин жана келечекти камсыз кылган мүмкүнчүлүктөрдү андан ары бекемдөө үчүн кудуретке ээ экендигин далилдейт.

Банк секторунда орун алган системалуу тобокелдиктер тескөөгө ала алгандай деңгээлде, анткени Кыргызстандын финансы системасы жетиштүү өнүгө албай жаткандыктан, ортомчулук кызматтарын сунуштоо чектелүү болгон.

Мында, финансы сектору эл аралык финансылык рынокторго ишенимдүү аралаша албай жаткандыгын да белгилеп кетүү зарыл.

*Банктардын саны*

2013-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 24 коммерциялык банк иштеп турган.

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын ичинен 16 банк чет өлкө капиталын тартуу менен иш алып барган. Отчеттук жылдын акырына карата чет өлкө капиталынын үлүшүнө банктардын капиталынын 36,5 пайызы туура келген (2012-жылы 36,1 пайыз). “Бай-Түшүм” ЖАКтын, “Росинбанк” ААКсынын капиталына инвестициялардын өсүшү, ошондой эле “КыргызКредитБанк” ААКсынын акционерлеринин алмашуусу, “Кыргыздыйканбанк” ААКсынын реабилитацияланышы буга түрткү болгон.

*Банк секторунун активдери*

Отчеттук мезгил ичинде банк секторунун суммардык активдери 27,0 пайызга көбөйүп, 111,1 млрд. сомду түзгөн. Банктардын активдеринин негизги үлүшү – 48,6 пайызы берилген кредиттерге туура келген.

***1.4.1-таблица***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2012-ж. | | 2013-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом.* | Үлүшү, *пайыздарда* | *млн. сом.* | Үлүшү, *пайыздарда* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 40 105,4 | 45,9 | 53 961,6 | 48,6 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 10 932,2 | 12,5 | 16 807,5 | 15,1 |
| Баалуу кагаздар портфели | 8 872,7 | 10,1 | 10 285,0 | 9,3 |
| Акча каражаттары | 8 114,2 | 9,3 | 8 705,2 | 7,8 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 6 650,3 | 7,6 | 6 685,5 | 6,0 |
| Негизги каражаттар | 5 396,8 | 6,2 | 6 033,8 | 5,4 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 2 124,9 | 2,4 | 3 724,6 | 3,4 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 819,3 | 0,9 | 584,4 | 0,5 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 88,8 | 0,1 | 149,4 | 0,1 |
| Атайын РППУ* | -2 752,5 | -3,1 | -3 013,3 | -2,7 |
| Башка активдер | 7 094,3 | 8,1 | 7 168,3 | 6,5 |
| **Бардыгы болуп** | **87 446,5** | **100,0** | **111 092,0** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камды түшүнүү зарыл.*

[1] Коммерциялык банктардын өткөн жылдар үчүн корректировкалоолорун эске алуу менен банктардын регулятивдик отчеттук маалыматтары пайдаланылган.


Коммерциялык банктар тарабынан акча каражаттарына, кыска мөөнөттүү активдерге жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерге жайгаштырылган жогорку ликвиддүү каражаттардын көлөмү отчеттук жыл ичинде 25,3 пайызга көбөйүп, жыл акырына карата 32,2 млрд. сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 29,0 пайызын түзгөн.

*Кредит портфели*

Кредит портфелинин көлөмү[1] 34,5 пайызга өсүп, 54,0 млрд. сомго жеткен. Банк секторунун активдеринде кредит портфелинин үлүшү 2012-жылдагыга салыштырганда 2,7 пайыздык пунктка көбөйүп, 48,6 пайызды түзгөн. Банктардын карыз алуучуларынын саны 2013-жылдын акырына карата 167 305 адамды түзүп, 2012-жылдагыга салыштырганда 11 634 адамга же 7,7 пайызга көбөйгөн.

***1.4.1-график***

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Жыл ичинде “классификацияланбаган”[2] активдердин көлөмү классификациялануга тийиш болгон активдердин суммасынын 95,6 пайызын, “классификацияланган”[3] активдердин 4,4 пайызын түзгөн. Классификацияланган кредиттердин үлүшү 5,5 пайызга чейин кыскарган, бул банк секторунун кредит портфелинин сапатынын белгилүү бир чекте жакшыргандыгын далилдейт.

***1.4.2-таблица***

Активдерди, balanстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо (*башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздарда*)

| Категориясы | Активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер | | Кардарларга кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012-ж. | 2013-ж. | 2012-ж. | 2013-ж. |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **94,2** | **95,6** | **92,8** | **94,5** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Нормалдуу | 42,0 | 42,1 | 0,3 | 1,4 |
| Канааттандыраарлык | 48,4 | 50,7 | 86,1 | 88,3 |
| Байкоого алынган | 3,8 | 2,8 | 6,3 | 4,8 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **5,8** | **4,4** | **7,2** | **5,5** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 2,0 | 1,5 | 1,9 | 1,8 |
| Шектүү | 1,3 | 1,1 | 2,2 | 1,8 |
| Жоготуулар | 2,6 | 1,8 | 3,1 | 1,9 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |

[1] Банктарга жана башка финансы-кредит мекемелерине берилген кредиттерди эске албаганда.
[2] Классификацияланбаган активдер (кредиттер) категориясына “нормалдуу”, “канааттандыраарлык” жана “байкоого алынган” категорияларына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.
[3] Классификацияланган активдер (кредиттер) категориясына “субстандарттык”, “шектүү” жана “жоготуулар” категорияларына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.


2013-жыл жыйынтыгы боюнча кредит портфелин “долларлаштыруу” деңгээли дээрлик өзгөрбөстөн, 53,6 пайызды түзгөн.

*Активдердин институционалдык түзүмү*

Отчеттук мезгил ичинде банк активдеринин институционалдык түзүмү жетиштүү деңгээлде диверсификацияланган. Банктардын корпоративдик сектордогу активдери банк активдеринин жалпы көлөмүнүн 32,4 пайызын, үй чарбасы секторунда – 16,7 пайызын түзгөн.

***1.4.2-график***

Банктардын активдеринин институционалдык түзүмү





*Банк секторунун милдеттенмелери*

2013-жыл жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелер көлөмү 92,3 млрд. сомго чейинкини түзүү менен 29,2 пайызга көбөйгөн. Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндө депозиттик базанын үлүшү[1] 63,5 пайызды түзгөн. Отчеттук жыл ичинде банк секторунун депозиттик базасынын өсүшү 34,2 пайыз чегинде катталган.

***1.4.3-график***

Банктардын милдеттенмелеринин жана депозиттик базасынын динамикасы*




** 2009-жылдан тартып коммерциялык банктардын депозиттик базасын эсептөөнүн жаңы ыкмасы колдонулуп келүүдө.*

Банктардын пассивдер түзүмүндө резидент эместер алдындагы милдеттенмелер үлүшү 14,4 пайызды түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер алардын жалпы көлөмүнүн 52,5 пайызы чегинде катталган.

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн депозиттерин жана кредиттерин, ошондой эле банктардын жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.

МАЗМУНУ

***1.4.3-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2012-ж. | | 2013-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | *Үлүшү, пайыздарда* | *млн. сом* | *Үлүшү, пайыздарда* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 14 000,8 | 19,6 | 22 048,6 | 23,9 |
| Эсептешүү эсептери | 18 507,1 | 25,9 | 21 309,9 | 23,1 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 11 138,2 | 15,6 | 15 222,6 | 16,5 |
| Башка милдеттенмелер | 7 238,1 | 10,1 | 9 516,1 | 10,3 |
| Алынган кредиттер | 8 403,1 | 11,8 | 9 113,7 | 9,9 |
| Өкмөттүн депозиттери | 4 805,3 | 6,7 | 6 033,3 | 6,5 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 2 743,9 | 3,8 | 3 908,6 | 4,2 |
| Резидент эместердин депозиттери | 2 199,9 | 3,1 | 2 719,8 | 2,9 |
| Өкмөттүн кредиттери | 1 629,6 | 2,3 | 1 566,6 | 1,7 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 739,0 | 1,0 | 850,2 | 0,9 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 23,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **71 428,6** | **100,0** | **92 289,4** | **100,0** |

*Милдеттенмелердин институционалдык түзүмү*

Институционалдык планда алып караганда банктардын милдеттенмелери финансылык эмес корпоративдик сектордо жана үй чарбаларында топтоштурулган. Жыл жыйынтыгы боюнча бул секторлорго банктардын бардык милдеттенмелеринин тең жарымынан көбүрөөгү – 57,0 пайызы туура келген.

***1.4.4-график***

Банктардын милдеттенмелеринин институционалдык түзүмү







Депозиттик базанын түзүмү олуттуу деле өзгөргөн эмес. Алсак, 2013-жылдын акырына карата абал боюнча эсептешүү эсептерине жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерге 62,4 пайызы, мөөнөттүү депозиттерге 37,6 пайызы туура келген. Бүтүндөй алганда, коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү[1] 58,6 млрд. сомду түзгөн. Юридикалык жактардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 6,4 млрд. сомго же 31,6 пайызга көбөйгөн. Жеке адамдардын депозиттеринин өсүшү 7,5 млрд. сомду же 36,3 пайызды түзгөн. Депозиттик базаны (долларлаштыруу деңгээли) жыл ичинде 3,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 49,5 пайыз чегинде аныкталган.

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн депозиттерин жана кредиттерин, ошондой эле банктардын, резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.


*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы[1] отчеттук жыл ичинде 17,4 пайызга өсүп, 18,7 млрд. сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капитал[2] 6,0 пайызга, 10,4 млрд. сомго чейин көбөйгөн.

Сектордун капиталынын шайкештик деңгээли банктардын активдүү операцияларын кеңейтүүгө кошумча мүмкүнчүлүктөрдүн бар экендигин чагылдырат.

***1.4.5-график***

Капиталдын базасында көрсөткүчтөр динамикасы




Банк секторунун 2013-жыл жыйынтыгы боюнча таза пайдасы 2012-жылдагыга салыштырганда 0,3 млрд. сомго же 11,6 пайызга көбөйүү менен 2,7 млрд. сомду түзгөн.

***1.4.4-таблица***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн.сом)*

| Категориясы | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 8 254,6 | 9 902,3 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 2 798,3 | 3 400,6 |
| Таза пайыздык киреше | 5 456,3 | 6 501,6 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 14,8 | 166,7 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 5 441,6 | 6 334,9 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 4 876,9 | 4 852,7 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 1 268,3 | 1 312,9 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 6 137,1 | 6 877,3 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 2 913,0 | 2 997,4 |
| РППУга чегерүүлөр (пайыздык активдер боюнча) | 182,8 | -2,9 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 2 730,2 | 3 000,3 |
| Пайдага салык | 312,4 | 302,0 |
| Таза пайда (чыгым) | 2 417,8 | 2 698,3 |

[1] Банктын регулятивдик суммардык капиталында уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы, чыгымдары, отчеттук жылда алынган пайда (чыгым) жана классификацияланбаган активдерге банкта түзүлгөн жалпы камдар камтылат.

[2] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялар кошулган.

МАЗМУНУ

Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2013-жыл ичинде 3,0 пайыздан 2,7 пайызга чейин төмөндөгөн, капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) да 1,3 пайыздык пунктка азайып, 17,1 пайыз өлчөмүндө калыптанган.

Кредит портфелинин сапатынын алгылыктуу чекте өзгөрүүсү орун алып турган шартта, РППУга жыл ичинде чегерүүлөрдүн көлөмү 166,7 млн. сомду түзгөн. Ошентип, кредиттер боюнча РППУга чегерүүлөрдүн банк секторунун таза пайыздык кирешесине карата катышы 2,6 пайыз чегинде катталган.

## 1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелер сектору

*БФКМ түзүмү*

2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктан лицензия алууга жана иши ал тарабынан жөнгө салынууга тийиш болгон банктык эмес финансы-кредит мекемелер (БФКМ) системасы адистештирилген финансы-кредит мекемеси – “Кредиттик союздардын финансылык компаниясы” (КСФК) ААКсын, 153 кредиттик союзду (КС) 277 микрокаржылоо уюмдарын (МКУ, анын ичинде 4 микрокаржылоо компаниясын, 208 микрокредиттик компанияны (МКК), 65 микрокредиттик агенттикти (МКА)) жана 334 алмашуу бюросун камтып турган. 2013-жылы иш багыты белгиленген талаптарга ылайык келбеген МКУлардын күбөлүгү жокко чыгарылгандыгына жана кайтарылып алынгандыгына байланыштуу БФКМдердин жалпы саны кыскарган.

***<u>1.5.1-таблица</u>***

БФКМдердин жана алмашуу бюролорунун санынын динамикасы

| Аталышы | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| “КСФК” ААКсы | 1 | 1 |
| Микрокаржылоо уюмдары (микрокаржылоо компаниялары, МКК жана МКА) | 320 | 277 |
| Кредиттик союздар | 183 | 153 |
| Алмашуу бюролору | 306 | 334 |
| **Бардыгы болуп БФКМ** | **810** | **765** |

Отчеттук жылда Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролоруна 47 лицензия, ошондой эле МКК/МКАнын каттоодон өткөндүгүн тастыктаган сегиз күбөлүк берилген.


Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгы үчүн микрокаржылоо компаниясына берилген бир лицензия, МККларга берилген 16 күбөлүк, МКАга берилген үч күбөлүк жана кредиттик союздарга берилген тогуз лицензия кайтарылып алынган. Мындан тышкары, ишин токтоткондугуна байланыштуу кредиттик союздардын 17 лицензиясы, МККлардын 24 күбөлүгү, МКАлардын 10 күбөлүгү жокко чыгарылган.

Сунушталган регулятивдик отчетторго ылайык, БФКМдердин чогуу алгандагы активдери[1] отчеттук жылы ичинде 14,9 пайызга көбөйүп, жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча 23,5 млрд. сом чегинде катталган. БФКМдердин кредит портфелинин өлчөмү 2012-жылдагыга салыштырганда 24,0 пайызга көбөйүп, 19,1 млрд. сомду түзгөн. Мында кредит портфелинин кайтарымдуулугу 97,2 пайыздык чекке жеткен.

[1] БФКМ сектору боюнча маалыматтар “КСФК” ААКсынын кредит портфелин эске алуусуз чагылдырылган, анткени кредиттер кредиттик союздарга берилген, алар андан ары кредиттөөнү ишке ашырган.

***1.5.1-график***

БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*БФКМдердин областтар жана Бишкек шаары боюнча кредит портфели*

Отчеттук жыл ичинде БФКМдердин кредит портфелинин олуттуу көлөмү Бишкек шаары, Ош областы, Ош шаары жана Жалал-Абад областы боюнча жайгаштырылган.

***1.5.2-таблица***

БФКМдердин региондор боюнча кредит портфелинин өзгөрүшү (бир мезгилдин акырына карата)


| | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| Бишкек шаары | 2 925,1 | 3 806,6 |
| Баткен областы | 1 460,2 | 1 795,9 |
| Жалал-Абад областы | 2 230,8 | 2 982,7 |
| Ысык-Көл областы | 1 544,6 | 1 762,2 |
| Нарын областы | 1 076,8 | 1 308,7 |
| Ош областы жана Ош шаары | 2 245,1 | 3 316,7 |
| Талас областы | 1 064,6 | 1 318,0 |
| Чүй областы | 2 714,0 | 2 649,0 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 144,3 | 167,1 |
| **Бардыгы болуп** | **15 405,5** | **19 106,9** |

Микрокредиттөө БФКМдердин негизги иш багытынан болуп саналат. Отчеттук жылы карыз алуучулар саны 1,7 пайызга көбөйгөндүгү байкалган. Карыз алуучулардын жалпы саны 440 миң адамдан ашкан.

***1.5.2-график***

БФКМдердин кредит портфелинин экономика секторлору боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздарда)*




***1.5.3-таблица***

БФКМдердин кредит портфелинин экономика секторлору боюнча өзгөрүшү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн.сом)*

| Сектор | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---:|---:|
| Өнөр жайы | 187,1 | 188,4 |
| Айыл чарбасы | 6 833,1 | 7 983,2 |
| Транспорт жана байланыш | 113,2 | 192,2 |
| Соода жана кызмат көрсөтүүлөр | 3 898,8 | 5 365,2 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 32,2 | 17,3 |
| Курулуш жана кыймылсыз мүлктү сатып алуу (ипотека) | 378,3 | 626,9 |
| Жеке адамдарга кредиттер | 1 340,9 | 1 534,1 |
| Жана башка | 2 621,9 | 3 199,6 |
| **Бардыгы болуп** | **15 405,5** | **19 106,9** |

*БФКМдер түрү боюнча кредит портфели*


БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинде микрокаржылоо уюмдарынын үлүшү 91,6 пайыздан (14,1 млрд. сомдон) 92,4 пайызга (17,6 млрд. сомго) чейин өскөн болсо, кредиттик союздардын үлүшү 8,4 пайыздан (1,3 млрд. сомдон) 7,6 пайызга (1,5 млрд. сомго) чейин төмөндөгөн.

2013-жылда БФКМдер алууга жетишкен чогуу алгандагы таза пайда 931,6 млн. сомду түзүп, 2012-жыл жыйынтыгына салыштырганда 261,8 млн. сомго же 39,1 пайызга көбөйгөн.

МАЗМУНУ

***1.5.3-график***

БФКМдердин таза кирешелеринин жана ROA менен ROE көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




БФКМдердин кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган чен жыл ичинде төмөндөгөн.

***1.5.4-таблица***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер
*(пайыздар)*

| | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| Микрокаржылоо уюмдары | 34,9 | 31,0 |
| Кредиттик союздар | 29,1 | 27,3 |

МАЗМУНУ

*“КСФК” ААКсы*

“КСФК” ААКсынын иши, кредиттик союздарды кредиттөөнүн алкагында айыл жеринде өздөштүрүлүп жаткан каржылоо системасын колдоо үчүн кредиттерди берүүгө багытталган. Отчеттук мезгилдин акырына карата “КСФК” ААКсынын кредит портфели 394,1 млн. сомду түзгөн, бул Азия өнүгүү банкынын субсидиардык насыясы боюнча милдеттенмелерди төлөөгө байланыштуу келип чыккан 2012-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 3,7 пайызга аз.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 8,3 пайызга көбөйүү менен жыл акырына карата 1,5 млрд. сомду түзгөн. Кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү – 43,3 пайызы айыл чарбасына, 37,0 пайызы соода жүргүзүүгө туура келген (2012-жылы тиешелүүлүгүнө жараша 46,2 жана 35,9 пайыз).

Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны кароого алынып жаткан жыл ичинде 7,3 пайызга кыскарып, үчтүн айынын отуз бирине карата 15 миң адамдан көбүрөөктү түзгөн. Карыз алуучулар санынын кыскарышы кредиттик союздардын санынын азаюусуна түздөн-түз байланыштуу болгон.

2013-жылдын акырына карата абал боюнча 12 кредиттик союз депозиттик лицензияга ээ болгон. Кредиттик союздардын катышуучуларынан тартылган депозиттердин көлөмү 57,5 пайызга көбөйүп, 80,8 млн. сомду, ал эми башка ФКМдер алдындагы милдеттенмелер 8,1 пайызга көбөйүп, 691,7 млн. сомду түзгөн.

*Микрокаржылоо уюмдары*

Микрокаржылоо уюмдарынын чогуу алгандагы кредит портфели 25,5 пайызга көбөйүп, отчеттук жылдын акырына карата 17,6 млрд. сом чегине жеткен. Бул уюмдардын чогуу алгандагы кредит портфели орто жана кыска мөөнөттүү кредиттерден, б.а. 3 жылга чейинки мөөнөткө берилген кредиттерден турат.

Айыл чарбасы кредиттөөгө алынган негизги тармак болуп саналат, анын үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 41,7 пайызы (2012-жылдын акырына карата 44,2 пайыз) туура келсе, соода жүргүзүүгө 20,4 пайызы (2012-жылдын акырына карата 24,3 пайызы) туура келген. Эл аралык финансылык институттардан тартылган каражаттар, ошондой эле бул уюмдардын капиталы микрокаржылоо уюмдарынын кредиттөө булагынан болуп саналат. Каржылоо уюмдарынын карыз алуучуларынын саны 420 миң адамдан көбүрөөктү түзгөн.


## 1.6. Финансы рыноктору

### 1.6.1. Валюта рыногу

2013-жылы ички валюта рыногундагы жагдай кыйла туруктуу чекте сакталып турган, ушунун өзү Улуттук банктын рынокко катышуусун кыскартууга өбөлгө түзгөн. Жыл жыйынтыгы боюнча АКШ долларынын эсептик курсу 3,9 пайызга, 47,4012ден 49,2470 сом/АКШ долларына чейин жогорулаган.

***1.6.1.1-график***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




*Алмашуу курсунун динамикасы*

Отчеттук жыл ичинде алмашуу курсунун динамикасы ар багытта калыптанган. Алсак, жылдын биринчи жарымында ички рынокто орун алган суроо-талаптын таасири астында америка валютасынын наркы 2,6 пайызга өскөн. Ушул убакыт ичинде курстун эң эле байкаларлык четтөөсү кардарлардын күйүүчү-майлоочу майларды (КММ) жана керектөө товарларын берүүлөр боюнча импорттук контракттарды тейлөөгө, ошондой эле микрокредиттик компаниялардын чет өлкөдөн алган кредиттерди жабуусуна байланыштуу банк операцияларынын көлөмү менен шартталып, ал бирдин айында, чын куран жана теке айларында катталган.

Үчүнчү чейректе, отчеттук жылдын чын куран айынан тартып байкалган улуттук валютанын алсызданышынан кийин АКШ долларынын алмашуу курсунун өсүш динамикасынын багыты алмашкандыгы байкалган. Жылдын жетинин айынын акырына карата валюта курсу акыркы беш ай ичиндеги минималдуу чекке чейин, 1 АКШ доллары үчүн 48,5027 сомго төмөндөгөн. Алмашуу курсунун өзгөрүүсү өлкөгө акча которуу системалары аркылуу келип түшкөн валюта көлөмүнүн көбөйүүсүнөн, ошондой эле туристтик агымдын сезондук кеңейишинин эсебинен жүргөн.

2013-жылдын акыркы айларында керектөө жигеринин сезондук жогорулоосу АКШ долларына суроо-талапты колдоого алган кошумча фактордон болгон. Натыйжада, үчтүн айынын акырына карата абал боюнча курс 49,2470 сом/АКШ долларына жеткен.

*Улуттук банктын валюталык интервенциялары*

Бугу айынын экинчи жарымында рыноктун валютага болгон керектөөсүнүн ордун бир жолку жабуудан көрүнгөн Улуттук банктын валюталык интервенцияларынын көлөмү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, бүтүндөй отчеттук жыл ичинде 69,3 пайызга төмөндөө менен 14,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

***1.6.1.1-таблица***

Валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатуу/сатып алуу операциялары
*(млн.сом)*

| | 2012-жыл | 2013-жыл | Өсүш арымы, *пайыздарда* |
|---|---|---|---|
| **Жалпы көлөмү** | **284 076,9** | **384 865,7** | **35,5** |
| анын ичинде: | | | |
| *Валюта тооруктарында нак эмес валюталар менен жүргүзүлгөн спот-операциялар* | 49 644,9 | 60 080,6 | 21,0 |
| Улуттук банк менен жүргүзүлгөн операциялар | 2 261,7 | 713,0 | -68,5 |
| Банктар аралык операциялар | 47 383,2 | 59 367,7 | 25,3 |
| *Валюта тооруктарынан тышкары нак эмес валюталар менен жүргүзүлгөн спот-операциялар* | 2 518,9 | 1 986,1 | -21,2 |
| *Нак валюталар менен жүргүзүлгөн спот-операциялар* | 229 898,8 | 318 714,2 | 38,6 |
| Улуттук банк менен жүргүзүлгөн операциялар | - | - | - |
| Банктар аралык операциялар | 188 889,9 | 272 285,4 | 44,2 |
| Алмашуу бюролору | 41 008,9 | 46 428,8 | 13,2 |
| *Своп-операциялар* | 2 014,2 | 4 084,8 | 102,8 |
| Улуттук банк менен жүргүзүлгөн операциялар | 0,0 | 0,0 | - |
| Банктар аралык операциялар | 2 014,2 | 4 084,8 | 102,8 |

*“-” – операциялар ишке ашырылган эмес.*

*Валюта рыногунун валюталар түрү боюнча түзүмү*

Ички валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялар көлөмү 34,6 пайызга өсүп, 379,8 млрд. сом эквивалентин түзгөн. Атап айтканда, жыл жыйынтыгы боюнча АКШ долларында ишке ашырылган операциялар көлөмү орус рубли менен келишилген бүтүмдөрдүн сандык көрсөткүчүнүн кыйла арымдуу өсүшүнүн натыйжасында, операциялардын жалпы көлөмүндө алардын үлүшүнүн бир эле учурда 59,5 пайызга чейин (-0,1 пайыздык пунктка) төмөндөшү шартында, 34,4 пайызга көбөйгөн. Евро менен операциялар, алардын салыштырма салмагы 0,4 пайыздык пунктка, 3,2 пайызга чейин азайышы шартында 20,5 пайызга көбөйгөн. Орус рубли менен операциялардын үлүшү, мындай бүтүмдөрдүн көлөмүнүн 42,7 пайызга көбөйүүсүнөн улам, 27,3 пайыздан 28,9 пайызга чейинки өсүшкө ээ болгон. Башка валюталар менен операциялар көлөмү[1] 10,8 пайызга көбөйгөн, ал эми алардын салыштырма салмагы 0,03 пайызга чейин (-0,01 пайыздык пунктка) азайган.

Валюта рыногунун нак эмес сегментинде банктар аралык валюта тоорукта-

[1] Англия фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лири, өзбек суму, канада доллары, кытай юаны жана япон йенасы.



МАЗМУНУ

*Валюта рыногунун нак эмес жана нак сегменттери*

рында келишилген бүтүмдөрдүн басымдуу бөлүгү[1] АКШ долларында ишке ашырылган. Отчеттук жылы нак эмес валюталык операциялар көлөмү 62,0 млрд. сом эквивалентин түзүп, 2012-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, коммерциялык банктар ортосунда АКШ долларын сатып алуу-сатуу операцияларынын өсүш эсебинен 17,9 пайызга көбөйгөн.

Ушуну менен катар эле, валюта рыногундагы операциялардын негизги үлүшү нак сегментте ишке ашырылган, ага келишилген бүтүмдөрдүн жалпы суммасынын 83,7 пайызы туура келген. Нак чет өлкө валюталарын сатып алуу-сатуунун олуттуу көлөмү (71,5 пайызы) коммерциялык банктарда ишке ашырылган. Мында, алмашуу бюролорунда жүргүзүлгөн нак операциялардын үлүшү жыл ичинде 2,2 пайыздык пунктка, 12,2 пайызга чейин азайган.

*Своп–операциялар*

Коммерциялык банктар тарабынан ички рынокто сыяктуу эле, банк-резидент эместер менен ишке ашырылган своп-операцияларынын жалпы көлөмү, 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2 эсеге көбөйүү менен 4,1 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк коммерциялык банктар менен своп-операцияларын жүргүзгөн эмес.

*Алмашуу бюролорундагы валюта курстарынын динамикасы*

2013-жыл жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунда АКШ долларын сатуунун орточо алынган курсу 4,2 пайызга жогорулап, үчтүн айынын акырына карата 49,3730 сом/АКШ долларын түзгөн. Жыл ичинде алмашуу бюролорунда еврону сатуунун орточо алынган курсу да 9,0 пайызга өсүп, 67,5097 сом/еврону, казак теңгеси 1,7 пайызга, 0,3170 сом/теңгеге чейин өскөн. Орус рублинин курсу тескерисинче, 2,7 пайызга, 1,4906 сом/рублге чейин төмөндөгөн.

### 1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу

2013-жылы кредиттердин бардык түрү боюнча чендердин орточо жылдык деңгээли төмөндөгөн шартта, банктар аралык карыз алуу рыногунун сом түрүндөгү сегментинде өсүш тенденциясы сакталып калган. Мында 2012-жылдагыдай эле, ички рыноктогу олуттуу жигердүүлүк отчеттук жылдын экинчи жана төртүнчү чейректеринде байкалган, муну банк тутумундагы үстөк камдарды бөлүштүрүүнүн бирдей эместиги менен түшүндүрүүгө болот.

*Улуттук валютадагы операциялар*


Жыл жыйынтыгы боюнча банктар аралык кредит рыногунда сом менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү, 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 52,5 пайызга көбөйүү менен 18,6 млрд. сомду түзгөн (2012-жылы улуттук валютада ишке ашырылган банктар аралык кредиттик операциялардын көлөмүнүн өсүшү 21,2 пайыз чегинде катталган). Рыноктун бардык сегменттеринде келишилген бүтүмдөрдүн сандык көрсөткүчү өскөндүгүнө карабастан, сом менен ишке ашырылган операциялардын негизги бөлүгү “овернайт” кредиттерине жана репо бүтүмдөрүнө туура келген. Жыл жыйынтыгы боюнча, стандарттык кредиттик шарттарда банктар аралык бүтүмдөр көлөмүнүн эквиваленттүү көбөйүүсүнүн эсебинен, репо-операцияларынын үлүшү 2,0 пайыздык пунктка, 46,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Улуттук валютада кыска мөөнөттүк ликвиддүүлүктү колдоо үчүн карыздык каражаттарга рыноктук суроо-талаптын өсүшүнө байланыштуу “овернайт” кредиттеринин салыштырма салмагы 43,5 пайызга (+3,3 пайыздык пунктка) көбөйгөн.

[1] Тооруктар Улуттук банкта автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу ишке ашырылган.

***1.6.2.1-график***

Ички банктар аралык кредит рыногунда бүтүмдөр көлөмү

*(млн. сом)*




Банктар аралык карыз алуулар рыногунда орун алып жаткан өзгөрүүлөргө карабастан, аяк оона айынан тартып банктар аралык рынокто сом түрүндөгү ресурстардын наркынын төмөндөө тенденциясы байкалып, ал отчеттук жылдын акырына чейин сакталып калган. Бүтүндөй отчеттук жылы улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча орточо чен 7,2 пайызга чейин (-0,5 пайыздык пункт), ал эми репо операциялары 3,8 пайызга (-3,9 пайыздык пункт) чейин төмөндөгөн. Эсептик чендин өзгөрүү динамикасын улай эле, “овернайт” кредитинин орточо айлык наркы жыл ичинде 3,2 пайыздан 5,0 пайызга чейин жогорулаган, бул өз кезегинде, отчеттук жылдын 4-чейрегинде кредиттин ушул түрүнө суроо-талаптын бир аз төмөндөшүнө алып келген.

Репо-операцияларынын орточо мөөнөтү үч күндөн төрт күнгө чейин, ал эми улуттук валютадагы кредиттердин мөөнөтү 27 күндөн 199 күнгө чейин узартылган.

***1.6.2.1-таблица***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы орточо салмактанып алынган пайыздык чен

*(пайыздар)*

| | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | 7,7 | 7,2 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | 1,6 | - |
| Репо операциялары боюнча чен | 7,7 | 3,8 |
| “Овернайт” кредити боюнча чен | 8,5 | 4,1 |

## 1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу

### 1.6.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

Отчеттук жылы мамлекеттик баалуу кагаздар рыногундагы иш баалуу кагаздардын төмөнкү түрлөрү менен ишке ашырылган:

– мамлекеттик казына векселдери (МКВ);
– мамлекеттик казына облигациялары (МКО);
– Улуттук банктын ноталары;


– казына милдеттенмелери (КМ);
– которулма векселдер;
– муниципалдык облигациялар.


*Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар*

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 18,7 млрд. сомду түзүп, жыл ичинде 31,4 пайызга көбөйгөн. МКВ, МКО жана ноталарды жайгаштыруу көрсөткүчтөрүнүн жогорулашы мындай өсүштүн негизги өбөлгөсүнөн болгон.

***1.6.3.1.1-график***

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмү








### 1.6.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери

Мамлекеттик казына векселдери Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо максатында үч, алты жана 12 ай мөөнөтүнө чыгарылат. МКВларды баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор аларды жайгаштыруу жана эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча башкы агент болуп саналган Улуттук банк тарабынан жума сайын ишке ашырылып турат.

***1.6.3.1.1.1-график***

МКВларга талап жана аларды жайгаштыруу




Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн ашыкча деңгээлде орун алышы да карыздык мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда, анын ичинде мамлекеттик казына векселдери сегментинде жигердүүлүктүн жандануусуна түрткү берген. Мында, жарыяланган эмиссиянын жалпы жылдык көлөмү 2012-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда бир аз көбөйгөн.

2013-жылы эмитент тарабынан жарыяланган бардык аукциондор өткөрүлгөн катары таанылган. Калыптанган рынок конъюнктурасы, МКВ кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээлинин 2011-жылдын орто ченинен тартып төмөндөө тенденциясынын сакталып калышына түрткү берип, ал жыл жыйынтыгы боюнча 8,5 пайызды түзгөн (2012-жылы 9,9 пайыз). Мында, жүгүртүүдөгү ушул баалуу кагаздардын жалпы көлөмүндө эң чоң үлүштү ээлеген жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ боюнча орточо айлык кирешелүүлүк 1,3 пайыздык пунктка, 9,5 пайызга чейин азайган.

***<u>1.6.3.1.1.2-график</u>***

МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк




*МКВ эмиссиясынын көлөмү*

Мамлекеттик казына векселдеринин эмиссиясынын жалпы көлөмү 2012-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 20,7 пайызга көбөйүп, 5,7 млрд. сомду түзгөн. Баалуу кагаздарга ээлик кылып туруучулардын жалпы портфелинде төлөө мөөнөтү кыйла узак баалуу кагаздардын түрүнүн азайышына алып келген, жүгүртүү мөөнөтү алты ай болгон векселдердин өсүш динамикага ээ болушунун натыйжасында МКВ портфелинин дюрациясы бирдин айынын баш жагындагы 167 күндөн үчтүн айынын акырындагы 156 күнгө чейин кыскарган.

***<u>1.6.3.1.1.1-таблица</u>***

Эмиссия көлөмү жана МКВнын орточо жылдык кирешелүүлүгү

| | 2012-жыл | | | 2013-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү, *млн. сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* | Сатуу көлөмү, *млн. сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **4 762,7** | **100,0** | **9,9** | **5 746,3** | **100,0** | **8,5** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Үч айлык МКВлар | 225,9 | 4,7 | 6,1 | 208,5 | 3,6 | 4,9 |
| Алты айлык МКВлар | 1 226,0 | 25,7 | 8,5 | 1 566,6 | 27,3 | 6,5 |
| 12 айлык МКВлар | 3 310,8 | 69,5 | 10,8 | 3 971,2 | 69,1 | 9,5 |

*МКВ рыногунун түзүмү*

МКВга ээлик кылып турууучулар түзүмүндө коммерциялык банктар жүгүртүүдөгү МКВнын жалпы көлөмүнүн 75,9 пайыздык үлүшкө ээ болуу менен басымдуу абалды ээлеген, бул 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 7,2 пайыздык пунктка төмөн. 2013-жылдын акырына карата абал боюнча банктардын портфелиндеги векселдердин номиналдык түрдөгү көлөмү 3,5 млрд. сом өлчөмүндө катталган.

Коммерциялык банктардын жалпы активдериндеги МКВлардын салыштырма салмагы 4,2 пайызды түзгөн, бул мурдагыдай эле финансы инструменти катары ушул баалуу кагаздардын инвестициялык өтүмдүүлүгү азырынча салыштырмалуу төмөн экендигин далилдейт.

МВКга ээлик кылган банктардын саны 19га чейин көбөйгөн, ал эми банк портфелинде ушул баалуу кагаздардын концентрациялануу индекси 0,15тен 0,13кө чейин төмөндөгөн, бул рынокту бирдей үлүштөгү сегиз банк ортосунда бөлүштүрүүгө барабар. Банктардын үлүшүнүн азайышы менен бирге эле, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагынын 15,6 пайыздан 12,2 пайызга чейин төмөндөшү, юридикалык жактар-резиденттердин активдүүлүгүнүн жогорулоосунан улам келип чыккан. Натыйжада, алардын үлүшү 8,6 пайыздык пунктка, 9,8 пайызга чейин көбөйгөн. Жыл жыйынтыгы боюнча кароого алынып жаткан мезгилдин баш жагында жүздөн үч үлүштү ээлеген жеке адамдар-резидент эместер МКВга ээлик кылып турууучулар тизмесинен чыккан. Жеке адамдар-резиденттердин үлүшү 0,1 пайыздык пунктка, 0,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

*МКВнын экинчилик рыногундагы операциялар*

Коммерциялык банктар экинчилик рыногунда репо шарттарында бүтүмдөргө келишүүдө МКВны жигердүү пайдаланышкан. Отчеттук жылы ушул операциялардын көлөмү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 3,7 пайызга, 5,6 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Ошол эле учурда, экинчилик рыногунда төлөөгө чейин кармалып турууучу МКВларды сатып алуу-сатуу боюнча банктар аралык операциялар көлөмү (“аутрайт” шарттарында) 55,9 пайызга чейин азайып, 48,1 млн. сомду түзгөн. Ушул бүтүмдөрдө төлөөгө чейинки МКВлардын орточо алынган мөөнөтү 247 күндү, ал эми орточо салмактанып алынган чени 8,5 пайызды түзгөн.



### 1.6.3.1.2. Мамлекеттик казына облигациялары

*МКО рыногундагы суроо-талап жана сунуш*

Мамлекеттик казына облигациялары Финансы министрлиги тарабынан 2009-жылдын жетинин айынан бери жайгаштырылып келүүдө. Баалуу кагаздардын бул түрү алар менен иш чөйрөсүн кеңейтүү жана бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо мөөнөтүн көбөйтүү максатында жүгүртүүгө чыгарылган. МКОлордун жүгүртүү мөөнөтү эки жылды түзөт.

Отчеттук мезгил ичинде баалуу кагаздардын ушул түрүн жайгаштыруу боюнча 13 аукцион өткөрүлгөн; мындан тышкары аларды биринчилик рынокто үч жолу кошумча жайгаштыруулар ишке ашырылган.


МКОну сунуштоонун жалпы деңгээли эмитент тарабынан 2012-жылдагыга салыштырганда 29,2 пайызга төмөндөтүлгөн болсо да, айкын тартылган каражаттардын кошумча жайгаштырылган көлөмүнүн эсебинен алар жылдык мааниде эсептегенде, 10,1 пайызга анчалык байкалбаган чекте азайтылган. Ошентип, отчеттук жылы МКОну сатуу көрсөткүчү 2,4 млрд. сомду түзгөн, бул жыйынтыгында келип, жүгүртүүдөгү мына ушул кагаздардын көлөмүнүн 21 пайызга, 5,7 млрд. сомго чейин өсүшүнө алып келген.

Баалуу кагаздын олуттуу бөлүгүнүн – бүтүндөй жайгаштыруу көлөмүнүн 90,9 пайызын камсыз кылган суммада сатылышы рыноктун төрт катышуучуларынын эсебинен жүргөн, бул МКО рыногунда жогорку концентрациялануу деңгээли сакталып тургандыгын көрсөтөт. Көпчүлүк банктардын суроо-талабынын төмөндүгү мурдагыдай эле, колдо болгон ресурстук базанын кыска мөөнөттүк мүнөзү менен шартталган.

Отчеттук мезгил ичинде МКОнун орточо айлык кирешелүүлүгү, 2012-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 0,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 14,8 пайызды түзгөн.

***1.6.3.1.2.1-график***

МКОлорго талап жана аларды жайгаштыруу





### 1.6.3.1.3. Улуттук банктын ноталары

2013-жылы рынокто мурдагыдай эле, Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк ноталары жайгаштырылган. Улуттук банк ноталарды акча-кредит саясатынын милдеттерине жана банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлине жараша, сунуштоо көлөмүн жөнгө салуу аркылуу үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу инструменти катары колдонууну уланткан.

Бүтүндөй жыл ичинде 44,6 млрд. сом суммасында ноталар жайгаштырылган, ал эми 2012-жылы бул көрсөткүч 28,5 млрд. сом чегинде катталган эле.

***1.6.3.1.3.1-график***

Улуттук банктын ноталарына талап жана аларды жайгаштыруу




*Улуттук банктын нота рыногунда суроо-талап жана сунуш*

Улуттук банк 2013-жылы жүзөгө ашырылып жаткан акча-кредит саясатынын инфляциялык процесстерди токтотуу боюнча стратегиялык жана тактикалык максаттарына ылайык, эмиссиянын жылдык көлөмүн бир жыл мурдагыга салыштырганда 62,2 пайызга, 50,6 млрд. сомго чейин көбөйткөн. Мамлекеттик баалуу кагаздарга кызыгуунун өөрчүп жатышы шартында, акча-кредит саясатынын ишке ашырылып жаткан чаралары 7 жана 28 күндүк ноталар сегментинде сатуунун өсүшүн камсыз кылган, бул ноталардын бардык түрү боюнча жалпы жайгаштыруу көрсөткүчүн 2012-жылдагыга салыштырганда, 56,1 пайызга көбөйтүүгө түрткү берген.

Ноталар рыногунда жигердүүлүктүн артып жатышы менен катар эле, алардын кирешелүүлүгүнүн бир аз төмөндөгөндүгү белгиленген. Ноталардын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо деңгээли 2012-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 2,8 пайыздык пунктка, 3,5 пайызга чейин төмөндөгөн. Атап айтканда, жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын орточо жылдык кирешелүүлүгү 3,2 пайызды (-2,4 пайыздык пунктту), 14 күндүк ноталардыкы 3,9 пайызды (-2,3 пайыздык пунктту), ал эми 28 күндүк ноталар сегментинде орточо жылдык кирешелүүлүк 3,1 пайыздык пунктка азайып, 3,6 пайызды түзгөн.

***1.6.3.1.3.2-график***

Улуттук банктын ноталарынын түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк




Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү 2013-жылдын акырына карата 6,6 млрд. сомду түзгөн. Ноталарга ээлик кылуучулар түзүмүндө коммерциялык банктардын үлүшү 58,6 пайызга жетип, юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы 41,1 пайызды, институционалдык инвесторлордуку 0,3 пайызды түзгөн. Улуттук банктын ноталары 14 банктын активдеринде камтылган.

### 1.6.3.1.4. Башка мамлекеттик баалуу кагаздар

Отчеттук жылы мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмүндө казына милдеттенмелеринин (КМ) салыштырма салмагы мурда чыгарылган милдеттенмелер боюнча карыз бөлүгүнүн ордунун жабылышынын эсебинен 3,9 пайызга чейин (-1,7 пайыздык пункт) төмөндөгөн. Натыйжада, жүгүртүүдөгү казына милдеттенмелеринин көлөмү жыл ичинде 8,2 пайызга төмөндөп, 723,3 млн. сомду түзгөн.

Финансы министрлиги тарабынан банктардын жана башка финансы мекемелеринин аманатчылар алдындагы карызын кайра тариздөө процессинде чыгарылган жүгүртүүдөгү которулма векселдеринин көлөмү өзгөрбөстөн, 34,9 млн. сом деңгээлинде сакталып, алардын үлүшү 0,2 пайызды түзгөн.

Отчеттук мезгилдин акырына карата Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан жайгаштырылган муниципалдык баалуу кагаздардын көлөмү 110,0 млн. сом өлчөмүндө түптөлүп, мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы түзүмүндө алардын үлүшү 0,6 пайызды түзгөн.

### 1.6.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу[1]

2013-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногунда 73 юридикалык жак кесипкөй ишкердикти жүргүзгөн.

Отчеттук жыл ичинде баалуу кагаздардын 54 чыгарылышы катталып, тартылган капиталдын көлөмү 2,9 млрд. сомду түзгөн, бул 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 8,0 пайызга жогору. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногунун негизги көрсөткүчтөрү анын өнүгүү багыты азырынча төмөнкү деңгээлде экендигин тастыктоодо.

Жылдын акырына карата абал боюнча 20 эмитент кыргыз фондулук биржасынан листингден өткөн. Листингден өткөн компаниялардын көпчүлүгү кызмат көрсөтүү жана финансы чөйрөсүндө иш жүргүзөт. Фондулук рынокто баалуу кагаздар менен келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 2,3 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен 619,4 млн. сому биржадан тышкаркы рынокко туура келген. Ушуну менен бирге эле, бүтүмдөрдүн санынын өскөндүгүнө карабастан, бир жыл мурдагыга салыштырганда тоорук көлөмү 8,8 пайызга төмөндөгөн.


### 1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

*Депозиттик база*

Отчеттук жылдын акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасы[2] жыл башынан тарта 32,9 пайызга көбөйүү менен 67,3 млрд. сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 28,1 пайызга, 34,5 млрд. сомго чейин көбөйгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер көлөмү да 38,5 пайызга, 32,8 млрд. сом эквивалентине чейин арткан. АКШ долларынын курсунун өзгөрүү таасирин эске албаганда, жыл башынан бери депозиттик база 30,5 пайызга өскөн.

***1.6.4.1-график***

Депозиттик базанын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




---

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын маалыматтарына ылайык.

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү бийлик органдарынын кредиттерин кошпогондо, Өкмөттүн жана башка финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.

*Депозиттик базанын түзүмү*

Депозиттик базанын түзүмүндө юридикалык жактардын депозиттеринин үлүшү 53,9 пайыз чегинде олуттуу бойдон калган. Жыл ичинде юридикалык жактардын сом түрүндөгү аманаттары 19,9 пайыздык өсүшкө ээ болгон. Мында, ишканалардын чет өлкө валютасындагы депозиттер көлөмүнүн көрсөткүчү 47,3 пайызга көбөйгөн. Калайык калктын депозиттер үлүшү 41,1 пайыздан 42,1 пайызга чейин өскөн. Жеке адамдардын депозиттеринин валюталык түзүмүндө сом түрүндөгү аманаттардын 40,2 пайызга байкаларлык өсүшүндөй эле, чет өлкө валютасындагы аманаттар да 32,4 пайызга көбөйгөн.

Депозиттик базанын убакыт аралыгы боюнча түзүмү отчеттук жылдын баш жагындагыга караганда, олуттуу деле өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Эсептешүү эсептериндеги жана мөөнөттүү аманаттардагы каражаттар үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 40,6 пайыздан 35,7 пайызга чейин, 34,6 пайыздан 39,1 пайызга чейин өзгөргөн. Мында, банк кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттер эсебиндеги калдыктардын көлөмү үчтөн бирге жогорулаган болсо, алардын үлүшү жыл ичинде 24,8 пайыздан 25,2 пайызга чейин көбөйгөн. Мөөнөттүү аманаттар түзүмү узак мөөнөттүү аманаттар (1 жылдан жогору) үлүшүнүн 0,1 пайыздык пунктка, депозиттик базанын жалпы көлөмүнүн 9,2 пайызына чейин (же мөөнөттүү депозиттердин көлөмүнүн 23,6 пайызына чейин) бир аз көбөйүү жагына өзгөргөндүгү байкалган. Ал эми кыска мөөнөттүү аманаттарынын салыштырма салмагы 4,4 пайыздык пунктка, 29,8 пайызга чейин өскөн. Натыйжада, мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы жыл башынан тарта 13,0 айдан 11,4 айга чейин төмөндөп, ал эми бүтүндөй депозиттик база үчүн бул көрсөткүч бир жыл мурдагыдай эле, 4,5 ай деңгээлинде сакталып калган.

Жыл жыйынтыгы боюнча депозиттер рыногунун концентрациялануу индекси бир азга, 0,10 деңгээлине чейин өскөн. Бул ушул рыноктун концентрациялануу деңгээли төмөн экендигин чагылдырат.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Банктар тарабынан 2013-жылы жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмү[1] 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 22,5 пайызга көбөйүү менен 287,8 млрд. сом чегинде катталган. Улуттук валютадагы депозиттер боюнча 21,8 пайызга, 146,2 млрд. сомго чейинки өсүш байкалгандай, чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча да 23,3 пайызга, 141,5 млрд. сомго чейин жогорулоо белгиленген. Мында, депозиттердин негизги агымы жеке адамдардын улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы талап боюнча эсептерине каражаттардын түшүүсү менен камсыз кылынган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чен*


Улуттук валютадагы депозиттик базанын орточо салмактанып алынган пайыздык чени отчеттук жылдын акырында 5,6 пайызды түзүп, жыл ичинде 0,4 пайыздык пунктка жогорулаган. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин калдыктары боюнча чен 2,8 пайыз деңгээлинде сакталып калган.

Улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,3 жана 0,8 пайыз чегинде өзгөрүүсүз калган. Мында, улуттук валютадагы жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин наркы 0,3 пайыздык пунктка, 9,8 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 0,8 пайыздык пунктка, 5,8 пайызга чейин төмөндөгөн. Калктын улуттук жана чет өлкө валюталарындагы мөөнөттүү депозиттери боюнча чендер 0,6 жана 0,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен тиешелүүлүгүнө жараша 10,7 жана 6,4 пайызды түзгөн.

[1] Жаңыдан тартылган депозиттер көлөмүндө эсептешүү эсептерине келип түшкөн каражаттар эске алынган эмес.

***1.6.4.2-график***

Мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




*Кредит рыногунун негизги тенденциялары*


2013-жылы коммерциялык банктардын экономиканын реалдуу секторун кредиттөө көлөмүнүн өсүш тенденциясын сактап калган.

Рынокто орун алган сандык өзгөрүүлөр банк тутумунун кредит портфелинин, мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын жана пролонгацияланган кредиттердин үлүштүк мааниси менен аныкталган сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн туруктуулугунун сакталышы менен коштолгон. Жыл жыйынтыгына ылайык, банктардын улуттук жана чет өлкө валюталарындагы кредиттери боюнча чендер төмөндөгөн.

2013-жылдын акырына карата банктардын жана БФКМдердин кредиттеринин жалпы көлөмү 12 ай ичинде 31,6 пайызга көбөйүү менен 73,1 млрд. сомду түзгөн (2012-жылы ал 18,2 пайызга өскөн эле).

***1.6.4.3-график***

БФКМ кредиттерин эске алгандагы экономикадагы кредиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Банктардын кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 34,5 пайызга өсүп (2012-жылы өсүш 28,5 пайыз чегинде катталган эле), жыл акырына карата 54,0 млрд. сомду түзгөн. Алмашуу курсунун таасирин эске албаганда, банктардын кредит

[1] Түзүлгөн РППУну жана чегерилген дисконтту эске алуу менен.




МАЗМУНУ

портфелинин өсүшү 31,8 пайызды түзгөн. Кредит портфелинин көбөйүүсү улуттук валютадагы кредиттердин 34,9 пайызга, 25,0 млрд. сомго чейин, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттердин 34,2 пайызга, 28,9 млрд. сом эквивалентине чейин өсүшү менен камсыз кылынган (алмашуу курсунун таасирин эске албаганда, чет өлкө валютасындагы кредиттердин көлөмү жыл ичинде 29,2 пайызга өскөн). Жыйынтыгында кредит портфелин долларлаштыруу 53,7 пайыздан 53,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

***1.6.4.4-график***

Банктардын кредиттеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин убакыт аралыгы боюнча түзүмү*

Отчеттук жылы кредиттердин үлүшүнүн бир жылга чейин төмөндөшү шартында, узак мөөнөткө кредиттөөнүн көбөйүүсүнүн алгылыктуу тенденциясы сакталып калган, бул кредит портфелинин дюрациясын 27,6дан 29,6 айга чейин көбөйтүүгө алып келген.

Кредит рыногунун концентрациялануусу 0,09 деңгээлинде салыштырмалуу жогору болбогон чекте калган болсо, кредит портфелинин концентрациялануусунун 0,41 өлчөмүндөгү тармактык индекси тескерисинче, көпчүлүк банктардын кредиттерин үч тармак ортосунда – соода жүргүзүү, айыл чарбасы жана курулуш тармагында бөлүштүрүлүшүн тастыктаган.

***1.6.4.1-таблица***

Коммерциялык банктардын экономика секторлору боюнча кредиттик портфели

*(млн.сом)*

| Сектор | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| Өнөр жайы | 2 256,0 | 4 356,2 |
| Айыл чарба | 6 073,4 | 9 360,5 |
| Транспорт жана байланыш | 1 034,9 | 1 224,8 |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 16 022,2 | 19 840,1 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 91,8 | 116,5 |
| Курулуш жана ипотека | 6 068,6 | 8 660,1 |
| Керектөө кредиттери | 3 770,9 | 4 861,6 |
| Жана башка | 4 787,4 | 5 541,7 |
| **Бардыгы болуп** | **40 105,4** | **53 961,6** |

МАЗМУНУ

*Жаңыдан берилген кредиттер*

Коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 55,8 пайызга өсүп, 59,3 млрд. сомду түзгөн. Мындай көбөйүү сом түрүндөгү кредиттердин 26,7 млрд. сомду түзүп, 56,4 пайызга өсүшү сыяктуу чет өлкө валютасындагы кредиттердин 55,4 пайызга, 32,6 млрд. сом эквивалентине чейин өсүшүнүн натыйжасынан болуп саналат.

*Берилген кредиттердин тармактык түзүмү*

Жаңыдан берилген кредиттер көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн көбөйүүсү экономиканын бардык тармактары боюнча байкалган. Жыл жыйынтыгы боюнча соодага берилген кредиттердин үлүшү 47,3 пайызга чейин (2,3 пайыздык пункт), керектөө максаттарына 8,9 пайызга чейин (-2,0 пайыздык пункт), башка кредиттер 8,2 пайызга чейин (-2,1 пайыздык пункт), транспортко кредиттер 1,9 пайызга чейин (-0,2 пайыздык пункт), байланышка 0,1 пайызга чейин (-0,2 пайыздык пункт) төмөндөгөн. Ошол эле учурда, айыл чарбасына кредиттер 3,1 пайыздык пунктка, 15,4 пайызга чейин көбөйгөн. Өнөр жайына кредиттердин салыштырма салмагы 7,5 пайызды (+2,8 пайыздык пункт) түзгөн. Ипотекага, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө, курулушка, даярдоо жана кайра иштетүүгө кредиттердин үлүшүнүн суммасы 10,6 пайыз чегинде катталган.

*Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендер*


Бүтүндөй жыл ичинде улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо алынган чен 21,3 пайызды түзүп, 2012-жылдагыга салыштырганда 1,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Пайыздык чендердин төмөндөшү экономиканын реалдуу секторунун өнөр жайы, айыл чарбасы, транспорт, соода жүргүзүү, курулуш, ипотека сыяктуу багыттарында, ошондой эле кредиттөөнүн керектөө жана башка сегменттеринде катталган. Ушул мезгил ичинде чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,4 пайыздык пунктка төмөндөп, 17,7 пайызды түзгөн. Улуттук валютада берилген кредиттер боюнча эң эле төмөнкү пайыздык чен болуп өнөр жайына берилген кредиттер, ал эми чет өлкө валютасында – курулушка берилген кредиттер эсептелген.

*Кредиттер боюнча пайыздык чендер*

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын портфелин түзгөн кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен бүтүндөй жыл ичинде улуттук валютада 20,7 пайызды (-2,2 пайыздык пункт), ал эми чет өлкө валютасында 16,4 пайызды (-0,9 пайыздык пункт) түзгөн.

***<u>1.6.4.5-график</u>***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин динамикасы



# II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2013-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

2013-жылы Улуттук банк, орун алып турган инфляциялык тобокелдиктерди эске алуу менен инфляциянын монетардык түзүүчүлөрдү чектөөгө багытталган акча-кредит саясатын жүргүзгөн. Отчеттук жылы акча сунушу эң башкысы, мамлекеттик финансы секторунун эсебинен жүргөн, бул мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы деңгээли менен шартталган. Монетардык факторлордун инфляцияга таасирин токтотуу үчүн Улуттук банк отчеттук жылы арылтуу операцияларынын көлөмүн көбөйткөн. Жүзөгө ашырылып жаткан акча-кредит саясаты жана негизги азык-түлүк товарларына дүйнөлүк баанын туруктуу динамикасынын сакталышы, керектөө баасынын өсүш арымын басаңдатууга өбөлгө түзгөн. 2013-жылы инфляция деңгээли 4,0 пайыз чегинде катталган.

Акча-кредит саясатынын жаңы негизине – акча топтомдорун таргетирлөө режиминен пайыздык чендерди таргетирлөө ыргагына өтүүгө даярдык көрүүгө байланыштуу Улуттук банк, 2013-жылдын акырында эсептик чен өлчөмүн жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк нота кирешелүүлүгүнө байланыштырып аныктоо механизмин, Улуттук банк Башкармасынын директивалык чечими аркылуу анын өлчөмүн аныктоо жагына өзгөрткөн. Улуттук банк Башкармасынын чечими менен эсептик ченди аныктоо жана орто мөөнөттүк келечекте акча-кредит саясатынын операциялык режимин алмаштыруу, саясаттын трансмиссиондук механизминин пайыздык каналына таасир этүүнү күчөтүүгө мүмкүндүк берет. Мына ушул максатта алдын ала болжолдоо жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү системасын өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. Ушунун өзү экономикалык өнүгүүнүн кыска жана орто мөөнөттүк болжолдоолорун белгилөөгө, анын ичинде акча-кредит саясатынын чараларын эске алуу менен инфляцияны болжолдоого өбөлгө түзгөн.

Акча-кредит саясатынын инструменттерин өркүндөтүү максатында Улуттук банк тарабынан кредиттик аукциондордун чегинде кредиттик каражаттардан пайдалануу шарттары жеңилдетилген, бул инструмент банктардын ликвиддүүлүктү колдоо жана экономиканы кредиттөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн 2012-жылдын акырында колдонууга киргизилген.

Эл аралык камдар 8,3 пайызга өсүп, 2,2 млрд. АКШ долларын түзгөн. Эл аралык кам түзүмүндө валюта портфели, АКУ жана алтын түрүндөгү активдер камтылган. Эл аралык камдардын ликвиддүүлүгүн колдоого алуу жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча негизги принциптерди сактоо аркылуу Улуттук банк аларды өнүккөн өлкөлөрдүн, эл аралык финансылык институттардын жана жогорку кредиттик рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктарынын эң эле ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерине жайгаштырган. Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк эл аралык кам көлөмүн толуктоо максатында, ички рынокто алтын сатып алууну ишке ашырган. Эл аралык камдар эң башкысы, акча-кредит саясатынын максаттары, ошондой эле Өкмөттүн жана Улуттук банктын тышкы милдеттенмелерин тейлөө үчүн колдонулган.

## 2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо

20 жыл мурда улуттук валютаны – кыргыз сомун жүгүртүүгө чыгаруу менен Улуттук банк өз алдынча акча-кредит саясатын жүргүзүү багытын түптөгөн. Сомду жүгүртүүгө чыгаруу жана көз карандысыз акча-кредит саясатын жүргүзүү ошол учурда экономиканы турукташтыруу жана рынок системасын түптөө үчүн зарыл чаралардан болгон.

Кыргыз Республикасынын улуттук валютасын жүгүртүүгө киргизүү өз учурунда жана туура кабыл алынган чечим болгон. Бул чечимди республикада

1994-1995-жылдары жетишилген көз карандысыз акча-кредит саясатынын натыйжалары, инфляцияны олуттуу төмөндөтүү (1993-жылдагы 929,9 пайыздан 1995-жылдагы 32,1 пайызга чейин) жана экономиканын өсүшүнүн ишенимдүү пайдубалын жана бүтүндөй банк тутумуна ишенимдин жогорулоосун камсыз кылган туруктуу финансылык жагдайдын түптөлүшү далилдеп турат. Дүйнөлүк финансылык жана азык-түлүккө байланыштуу каатчылыктардын терс кесепетине карабастан, ар тараптан салмактанган акча-кредит саясатын жүргүзүү Улуттук банкка калктын инфляциялык күтүүлөрүн басаңдатууга жана инфляция боюнча белгиленген көрсөткүчтөргө жетишүүгө мүмкүндүк берген.

Улуттук банктын негизги иш багыты “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамда аныкталгандай эле, тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу болуп саналат.

Акча-кредит саясаты 2012-жылдын үчтүн айында Улуттук банк Башкармасы тарабынан жактырылган “Акча-кредит саясатынын 2013-2015-жылдарга негизги багыттарына” ылайык жүргүзүлгөн, анда акча-кредит саясатынын стратегиялык милдеттери жана көрсөткүчтөрү аныкталган. Ушул документке ылайык, инфляцияны бир сандык көрсөткүч чегинде токтотуп туруу акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгил ичинде сандык көрсөткүчү катары аныкталган.

Улуттук банк Башкармасы чейрек сайын экономикалык жагдайдын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнүн варианттарын эске алуу менен иштелип чыккан акча-кредит программасынын бир нече сценарийин кароого алып турган. Банк Башкармасы тарабынан жактырылган сценарийлерде акча-кредит саясатынын кийинки мезгилге параметрлери, ошондой эле алар боюнча чечимдер Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан жума сайын кабыл алынып турган оперативдүү мүнөздөгү иш-аракеттердин багыттары аныкталган.

Акча-кредит саясатынын аралык ориентири (көрсөткүчү) катары акча базасынын көлөмү колдонулган, ал мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы көрсөткүчүн эске алуу менен экономиканын акча сунушуна болгон керектөөсүнө жараша аныкталган. Акча-кредит саясатынын инструменттеринин жардамы менен жөнгө салынган, банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүк деңгээли саясатта операциялык ориентирден болгон.

Улуттук банк ар тараптан салмактанган акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана анын ачык-айкындуулугун камсыз кылуу максатында, көз карандысыз эксперттерди чакыруу менен чейрек сайын эксперттик форумдарды өткөрүү ишин уланткан. Эксперттик форумда талкуулардын жүрүшүндө иштелип чыккан сунуш-көрсөтмөлөр кийинчерээк акча-кредит саясатын даярдоодо эске алынган.

Мамлекеттик бюджет тартыштыгынын орун алышы мамлекеттик финансы сектору тарабынан олуттуу акча сунушун болжолдогон. Демек бул, инфляцияны монетардык түзүүчүлөргө таасир эткен. Акча-кредит жана бюджет саясаттарынын чараларын тез арада макулдашып туруу үчүн Улуттук банк менен Финансы министрлиги Ведомстволор аралык координациялык кеңештин алкагында жолугушууларды туруктуу негизде өткөрүп турган.

*Инфляция факторлору*

Керектөө баа индексинде (КБИ) мурдагыдай эле, азык-түлүк товарлары жана импорттук товарлар басымдуу үлүштү ээлейт. Ушуга байланыштуу, ички керектөө баасынын дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы жагдайларга көз карандылыгы сакталып, ал республика ичинде инфляциянын түптөлүшүнө түздөн-түз таасир эткен. 2013-жылы жогорку түшүмдүүлүктүн күтүлүшү жана ага жетишүүнүн натыйжасында дан эгинине баа динамикасынын туруктуу жана төмөндөөгө ык койгон тенденциясы бир жагынан, ал эми экинчи жактан айыл чарбасынан жакшы түшүм алынышынан улам, ички азык-түлүк рыногунун жетиштүү деңгээлде каныгышы ички рыноктогу баа өсүшүн токтотуучу фактордон болуп калган. Алсак, Казакстандан алынган белок заты (клейковинасы) 23,0-24,0


пайызды түзгөн буудайдын импорттук баасы (Луговое станциясына чейинки жеткирүү баасы) 2013-жылы ичинде 34,6 пайызга төмөндөгөн.

*Акча-кредит саясатынын чаралары*

Отчеттук жылы 2012-жылдагыдай эле, бюджеттин бирдей эмес аткарылышы орун алып, ал кошумча инфляциялык басымга алып келген. Жыйынтыгында, жылдын баш жагында жана акырында банк тутумунун үстөк камынын көбөйүүсү байкалган. Ушул шартта, инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү төмөндөтүү максатында, Улуттук банк ачык рынокто операцияларды жүргүзүү аркылуу (Улуттук банктын ноталарынын эмиссиясы жана кайтарым репо операциясы) үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу көлөмүн арттырган. Отчеттук жыл ичинде жүгүртүүдөгү ноталардын орточо күндүк көлөмү 3,2 млрд. сомго чейин өскөн (2012-жылы 2,0 млрд. сом), ал эми репо шарттарында сатылган мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмү 515,5 млн. сомду түзгөн (2012-жылы 738,5 млн. сом). Улуттук банктын арылтуу операциялары банк тутумунда үстөк камдар деңгээлинин өсүш арымын алгылыктуу чекте токтотуп турууга мүмкүндүк берип, алардын орточо күндүк көлөмү 2,3 млрд. сомду түзүп, 2012-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 9,5 пайызга көбөйгөн. Жыл ичинде камдык акча 13,4 пайызга өскөн.

***2.1.1-график***


Инфляция динамикасы, үстөк камдар, ачык рынокто ишке ашырылган Улуттук банктын операциялары




Улуттук банктын ноталар эмиссиясынын көлөмүнүн көбөйүүсү менен алардын кирешелүүлүгү да жогорулаган, натыйжада деңгээли 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгүнө байланыштырып аныкталган эсептик чен өсүшкө ык койгон.

***2.1.2-график***

Инфляция динамикасы, Улуттук банктын чендери жана банктар аралык репо операциялар (бир мезгилдин акырына карата)




*Валюта саясаты*

Валюта саясаты Кыргыз Республикасы тарабынан тандалып алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу режимине ылайык ишке ашырылган. Улуттук банктын банктар аралык валюта рыногуна катышуусу АКШ долларынын кыргыз сомуна карата алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн чектөө максатында гана ишке ашырылган. Бүтүндөй алганда, валюта рыногундагы жагдай туруктуу сакталып, Улуттук банк рынокко чектелүү санда гана катышкан.

*Акча-кредит саясатын өркүндөтүү*

Өлкөнүн борбордук банкы 2013-жылы макроэкономикалык болжолдоолор жана экономикалык саясатка талдап-иликтөөлөр системасын (Forecasting and Policy Analysis System – FPAS) колдонууга киргизүүнүн жардамы аркасында, болжолдоо-аналитикалык ишти жүргүзгөн блоктун ишин чыңдоону уланткан. Мындай системаны колдонууга киргизүү акча-кредит саясатынын илимий негиздерин олуттуу күчөтүүгө жана болжолдоо процессин, акча-кредит саясаты жагында чечимдерди кабыл алууну системага салуу үчүн каралган.




## 2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу

Отчеттук жылы Улуттук банк, банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларын эң оболу, ноталар аукциондорун өткөрүү аркылуу ишке ашырган. Коммерциялык банктарды үстөк ликвиддүүлүктөн кошумча арылтуу максатында кайтарым репо операциялары да жүргүзүлгөн. Жыл жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын операциялар түзүмүндө ноталар эмиссиясынын үлүшү 2012-жылдагы 64,8 пайыздан 77,8 пайызга чейин өскөн, мында кайтарым репо операцияларынын салыштырма салмагы 5,3 пайызга чейин төмөндөгөн (2012-жылы 17,4 пайыз).

Коммерциялык банктардын карыздык ресурстарга талабынын артышына байланыштуу, Улуттук банк кайра каржылоо операцияларынын көлөмүн көбөйткөн. Улуттук банк “овернайт” кредиттеринен тышкары, кредиттик аукциондор аркылуу коммерциялык банктарга ресурстарды сунуштаган. Бүтүндөй алганда, Улуттук банктын операцияларын жалпы көлөмүндө кайра каржылоо операцияларынын салыштырма салмагы 2012-жылдагыга салыштырганда, 3,0 пайыздык пунктка, 15,7 пайызга чейин көбөйгөн.

<u>*2.2.1-график*</u>

Улуттук банктын операцияларынын түзүмү




Отчеттук жылы 2012-жылдагыдай эле, ички валюта рыногунда салыштырмалуу балансташуу байкалган. Ушунун өзү Улуттук банктын банктар аралык валюта рыногуна катышуу деңгээлин азайтууга өбөлгө түзгөн. Банктын операциялар түзүмүндө валюталык интервенциялар үлүшү 2012-жылдагыга салыштырганда 3,9 пайыздык пунктка, 1,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Улуттук банк 2013-жылы валюта рыногунда сатуучу катары иш алып барган. Мында, нак эмес АКШ долларын таза сатуу көлөмү 14,7 млн. АКШ доллары чегинде катталган (2012-жылы 38,3 млн. АКШ доллары).

Улуттук банк ошондой эле, ички рынокто алтын сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырып, алардын жыл ичиндеги көлөмү 1 198,0 млн. сомду түзгөн.

### 2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар

Ички банктар аралык валюта рыногундагы 2013-жылы орун алган жагдайды салыштырмалуу туруктуу катары мүнөздөөгө болот. АКШ долларынын расмий курсунун минималдуу чеги менен (1 доллар үчүн 47,3868 сомдон) максималдуу маанинин (1 доллар үчүн 49,5000 сом) ортосунда өзгөрүүсү, абсолюттук мааниде 2,1 сомду түзгөн.


Отчеттук жыл ичинде ички валюта рыногунда келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 2012-жылдагыга салыштырганда, 13,2 пайызга көбөйүп, 1,1 млрд. АКШ долларын түзгөн.

Улуттук банктын ички валюта рыногуна катышуусу мурдагы жылдарга салыштырганда минималдуу чекте болгон. Валюта рыногундагы операциялардын жалпы көлөмүндө Улуттук банктын үлүшү төмөндөп, 1,3 пайызды түзгөн (2012-жылы бул маани 4,7 пайыз, ал эми 2011-жылы 44,3 пайыз чегинде катталган эле).

МАЗМУНУ

***2.2.1.1-график***

Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялары




2013-жылы Кыргыз Республикасына импорттук берүүлөр көлөмүнүн экспорттон 2,7 эсеге артышы, чет өлкө валютасынын алмашуу курсуна басымдын келип чыгышын шарттаган. Отчеттук жылы импорт көлөмү алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдагыга салыштырганда 8,7 пайызга көбөйүп, анын жалпы көлөмү 5,6 млрд. АКШ долларын түзгөн. Экспорттун жалпы көлөмү 2,0 млрд. АКШ доллары чегинде катталып, 4,8 пайызга өскөн.

Алдын ала маалыматтар боюнча отчеттук жылы акча которуулардын агымынын таза сальдосу бир жыл мурдагыга салыштырганда 7,9 пайызга өскөн. Ошондой болсо да, акча которуулардын ай ичиндеги орточо өсүш арымынын төмөндөгөндүгү байкалган.

Натыйжада АКШ долларынын расмий курсу 1 доллар үчүн 47,4012ден 49,2470 сомго чейин, 3,9 пайызга өскөн.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк АКШ долларын сатып алуу, башка чет өлкө валюталарын сатып алуу/сатуу операцияларын, ошондой эле ички валюта рыногунда своп операцияларын жүргүзгөн эмес.

## 2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялары жана эсептик чен

*Улуттук банктын ноталары менен операциялар*

Улуттук банктын ноталары – бул, жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк мамлекеттик баалуу кагаздар. Улуттук банк аларды банк тутумундагы ликвиддүүлүк жөнгө салуу максатында, аукциондук жана аукциондон тышкары жайгаштырат.


Акча-кредит саясатынын милдеттерине жараша жана банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин эске алуу менен 2013-жылы ноталарды сатуунун жалпы көлөмү 28,5 млрд. сомдон (2012-жыл) 44,6 млрд. сомго чейин көбөйтүлгөн.

Сатуунун эң чоң бөлүгүн жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар түзгөн (92,1 пайыз), ал эми 7 жана 14 күндүк ноталар, тиешелүүлүгүнө жараша 5,1 пайызды жана 2,8 пайызды түзгөн.

***2.2.2.1-график***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана Улуттук банктын эсептик ченинин 2013-жылдагы динамикасы

*млн.сом*




*Эсептик чен*

Акча-кредит саясатынын негизги инструменттеринин биринен болуп саналган эсептик чен жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын базасында түптөлгөн. Эсептик ченди аныктоо үчүн мааниси 28 күндүк ноталардын акыркы өткөрүлгөн төрт аукционунда келип чыккан орточо алынган мааниге теңештирген механизм колдонулган.

Улуттук банк эсептик чендин жардамы менен акча-кредит саясатынын башка инструменттери боюнча чендерди аныктайт. Мындан тышкары, эсептик чен ар кандай төлөмдөрдү мөөнөтүндө төлөбөгөндүгү үчүн туумдарды жана айыптык төлөмдөрдү эсептөөдө чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан колдонулат.

2013-жылы эсептик чендин орточо деңгээли 3,55 пайызды түзгөн, бул бир жыл мурдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 3,30 пайыздык пунктка төмөн. 2013-жылдын үчтүн айынын акырына карата Улуттук банктын эсептик чени 4,17 пайызды түзгөн, ал эми жыл башында ал 2,69 пайыз чегинде катталган эле.

### 2.2.3. Репо операциялары

Отчеттук жылы үстөк ликвиддүүлүк деңгээлин текшилөө, кыска жана орто мөөнөттүк ликвиддүүлүктөн арылтуу максатында Улуттук банк, репо шарттарында (кайтарым репо) мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу операцияларын ишке ашырган. Улуттук банктын портфелинде турган мамлекеттик казына векселдери (жөнгө салуучу) (МКВ(ж)) жана мамлекеттик казына облигациялары (МКО) сатуу предметинен болгон.

*Репо операцияларынын көлөмү*

Улуттук банктын 2013-жыл ичинде ишке ашырган репо операцияларынын жалпы көлөмү 2012-жылдагыга салыштырганда 2 эседен көбүрөөккө азайып, 3,2 млрд. сомду түзгөн. Кайтарым репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү 33 күндү түзгөн, ал эми ушул операциялар боюнча орточо кирешелүүлүк 2012-жылдагы 7,5 пайыздан отчеттук жылдагы 3,5 пайызга чейин төмөндөгөн.

***2.2.3.1-таблица***

Улуттук банктын репо операциялары

*(млн.сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек. | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2012-жыл, бардыгы болуп** | **1 898,5** | **2 476,8** | **1 705,6** | **1 595,5** | **7 676,3** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 1 898,5 | 2 476,8 | 1 705,6 | 1 595,5 | 7 676,3 |
| **2013-жыл, бардыгы болуп** | **1 892,4** | **749,0** | **-** | **584,4** | **3 225,8** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 1 892,4 | 749,0 | - | 584,4 | 3 225,8 |

### 2.2.4. Банктарды кайра каржылоо

Банктарды кайра каржылоо, коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоого алуу жана алардын утурумдук өзгөрүүсүн текшилөө үчүн каралган инструменттердин бири болуп саналат.

Отчеттук жылы Улуттук банк коммерциялык банктарды кайра каржылоонун төмөнкүдөй түрлөрүн колдонгон:

– “бир күндүк” кредит – бул, төлөм системасынын иш натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында операциялык күн ичинде бир нече саатка, пайызсыз негизде улуттук валютада сунушталган кредит;

– “овернайт” кредити – бул, банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында эсептик чендин 1,2 өлчөмүндө белгиленген пайыздык чен боюнча бир күнгө (суткага) улуттук валютада сунушталган кредит;

– кредиттик аукциондор – бул, экономиканы кредиттөө көлөмүн көбөйтүү максатында банктарды кредиттөө жана алардын ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында эсептик чендин 1,3 өлчөмүндө белгиленген минималдуу пайыздык чен боюнча улуттук валютада ишке ашырылган аукциондор.

2013-жылы Улуттук банктын бир күндүк кредиттерине коммерциялык банктар тарабынан керектөө талабы түшкөн эмес. Жыл ичинде берилген “овернайт” кредиттеринин көлөмү 8,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2012-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 1,6 эсеге көп, кредит боюнча орточо жылдык чен 3,9 пайызды түзүп, жылдык орточо ченге салыштырганда, 4,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

*Кредиттик аукциондор*

Отчеттук жыл ичинде коммерциялык банктарга кредиттик аукциондордун алкагында каражаттарды берүү инструментин өркүндөтүү иши улантылган. Атап айтканда, банктардын кредиттик каражаттарды алуу шарттары жеңилдетилген. Мында, кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоо катары мамлекеттик баалуу кагаздар гана эмес, Улуттук банктагы эсепте турган нак эмес чет өлкө валютасы, ошондой эле коммерциялык банктардын кредиттери боюнча талап коюу укуктары колдонулган. Мындан тышкары, кредиттерди колдонуу мөөнөтүн узартуу мүмкүнчүлүгү караштырылып, бул финансы рыногунун катышуучуларынын ушул инструментке болгон кызыгуусун арттырган.

Жыл ичинде кредиттик аукциондордун чегинде 900,9 млн. сом суммасында кредиттик каражаттар сунушталып, анын ичинен 106,5 млн. сомун коммерциялык банктар аркылуу БФКМдер алууга жетишкен.

***2.2.4.1-таблица***

Бир күндүк кредиттер

*(млн.сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| 2012-жыл | 30,0 | 60,0 | 370,0 | 220,0 | **680,0** |
| 2013-жыл | - | - | - | - | **0,0** |

***2.2.4.2-таблица***

“Овернайт” кредиттери

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| 2012-жыл | 173,5 | 719,0 | 392,0 | 3 627,7 | **4 912,2** |
| 2013-жыл | 297,4 | 4 480,8 | 2 947,0 | 370,0 | **8 095,2** |

***2.2.4.3-таблица***

Кредиттик аукцион*

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| 2012-жыл | - | - | - | - | **0,0** |
| 2013-жыл | 95,0 | 337,0 | 298,8 | 170,1 | **900,9** |

** Көрсөтүлгөн мезгил ичинде берилген кредиттердин айкын көлөмү*

### 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдык талаптар акча-кредит саясатынын инструменттеринин бири болуп саналат жана алар акча топтомдорунун банктык кредиттин жана ликвиддүүлүккө суроо-талаптын көлөмүн жөнгө салуу үчүн каралган. Милдеттүү камдык талаптар, иштеп жаткан банктар белгиленген талаптарга ылайык Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерде милдеттүү түрдө кармап турууга тийиш болгон каражаттар суммасын түшүндүрөт. Милдеттүү камдардын өлчөмү жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын максаттарына жараша Улуттук банк Башкармасынын чечими менен белгиленет.

2013-жылы банктар үчүн милдеттүү кам өлчөмү эсептик базанын көлөмүнүн 9,0 пайыз деңгээлинде сакталып, 2011-жылдан бери өзгөртүлгөн эмес.

Жыл акырына карата милдеттүү камдардын көлөмү 5,3 млрд. сомду түзүп, жыл ичинде депозиттердин өсүшүнүн эсебинен 31,5 пайызга көбөйгөн.

***2.2.5.1-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдары*

*(млн.сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2012-жыл, бардыгы болуп** | **4 996,2** | **5 222,9** | **5 443,7** | **6 900,5** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 3 096,1 | 3 399,7 | 3 641,7 | 3 918,1 |
| үстөк камдар | 1 900,1 | 1 823,2 | 1 802,0 | 2 982,4 |
| **2013-жыл, бардыгы болуп** | **7 591,1** | **6 340,8** | **5 993,7** | **7 362,6** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 4 106,2 | 4 298,4 | 4 572,1 | 4 976,3 |
| үстөк камдар | 3 484,9 | 2 042,4 | 1 421,6 | 2 386,3 |

** бир мезгил ичиндеги орточо көрсөткүчтөр*

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банктын негизги принциптерге жараша эл аралык камдарды тескөөгө алуу жагындагы артыкчылыктуу милдеттеринин бири болуп, камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу саналат.

Эл аралык камдарды тескөө иши инвестициялык саясат, эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясаты, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык камдарынын 2013-жылга эталондук портфели жөнүндө”, “Эл аралык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер жөнүндө” жоболор менен жөнгө салынган.


Банктын инвестициялык стратегиясын, эл аралык камдар портфелинин түзүмүн, инвестициялык инструменттердин тобокелдиктеринин жана кирешелүүлүгүнүн катышын аныктоо, ошондой эле контрагенттерди тандоо жагында чечимдерди кабыл алуу, Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитет тарабынан ишке ашырылган. Инвестициялык комитет 2013-жылы эл аралык камдарды тескөө маселеси боюнча 15 отурум өткөргөн. Камдык активдерди тескөөдө келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди минималдаштыруу максатында, контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр белгиленип, инструменттер түрү, инвестициялоо өлчөмү жана мөөнөттөрү аныкталган.

*Эл аралык кам көлөмү жана түзүмү*

Отчеттук жылдын акырына карата дүң камдардын көлөмү жыл ичинде 171,8 млн. АКШ долларына же 8,3 пайызга көбөйүү менен 2,2 млрд. АКШ доллары эквивалентин түзгөн. Улуттук банктын эл аралык түзүмүнүн курамы алтын түрүндөгү активдерден, АКУ жана чет өлкө валюта портфелинен турат.

***2.3.1-график***

Улуттук банктын эл аралык дүң камдарынын динамикасы




2013-жылы эл аралык финансылык институттардан жана донор өлкөлөрдөн келип түшкөн, Өкмөттөн сатылып алынган валюталык каражаттар, ошондой эле эл аралык камдарды тескөөдөн түшкөн кирешелер жана Кыргызстандын ички рыногунда Улуттук банктын алтынды сатылып алуусу эл аралык кам көлөмүнүн өсүшүнүн негизги булагынан болгон. Мындан тышкары, эл аралык кам көлөмүнүн доллардык эквивалентинин өзгөрүүсүнө портфелдеги валюта курстарынын жана баалуу металлдарга баанын өзгөрүүсү таасир эткен.

***2.3.1-таблица***

Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*пайыздар*

| | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| Валюта портфели | 83,1 | 84,9 |
| Алтын | 7,9 | 6,2 |
| Атайын карыз алуу укугу | 9,0 | 8,8 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдар портфелинин валюта түзүмү*

Эл аралык камдардын 2013-жылдагы валюта портфелинде АКШ доллары, евро, швейцария франкы, англия фунту, австралия жана канада долларлары, япон иени, орус рубли, кытай юани, сингапур доллары, ошондой эле отчеттук жылы сатылып алынган жаңы валюталар – норвегия жана швед кроналары камтылган.

***2.3.2-таблица***

Улуттук банктын эл аралык камдарын жайгаштыруу түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*пайыздар*

| | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| Эл аралык финансы институттары | 24,4 | 19,3 |
| Борбордук банктар | 38,3 | 37,5 |
| Коммерциялык банктар | 35,8 | 41,1 |
| Улуттук банк | 1,5 | 2,0 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдар түзүмү*

Ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоо, ошондой эле эл аралык камдарды натыйжалуу тескөө ишин жогорулатуу максатында, камдык активдер менен иш портфелдик негизде ишке ашырылган.

Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялык портфелге бөлүштүрүү камдар кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоону камсыз кылган.

*Жумушчу капиталды жайгаштыруу*

Жумушчу капиталынын активдери эң эле ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылып, ички банктар аралык валюта рыногунда операцияларды ишке ашыруу жана Улуттук банк менен Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрүн өткөрүү үчүн колдонулган (тышкы карызды тейлөөнү кошо алганда).

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфелди тескөө иши эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздар, мөөнөттүү депозиттер, ошондой эле бир күндүк репо операциялар сыяктуу эң эле ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерге жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфели Австралиянын, Улуу Британиянын, Канаданын, Франциянын мамлекеттик баалуу кагаздарын, ошондой эле Эл аралык эсептешүүлөр банкынын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттерин камтыган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык институттарга, чет өлкөлөрдүн жогорку эл аралык рейтингге ээ борбордук банктарында жана коммерциялык банктарда жайгаштырылган.

Отчеттук жылы инвестициялык саясатты жүзөгө ашырууга дүйнөлүк финансы рынокторунда орун алган жагдайлар олуттуу таасир эткен. Финансылык каатчылык кесепеттеринин орун алып турушу шартында, дүйнөнүн алдыңкы борбордук банктары экономиканы колдоого алууга багытталган монетардык саясатты жүргүзүүнү улантышкан. АКШнын жана Улуу Британиянын экономикасынын калыбына келиши белгилери байкалгандыгына карабастан, өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктары чечим кабыл алууда оор сыноого кабылууда. АКШнын Федералдык резерв системасы Америка экономикасынын калыбына келишинин

баштапкы белгилерине таянуу менен мамлекеттик облигацияларды сатып алуу аркылуу монетардык саясатты сандык көз караштан жеңилдетүү программасын токтотуу чечимин кабыл алган. Европа борбордук банкы тескерисинче, экономиканы колдоого алуу, банктык нормаларды жакшыртуу чараларын көрүү менен Австралиянын резерв банкы менен катар эле, негизги пайыздык чендердин деңгээлин төмөндөткөн. Акыркы жылдар ичинде борбордук банктардын мына ушундай монетардык саясаты, пайыздык чендердин маанисинин төмөндөшүн шарттаган. Ушунун өзү, негизги өнүккөн өлкөлөрдүн өкмөттөрүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарынын кирешелүүлүк көрсөткүчүнүн төмөндөшүнө түрткү берип, эл аралык камдар кирешелүүлүгүнүн өзгөрүшүнө таасир эткен.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Акча базасы*


Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча акча базасы 8,7[1] млрд. сомго же 73,1 млрд. сомду түзүү менен 13,4 пайызга өскөн (2012-жылы 17,7 пайыз, 64,5 млрд. сомго чейин). Экономикага акча сунуштоо эң башкысы, бюджеттин консолидацияланышына байланыштуу көйгөйлөрдүн сакталып калышынан улам, мамлекеттик финансы сектору тарабынан ишке ашырылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн операцияларынын эсебинен акча базасы 10,4 млрд. сомго өскөн. Улуттук банктын арылтуу операциялары акча өсүшүн 1,8 млрд. сомго төмөндөтүүгө өбөлгө түзгөн (2012-жылы Өкмөттүн операциялары акча базасын 12,3 млрд. сомго көбөйткөн болсо, Улуттук банктын операциялары аны 2,6 млрд. сомго кыскартып, натыйжада акча базасынын 9,7 млрд. сомго өсүшү жүргөн).

*Акча топтомдору*

2013-жыл ичинде М0 акча топтому (банктардан тышкаркы акча) 7,4 млрд. сомго же 13,5 пайызга өсүп, жыл акырына карата 61,9 млрд. сомду түзгөн (2012-жылы 15,5 пайыз). М2 акча топтомунун өсүшү (М0 + улуттук валютадагы эсептешүү эсебин кошо алганда, депозиттер) 2013-жылы 13,5 млрд. сомду же 17,4 пайызды, 91,0 млрд. сомго чейинкини түзгөн (2012-жылы 24,7 пайызга), мында улуттук валютадагы депозиттер 26,7 пайызга көбөйгөн.

***2.4.1-график***

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)





[1] Тегеректөөнүн эсебинен келип чыккан. Эки ондук белгиге чейин тегеректөөдө – 8,65 млрд. сом.

M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы (М2 + чет өлкө валютасындагы эсептешүү эсебин кошо алганда, депозиттер) отчеттук жылдын үчтүн айынын акырына карата 120,9 млрд. сомду түзүп, жыл ичинде 22,4 млрд. сомго же 22,8 пайызга көбөйгөн (2012-жыл 23,8 пайызга). M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын өсүшү банк тутумунда депозиттердин[1] көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн. Жыл ичинде алардын өсүшү 34,2 пайызды же 15,0 млрд. сомду түзгөн, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер 42,4 пайызга өсүшкө ээ болгон.

***2.4.2-график***

Коммерциялык банктардын M2Xке кирген депозиттеринин жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*M2Xке таасир эткен факторлор*

Банк тутумунун нақта чет өлкө активдери эң башкысы, бюджетти колдоого 224,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө сырттан түшүүлөрдүн жана бюджетке 141,7 млн. АКШ доллары суммасында чет өлкө валютасындагы салыктык чегерүүлөрдүн эсебинен, M2X акча топтомунун көбөйүүсүнө негизги салым (15,9 пайыз) кошкон. M2X акча топтомунун өсүшүнө ички нақта активдердин салымы (6,8 пайыз) экономикага кредиттердин 36,1 пайызга көбөйүүсү менен шартталган.

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.

***2.4.1-таблица***

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасын түзүү булактары (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| | 2012-жыл | 2013-жыл | Өсүш, *млн. сом* | Өсүш арымы, *пайыздар* | М2Хке таасир этүү, *пайыздар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза чет өлкө активдери | 90 023,2 | 105 723,8 | 15 700,5 | 17,4 | 15,9 |
| Таза эл аралык камдар | 95 910,6 | 110 241,4 | 14 330,8 | 14,9 | 14,6 |
| Башка тышкы активдер | 305,0 | 1 908,6 | 1 603,7 | 525,8 | 1,6 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ | -6 192,3 | -6 426,3 | -234,0 | 3,8 | -0,2 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Таза ички активдер | 8 459,6 | 15 179,7 | 6 720,1 | 79,4 | 6,8 |
| Мамлекеттик башкаруу органдарына карата таза талаптар | -3 700,9 | -8 307,8 | -4 607,0 | 124,5 | -4,7 |
| Өкмөткө карата таза талаптар | -2 020,9 | -6 627,8 | -4 607,0 | 228,0 | -4,7 |
| Атайын фондуларга карата таза талаптар | -1 680,0 | -1 680,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду | -1 680,0 | -1 680,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Башка секторлорго карата талаптар | 42 036,5 | 57 191,1 | 15 154,6 | 36,1 | 15,4 |
| Башка статьялар | 2 438,2 | -1 377,0 | -3 815,1 | -156,5 | -3,9 |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -32 314,1 | -32 326,6 | -12,5 | 0,0 | 0,0 |
| **М2Х акча массасы** | **98 482,9** | **120 903,4** | **22 420,6** | **22,8** | **22,8** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 54 521,2 | 61 907,2 | 7 386,1 | 13,5 | 7,5 |
| Башка депозиттик корпорациялардын депозиттери | 43 961,7 | 58 996,2 | 15 034,5 | 34,2 | 15,3 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 22 939,4 | 29 055,4 | 6 116,0 | 26,7 | 6,2 |
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 21 022,3 | 29 940,8 | 8 918,5 | 42,4 | 9,1 |

*Инфляция*


Банк тутумундагы үстөк камдарды арылтуу боюнча Улуттук банк көргөн чаралар базалык инфляция деңгээлин[1] 2012-жылдын үчтүн айынын акырындагы 11,4 пайыздан 2013-жылдын акырындагы 7,4 пайызга чейин (жылдык мааниде алганда) төмөндөтүүгө мүмкүндүк берген. Ырааттуу жүргүзүлгөн акча-кредит саясаты, дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы туруктуулук, республикада айыл чарбасынан күтүлгөн жакшы түшүмдүүлүк жана эмгек акылардын алгылыктуу чекте өсүшү инфляция арымын төмөндөтүүгө таасир эткен. ФАО[2] боюнча азык-түлүк товарларына баа индексинин орточо мааниси, 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 1,6 пайызга төмөндөө менен 209,9 пунктту түзгөн. Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча инфляция мааниси 4,0 пайызды түзүп (2013-жылдын үчтүн айы 2012-жылдын үчтүн айына карата), акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө жарыяланган сандык көрсөткүчүнө ылайык келген, ал эми 2012-жылы инфляция 7,5 пайыз чегинде катталган.

[1] Бул, аны эсептөөдө айкын сезондук мүнөзгө ээ товарлар, административдик жол менен жөнгө салынган товарлар жана энергопродукциялары (азык-түлүк товарлары, электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү) эске алынбаган, монетардык инфляция деп аталган инфляция.

[2] Азык-түлүк сырьелук товарлар куржунуна карата эл аралык баалардын ай ичинде өзгөрүү көрсөткүчү. 2002-2004-жылдарда экспорттогу ар бир топтун орточо үлүштүк көрсөткүчүн эске алуу менен салмактанып алынган беш товардык топ боюнча орточо индекс маанисинин негизинде эсептелет.

***2.4.3-график***

Акча базасынын, КБИнин жана ИДӨнүн жылдык өзгөрүү арымдары (бир мезгилдин акырына карата)





*Валюта рыногу*

Негизинен, отчеттук жыл ичинде валюта рыногундагы жагдай туруктуу сакталып, банктар аралык валюта рыногунда чет өлкө валютасына карата суроо-талап жана сунуш дээрлик баланасташкан. Бугу айында гана ашкере суроо-талаптын орун алышы Улуттук банкты валюта рыногуна катышууга мажбурлаган. Ошентип, 2013-жыл ичинде АКШ долларын сатуу боюнча валюталык интервенциянын көлөмү 14,7 млн. АКШ долларын түзгөн (2012-жылы 47,9 млн. доллар). 2013-жыл ичинде АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу 3,9 пайызга өсүп, үчтүн айынын акырында 49,2470 сом/АКШ доллары чегинде катталган.

***2.4.4-график***

Сомго карата АКШ долларынын расмий курсунун, инфляциянын жана банктардан тышкаркы акчалардын жылдык өзгөрүү арымдарынын динамикасы



Алдын ала маалыматтар боюнча сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси (НЭАК) 2013-жылдын баш жагынан тартып 1,3 пайызга көбөйүү менен үчтүн айынын акырында 112,2 түзгөн. Бул сомдун түрк лирине карата 2012-жылдын үчтүн айындагы орточо курсуна салыштырганда, отчеттук жылдын үчтүн айында 11,3 пайызга, орус рублине карата 3,2 пайызга бекемделиши[1] менен шартталган. Ушуну менен катар эле, сомдун кытай юанине карата 6,1 пайызга, еврого карата 8,0 пайызга, АКШ долларына карата 3,7 пайызга, казак теңгесине карата 1,5 пайызга нарксызданышы байкалган.

*РЭАК жана НЭАК*

Соода боюнча негизги өнөктөштөн болгон өлкөлөрдө инфляция деңгээлинин кыйла жогору экендигине карабастан[2], сомдун НЭАК индексинин көбөйүүсү реалдуу эффективдүү алмашуу курсу (РЭАК) индексинин өсүшүнө түрткү берген, ал 2012-жылдын үчтүн айынан бери 0,8 пайызга көбөйүп, 2013-жылдын үчтүн айынын акырында 113,5 түзгөн.

[1] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл алынган.

[2] Кыргыз Республикасында 2013-жылы орун алган инфляция 4,0 пайызды түзгөн, ал эми соода боюнча негизги өнөктөштөн болгон өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли алдын ала эсептөөлөр боюнча 4,6 пайыз чегинде катталган.



МАЗМУНУ

# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл жана аларды жөнгө салуу, банк тутумунун туруктуулугун жана аманатчылар менен кредиторлордун таламдарын коргоону камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылган.

2013-жылы банк тутуму, 2012-жылдагыдай эле ортомчулук деңгээлин жана иш натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүккө ээ болуу менен туруктуулукту сактап, арымдуу өнүгүү багытын улантkан.

Отчеттук мезгил ичинде банктык көзөмөлдүк сапатын жана натыйжалуулугун өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. Бул иштин негизги багыты ар бир банкта орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерге баа берүүнүн сапатын жогорулатууга жана ушул баа берүүлөргө ылайык, көзөмөлдүк ресурстарын оптималдуу бөлүштүрүүнү ишке ашырууга багытталган.

## 3.1. Банктык көзөмөл

### 3.1.1. Лицензиялоо

2013-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 24 коммерциялык банк иштеп турган. Коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 10,44 млрд. сомду түзгөн, анын ичинде банк тутумунун уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 36,5 пайызды түзгөн же 3,8 млрд. сом чегинде катталган. 2013-жыл ичинде банктардын уставдык капиталынын жалпы өлчөмү 0,6 млрд. сомго же 6,0 пайызга көбөйгөн.

*Банктардын уставдык капиталы*

Банк секторуна чет өлкө инвестициялары тартылган, алсак: швейцариялык инвестор тарабынан “Кыргыздыйканбанк” ААКсын реабилитациялоо ишке ашырылган, “Залкар Банк” ААКсынын акцияларынын ири топтомун россиялык инвесторлор сатып алган.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын акцияларын сатып алууга жаңы инвесторлордун билдирмелери каралган, ошондой эле банктардын кызмат адамдарын макулдашуу жол-жоболору жүргүзүлгөн.

2013-жылы төмөнкү үч банк: “ЮниКредитБанк” ААКсы – “Оптима Банк” ААКсы, “Залкар Банк” ААКсы – “Росинбанк” ААКсы, “Акылинвестбанк” ААКсы – “Капитал Банк” ААКсы болуп өз аталыштарын өзгөрткөн.

*Филиалдар, аманат кассалары*

Отчеттук мезгил ичинде банктардын филиалдарынын жана аманат кассаларынын саны көбөйгөн, бул өлкөнүн региондорунда калктын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн жеткиликтүү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн. Республиканын региондорунда банктар отчеттук жыл ичинде 11 филиалды, 49 аманат кассасын жана 24 көчмө кассаны кошумча ачууга жетишкен.

***3.1.1.1-таблица***

Филиалдар тармагынын, аманат жана көчмө кассалар тармагынын өнүгүү динамикасы

| | Филиалдардын саны | | Аманат кассалары-нын саны | | Көчмө кассалары-нын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| Бишкек шаары | 57 | 56 | 227 | 241 | 18 | 26 |
| Баткен областы | 18 | 19 | 54 | 56 | - | 1 |
| Жалал-Абад областы | 42 | 46 | 120 | 126 | 1 | 4 |
| Ысык-Көл областы | 38 | 38 | 30 | 40 | 9 | 10 |
| Нарын областы | 19 | 20 | 13 | 13 | 1 | 1 |
| Ош областы | 50 | 53 | 131 | 142 | 8 | 14 |
| Талас областы | 15 | 15 | 12 | 12 | - | 1 |
| Чүй областы | 38 | 40 | 45 | 51 | 4 | 8 |
| **Бардыгы болуп:** | **277** | **287** | **632** | **681** | **41** | **65** |

### 3.1.2. Тышкы көзөмөл

2013-жылы коммерциялык банктардын ишине тышкы (аралыкта туруп) көзөмөлдөө иши ар бир коммерциялык банк боюнча көзөмөлдүктү жүргүзүүнүн бекитилген стратегиясына жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын ишине көзөмөлдүктүн жалпы стратегиясынын алкагында жүргүзүлгөн.

Ар бир коммерциялык банкка көзөмөлдөө стратегиясы, инспектордук текшерүүлөрдүн жана аудитордук корутундулардын жыйынтыктарын эске алуу менен сунушталган регулятивдик отчетторго мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн негизинде иштелип чыккан.

Отчеттук мезгил ичинде банктык көзөмөлдүк CAMELS рейтингдик системасынын көрсөткүчтөрүн пайдаланууга негизденип, айрыкча орун алышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди баалоого багытталган. Колдонулган көзөмөлдөө чаралары коммерциялык банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун таламдарын коргоого, ошондой эле банк секторунун туруктуулугун колдоого алууга жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын сактоого багытталган.

Коммерциялык банктардын ишинде орун алышы мүмкүн болгон проблемаларды баштапкы баскычында эле аныктоо максатында, 2013-жылы айрым көзөмөлдөө процесстерине жана ички отчеттордун формаларына карата ыкмалар кайра каралган. Алсак, активдердин сапатына, капиталдын жетиштүүлүгүнө, кирешелүүлүк факторлоруна, ликвиддүүлүктү тескөөгө баа берүү менен катар эле тобокелдиктерди идентификациялоо жана аларга баа берүү ишке ашырылып, тобокелдик деңгээлине жана иштин пруденциалдык ченемдеринин сакталышына мониторинг жүргүзүлгөн. Мында көрсөткүчтөр ортосундагы өз ара байланыштар, көрсөткүчтөрдү өзгөрткөн факторлор иликтөөгө алынып, стресс-тестирлөө жүргүзүлгөн.

Банк тутумунун кардарларынын жана алардын катышуучуларынын (акционерлердин) укук мүнөзүндө, банктык тейлөөгө алуу, кредитти администрлөө жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо маселелери боюнча кайрылуулары кароого алынган. Банктардын аманатчылары, карыз алуучулары жана күрөө коюучулары үчүн консультациялык кызматтар сунушталган.

Кыргыз Республикасынын банк секторунун экономикадагы ролун жогорула-

туу 2013-жылдагы иш жыйынтыгынан болгон: активдер 27,2 пайызга өсүп, 110,4 млрд. сомду түзгөн; кредит портфели 34,6 пайызга өсүү менен 53,8 млрд. сомду түзгөн; депозиттик база 33,6 пайызга өсүп, 71,1 млрд. сом чегинде катталган; финансылык ортомчулук көрсөткүчтөрү 1,7 пайызга көбөйүп, 31,5 пайызды түзгөн. 2013-жылы регулятивдик капитал[1] 17,4 пайызга жогорулап, 18,7 млрд. сом чегинде катталган.

*Капитал көрсөткүчү*

Суммардык капиталдын шайкештик көрсөткүчү анын ченемдик деңгээлинен олуттуу ашкан, бул финансылык кызмат көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүү үчүн банк тутуму белгилүү бир иш жигерине ээ болгондугун ырастайт.

***3.1.2.1-таблица***

Коммерциялык банктардын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2012-жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|
| “Таза” суммардык капитал, *млн.сом* | 15 885,8 | 18 657,0 |
| “Таза” тобокелдүү активдер*, *млн.сом* | 56 192,7 | 76 216,7 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициентин, *млн.сом (к 2.2)* | 28,3 | 24,5 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (describedкеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

** “Таза” тобокелдиктүү активдер кардарларга кредиттерди, лизингдерди, корпоративдик баалуу кагаздарды, чет өлкө банктарында жайгаштырылган акчалай активдерди, башка активдерди жана аларга мүнөздүү болгон кредиттик тобокелдик деңгээли боюнча бааланган баланстан тышкаркы милдеттенмелерди камтыйт.*

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдикке активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди[2] классификациялоонун негизинде баа берилет. 2013-жылдын акырына карата кайтарылбай калуу тобокелдиги[3], 2012-жылдын акырындагы анын маанисине салыштырганда төмөндөп (4,7 пайыз), 3,3 пайызды түзгөн.

2013-жылдын акырына карата мөөнөттө төлөнбөгөн кредиттердин суммасы 2,9 млрд. сомду же кредиттик жоготуулар тобокелдигин камтыган бардык активдердин 5,5 пайызын түзгөн. 2012-жылдын акырына карата бул көрсөткүч 7,2 пайыз чегинде катталган эле.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдиги, валюта курсу өзгөрүүсү шартында чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин наркынын өзгөрүүсүнөн улам, банк зыянга учурап калышы ыктымалдыгы көз карашынан кароого алынат. Бул тобокелдик чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышына, ошондой эле коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги алардын үлүшүнө жараша бааланат. 2013-жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун валюталык активдери 51,8 млрд. сомду же суммардык активдердин 46,9 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 47,4 млрд. сомду же бардык милдеттенмелердин 52,5 пайызы чегинде болгон. Чет өлкө валютасындагы 587,0 млн. сом өлчөмүндөгү жалпы камдарды, ошондой эле чет өлкө валютасындагы 2,7 млрд. сом өлчөмүндөгү милдеттенмелерге теңештирилген каражаттарды эске алганда, банк тутуму-

[1] Банк акционерлеринин капиталын, отчеттук жана мурунку жылдардагы иштин финансылык натыйжаларын, туунду уюмдарга инвестицияларды жана башка финансы-кредит мекемелеринин капиталын эске албаганда, түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч (“Таза” суммардык капитал). Ал, Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

[2] Маалыматтар “Банк сектору” 1.4-бөлүктөгү “Активдерди, баланстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо” 1.4.2-таблицасында келтирилген.

[3] Кредиттер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн атайын камдардын (финансы-кредит мекемелерине берилген кредиттерди эсепке албаганда) кредит портфелинин жалпы суммасына карата катышы катары эсептелинет.

нун 2013-жылдын акырына карата чогуу алгандагы таза ачык валюта позициясы “узун” болуп 1054,0 млн. сомду же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 3,2 пайызын түзгөн.

***3.1.2.2-таблица***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери* (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2012 | 2013 |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млн.сом* | 40 086,3 | 51 766,2 |
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *пайыздар* | 46,2 | 46,9 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *млн.сом* | 36 941,2 | 47 442,1 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *пайыздар* | 52,9 | 52,5 |

** Улуттук банктын 2012-жылдын акырына жана 2013-жылдын акырына карата эсептик курсу боюнча*

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги, милдеттенмелердин орду ар бир мөөнөт аралыгында активдер менен жабылышы көз карашынан кароого алынат, бул мөөнөттөр жана милдеттенмелер боюнча ажырым орун алган шартта каражаттарга болгон керектөөлөргө баа берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигине 2013-жылы жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр, активдердин жана милдеттенмелердин ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча терс ажырым 30 күнгө чейинки мезгил аралыгында байкалгандыгын көрсөткөн, мында 90 күндөн ашкан мөөнөттөр боюнча алгылыктуу ажырымдын орун алышы, банктар өз милдеттенмелеринин ордун жабуу үчүн каражаттардын узак мөөнөткө каралган булагына ээ экендигин далилдейт.

***3.1.2.3-таблица***

Мөөнөттөр боюнча алганда активдер жана милдеттенмелер (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| 2012-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 35 812,4 | 4 884,8 | 5 504,3 | 10 430,3 | 32 970,1 | 89 602,0 |
| Финансылык милдеттенмелер | 39 684,0 | 5 904,6 | 4 798,5 | 7 596,4 | 11 856,3 | 69 839,8 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -3 871,6 | -1 019,8 | 705,9 | 2 833,9 | 21 113,8 | 19 762,1 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -4,3% | -1,1% | 0,8% | 3,2% | 23,6% | 22,1% |

** Маалыматтар 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирин кошо камтуу менен келтирилген.*

| 2013-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 41 199,3 | 6 148,2 | 8 225,5 | 12 540,9 | 45 004,6 | 113 118,5 |
| Финансылык милдеттенмелер | 49 231,3 | 6 165,0 | 7 993,3 | 10 273,3 | 16 651,1 | 90 314,0 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -8 032,0 | -16,7 | 232,2 | 2 267,6 | 28 353,5 | 22 804,5 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -7,1% | 0,0% | 0,2% | 2,0% | 25,1% | 20,2% |

** Маалыматтар 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирин кошо камтуу менен келтирилген.*

2013-жылы Эл аралык валюта фондусу менен Дүйнөлүк банк "Финансы секторуна баа берүү программасы" (FSAP) демилгесинин алкагында, Кыргыз Республикасынын финансы системасына комплекстүү баа берүүнү ишке ашырган. Эксперттер жүргүзгөн иш жыйынтыгы боюнча Улуттук банк менен коммерциялык банктардын финансы системасын өнүктүрүүгө багытталган ишине алгылыктуу баа берилген.

Кароого алынып жаткан жылы коммерциялык банктар жана Кыргыз банктар бирлиги менен биргеликте Кыргыз Республикасынын банк секторун 2014-2017-жылдар аралыгында өнүктүрүүнүн негизги багыттары иштелип чыгып жана бекитилген. Бул документте 2013-2017-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында жана Өкмөттүн 2013-2017-жылдарда Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү программасында камтылган иш-чаралар эске алынган. Банк секторун өнүктүрүүнүн негизги багыттарында каралган реформаларды ишке ашыруу, калктын жаңы банк продукттардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга, банк кызматтарына пайыздык чендерди жана тарифтерди төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

### 3.1.3. Инспектирлөө

Коммерциялык банктардын ишине комплекстүү текшерүүлөр CAMELS рейтингдик системасынын негизинде, көзөмөлдөө циклине ылайык ишке ашырылган. Отчеттук жыл ичинде кредиттик, валюталык жана кассалык операцияларды жүргүзүүдө банк мыйзамдарынын талаптарын, активдер боюнча шайкеш камдарды түзүү боюнча талаптарды, Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдерди эсептөө тартибин жана терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптарынын айрым коммерциялык банктар тарабынан сакталышы көз карашынан максаттуу текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

2013-жыл ичинде бардыгы болуп планда каралган 17 комплекстүү текшерүү жана банк ишинин айрым аспектилери боюнча 12 максаттуу текшерүү ишке ашырылган. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча көзөмөлгө алуу жагында чаралар көрүлүп, текшерүүнүн жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди четтетүү боюнча коммерциялык банктардын жетекчилери кабыл ала турган иш-аракеттер планы иштелип чыгып, Улуттук банкка сунушталган.

Мыйзамдарга ылайык, ошондой эле Улуттук банк менен Кыргыз Республикасынын Финансылык чалгындоо боюнча мамлекеттик кызматынын ортосунда түзүлгөн эки тараптуу келишимдин алкагында терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптарынын коммерциялык банктар тарабынан аткарылышы тууралуу маалыматтар ыйгарым укуктуу органга жөнөтүлүп турган.

Жүргүзүлгөн комплекстүү текшерүүлөрдүн жыйынтыгы негизинен коммерциялык банктардын финансылык абалы канааттандырарлык экендигин тастыктайт. Айрым банктардын иш жигеринин артышына байланыштуу банк секторунун ишинде тобокелдиктер деңгээлинин бир аз жогорулаганы белгиленген. Улуттук банк тарабынан аларды четтетүү боюнча пландарды иштеп чыгууга жазма буйруктар жөнөтүлгөн айрым кемчиликтерди эске албаганда, кредиттик администрлөө иш тажрыйбасы банктар боюнча жалпы алганда канааттандырарлык. Инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларды жүргүзүү, активдерди классификациялоо жана шайкеш камдарды түзүү, кредиттик тобокелдикти тескөө, башка менчиктин түрүн эсепке алуу операцияларын жүзөгө ашырууда мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөр, айрым экономикалык ченемдерди жана коэффициенттерди эсептөөдөгү айрым бир кемчиликтер, ошондой эле мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун бөлүктөрүн туура эмес толтуруу

МАЗМУНУ

сыяктуу калпыстыктар орун алган. Ички контролдук жана банк тобокелдиктерин тескөө системаларындагы кемчиликтерге байланыштуу айрым банктарга карата көзөмөлдүк чаралары колдонулган.

Коммерциялык банктардын ишине жүргүзүлгөн комплекстүү текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча банк жетекчилери менен жолугушуулар өткөрүлүп, аныкталган кемчиликтер, аларды четтетүү боюнча иш-чаралар жана жүзөгө ашыруу мөөнөттөрү талкууланган.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

Ишке ашырылган операцияларга жеринде оперативдүү негизде максатка багытталган мониторинг жүргүзүп, контролдоонун алкагында 2013-жыл ичинде “ФинансКредитБанк КАБ” ААКсында жана “БТА Банк” ЖАКта тике банктык көзөмөлдүк сакталып калган. Аталган банктар кадимки иш ыргагында иштөө менен банк кызматтарынын бардык түрүн сунуштап турган. Активдердин сакталышын камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлорунун таламдарын коргоо максатында “КыргызКредитБанк” ААКсында, “Манас Банк” ЖАКта, “Инвестбанк Ысык-Көл” ААКсында “Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө” мыйзам талабына ылайык консервация режими улантылган.

Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин 46 отуруму өткөрүлгөн, анда коммерциялык банктардын ишине тиешелүү 189 маселе каралган. Комитет тарабынан отчеттук жыл ичинде жеке адамдардан жана юридикалык жактардан депозиттерди тартууга карата эки банкка чектөөлөр белгиленип, коммерциялык банктардын айрым жетекчилери алгылыксыз банк тажрыйбасын жүргүзүүгө катышкан деп таанылуу менен аларды алмаштыруу талабы коюлган.

Таасир этүү чаралары текшерүүлөрдүн жыйынтыгы жана тышкы көзөмөлдүктүн алкагында да колдонулган. Көрүлгөн чаралар айрыкча алдын алуу мүнөзүнө ээ болуу менен мыйзам бузууларга бөгөт коюуга багытталган.



## 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл

*БФКМдерди лицензиялоо*

2013-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 765 банктык эмес финансы-кредит мекемеси, атап айтканда, адистештирилген финансы-кредит мекемеси “КСФК” ААКсы, 277 микрокаржылоо уюмдары, 153 кредиттик союз жана 334 алмашуу бюросу иштеп турган. Мында, “КСФК” ААКсынын, микрокаржылоо уюмдарынын, кредиттик союздардын жана алмашуу бюролорунун иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде ишке ашырылат, ал эми микрокредиттик компаниялар жана микрокредиттик агенттиктер каттодон өткөндүгү тууралуу күбөлүктүн негизинде иш алып барат.

*БФКМдердин уставдык капиталы*

2013-жылы Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролоруна 47 лицензия, микрокредиттик компанияларга жана микрокредиттик агенттиктерге каттоодон өткөндүгү тууралуу сегиз күбөлүк берилген.

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 4,8 млрд. сомду түзгөн, анын ичинде чет өлкө капиталынын үлүшү 65,0 пайызды же 3,1 млрд. сом чегинде катталган. Бул мекемелердин уставдык капиталынын жалпы өлчөмү 11,0 пайызга же 0,5 млрд. сомго көбөйгөн.

*Тышкы көзөмөл*

Банктык эмес финансы-кредит мекемелерине тышкы көзөмөлдүн негизги күч-аракети сектордун ишин андан ары сапаттуу өркүндөтүүгө багытталган, атап айтканда, тобокелдиктерди минимизациялоо, микрокаржылоо кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, микрокаржылоо уюмдарын капиталдаштыруу жагында иш-чаралар жүзөгө ашырылып, бул түпкүлүгүндө келип банктык

эмес финансы-кредит мекемелеринин ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун жогорулатууга өбөлгө түзгөн.

Көзөмөлдөө иш-чараларынын алкагында банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишинде мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөр аныкталгандыгына байланыштуу аларга карата төмөнкүдөй таасир этүү чаралары колдонулган:

– микрокаржылоо уюмдарына – 327 жазма буйрук, 90 эскертүү жөнөтүлүп, 20 күбөлүк кайтарылып алынып, 64 күбөлүктүн аракети токтотулган;
– кредиттик союздарга – 109 жазма буйрук, 13 эскертүү жөнөтүлүп, жети лицензия кайтарылып алынып, 20 лицензиянын аракети токтотулган;
– адистештирилген финансы-кредит мекемесине – Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгы үчүн тогуз жазма буйрук жөнөтүлгөн.

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишинин негизги аспектилерине талдап-иликтөөлөр жүргүзүлүп, активдердин сапатына, капиталдын жетиштүүлүгүнө, кирешелүүлүк факторлоруна, тобокелдикти тескөөгө жана ички контролдук сапатына баа берүүлөр ишке ашырылган. Кароого сунушталган регулятивдик отчетторго талдап-иликтөөлөрдү жана мониторингди жүргүзүүнүн негизинде, инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча бул мекемелердин ишинде мыйзамдардын жана ченемдик актылардын талаптарын бузууга жол берилишин четтетүүгө жана финансылык абалды жакшыртууга багытталган тиешелүү таасир этүү чаралары кабыл алынган.

Тышкы көзөмөлдүн алкагында микрокредиттөө жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо маселелери боюнча карыз алуучулардын кайрылуулары кароого алынып, алардын мыйзамдык негизде бекемделген укуктарын коргоо максатында консультациялар сунушталган.

Банктык эмес финансы-кредит мекемелери секторун өнүктүрүүнүн негизги багыттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук банктын биргелешкен токтому менен бекитилген Микрокаржылоону 2011-2015-жылдар ичинде өнүктүрүү стратегиясынын алкагында ишке ашырылып келет. Стратегияны жүзөгө ашыруу учурунда калкты финансылык кызматтар менен камтуу көрсөткүчү 7,6 пайызга[1] чейин жогорулаган.

*БФКМдерди текшерүү*

Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча талаптарды кошо алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын сакталышы көз карашынан 2013-жылы Улуттук банк тарабынан микрокаржылоо уюмдарына 225 текшерүү, кредиттик союздарга – 148 текшерүү, адистештирилген финансы-кредит мекемесине – эки текшерүү, ал эми алмашуу бюролоруна 400 текшерүү ишке ашырылган.

Бул иш-чаралар Улуттук банктын кызматкерлеринин күч-аракети менен сыяктуу эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын жана Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен ишке ашырылган.

Текшерүүдөн өткөн банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин жана алмашуу бюролорунун ишинде мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөр аныкталгандыгына байланыштуу, аларга карата орун алган мыйзам бузууларды четтетүү, айрым операцияларды токтотуу жана күбөлүктүн/лицензиянын аракетин чектеп, ошондой эле күбөлүктү/лицензияны кайтарып алуу сыяктуу жазма буйруктарды жөнөтүү түрүндө таасир этүү чаралары колдонулган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузууга жол берген банктык эмес мекемелердин кызмат адамдарына административдик жаза колдонуу чаралары кабыл

[1] Аталган көрсөткүч 0,5 пайыздык пунктка өскөн жана карыз алуучулардын санынын республиканын калкынын жалпы санына карата катышы катары эсептелинет.

алынып, Көзөмөл боюнча комитет тарабынан адистештирилген финансы-кредит мекемесинин жетекчилигин алмаштыруу талабы коюлган.

Улуттук банктын жазма буйруктарынын талабын аткаруу максатында, айрым банктык эмес мекемелер тарабынан текшерүүлөрдүн жүрүшүндө алардын ишинде орун алган кемчиликтерди жана калпыстыктарды четтетүү пландары иштелип чыгып, алардын аткарылышына Улуттук банк көз салып туруусу максатында анын кароосуна сунушталган.

Кыргыз Республикасынын терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүүнүн улуттук системасын өркүндөтүү боюнча 2012-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил ичинде иш-аракеттердин ведомстволор аралык планын аткаруунун алкагында Улуттук банк, банктык эмес мекемелердин жана алмашуу бюролорунун ишине тиешелүү мыйзам талабынын сакталышы көз карашынан алганда максаттуу текшерүүлөрдү ишке ашырган.

Мындан тышкары, максаттуу текшерүүлөрдүн жүрүшүндө кардарларга банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча эффективдүү пайыздык чен өлчөмү тууралуу маалымдалышы талабынын аткарылышы боюнча Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын сакталышы маселеси кароого алынган.

2013-жылдын чын куран айында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат ортосунда маалымат алмашуу жагында кызматташуу келишими кайрадан жаңыртылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы жана Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат менен биргеликте алмашуу бюролоруна, анын ичинде "Дордой" соода комплексинин аймагында жайгашкан алмашуу бюролоруна рейддик текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Улуттук банктын тиешелүү лицензиясыз нак чет өлкө валютасын алмашуу операцияларын жүргүзгөн 66 факт боюнча укук бузуучулардын ким экендиги аныкталып, алардан 96 миң сом жалпы суммасында айыптык төлөмдөр салынган.

Микрокаржылоо секторунун ишинин негизги көрсөткүчтөрү өсүшкө ык коюуда, алардын ишине көзөмөлдүк жана жөнгө салуу да оптималдаштырылууда. Алсак, тобокелдикти аныктоого багытталган концепцияга ылайык, инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүүгө карата жаңы ыкманын иштелип чыгышы жана колдонулуп жатышы 2013-жылдагы көзөмөлдөө таасирин өнүктүрүү жагындагы маанилүү кадам болуп саналат. Отчеттук жылы ошондой эле, микрокаржылоо компанияларына инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүүдө тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк ыкмасын апробациялоо ишке ашырылган.

2013-жылдын бугу айында Кыргыз Республикасынын мыйзамы аркылуу айрым мыйзам актыларга микрокаржылоо уюмдарынын жана кредиттик союздардын операциялар тизмегин кеңейтүүгө, агенттик банкинг жана ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашыруу укугун берүүнү кошо алганда, микрокаржылоо компаниялардын чет өлкө валютасында операцияларды ишке ашыруусуна жана микрокаржылоо кызматтарынан пайдалануучулар укугун коргоо принциптерин жайылтууга багытталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Микрокаржылоону 2011-2015-жылдары өнүктүрүү стратегиясынын жүзөгө ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын иш-чараларын аткаруу максатында, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасын иштеп чыгуу боюнча жумушчу тобу түзүлгөн. Финансы секторунда катар кредит алууну жана андан ары кредиттөөнү төмөндөтүү максатында, пайыздык чендерди азайтууга өбөлгө түзгөн чаралардын бири катары Эл аралык финансылык корпорациянын (IFC) техникалык колдоосу астында "Кредиттик маалыматтарды алмашуу жөнүндө" мыйзам долбоору иштелип чыккан.

### 3.3. Көзөмөл жана жөнгө салуу методологиясы

*Ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүнүн негизги багыттары*

Отчеттук мезгил ичинде, финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаларды өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. Мында, Улуттук банктын көзөмөлдөө функциясынын таасирин күчөтүү, финансылык кызматтардан пайдалануучулар укугун коргоо, ошондой эле ченемдик укуктук актыларды эл аралык стандарттарга жана банктык мыйзамдарга киргизилген өзгөрүүлөргө ылайык келтирүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.

*БФКМдердин ишин жөнгө салуу*

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган мыйзамдарга өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун кабыл алынышына байланыштуу, Улуттук банк тарабынан бир катар ченемдик укуктук актылар бекитилип, микрокаржылоо уюмдарынын, кредиттик союздардын жана алмашуу бюролорунун ишин жөнгө салган айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бул, микрокаржылоо уюмдарынын жана кредиттик союздардын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырып, агенттик банкингди жана чет өлкө валюталары менен бир катар операцияларды ишке ашырууга укук берилген уюмдардын иш чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн.

Финансылык кызматтардан пайдалануучулар укугун коргоо, депозиттерди тартпаган микрокаржылоо уюмдарынын ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу, ошондой эле карыз алуучуларга үстү-үстүнө кредит берилишине бөгөт коюу максатында, “Депозиттерди тартпаган микрокаржылоо уюмдары үчүн кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобо кабыл алынган.

Депозиттерди тартпаган мына ушундай уюмдардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүүнү иретке келтирүү максатында, отчеттук мезгил ичинде тиешелүү нускоо кабыл алынган.

Микрокаржылоо компанияларында терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча ички контролдукту уюштуруу талаптарынын белгиленишине жана микрокаржылоо уюмдары, кредиттик союздар үчүн колдонуудагы талаптарды күчөтүү максатында, Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Алмашуу бюролору үчүн бир катар талаптар киргизилген: алмашуу бюросун ачуу учурда, жүгүртүү каражаттарынын минималдуу өлчөмү көбөйтүлүп, кошумча бюролорду ачууга чектөө киргизилген. Мында, юридикалык жактарга гана алмашуу операцияларын жүргүзүү укугу берилген.

Көзөмөлдүктү өркүндөтүү максатында, мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетко жаңы бөлүк кошулган, ага ылайык Улуттук банк карыз алуучунун ар бир кредити тууралуу маалыматты банктардан алуу укугуна ээ болгон. Мындай маалыматтар, бүтүндөй банк тутуму боюнча сыяктуу эле, кайсы бир коммерциялык банкта орун алышы мүмкүн болгон кредиттик тобокелдикке баа берүү сапатын жогорулатууга, ошондой эле үстү-үстүнө кредит берүү учурларын аныктоого мүмкүндүк берет. Жогоруда белгиленген, регулятивдик банктык отчеттун жаңы бөлүгүн толтуруу тартибин түшүндүрүү максатында усулдук көрсөтмөгө толуктоолор киргизилген.

*Банктардын ишин лицензиялоо*

Улуттук банк тарабынан “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого банктардын акцияларын сатып алуу тартибин тактоо, банктардын кызмат адамдарына карата минималдуу талаптар, банк-резиденттердин уставдык капиталын топтоо же анын өлчөмүн көбөйтүү үчүн Кыргыз Республикасына чет өлкө банктарынан акча каражаттарынын түшүүсү тууралуу өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Ошондой эле микрокаржылоо компанияларынын жана микрокредиттик агенттиктердин банк лицензиясын алууга өтүнүч каттарын кароо тартибине тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.

Банктык тобокелдиктерди басаңдатуу, анын ичинде кардарлар тобуна кредиттерди берүү, банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишинин, банктардын инсайдерлери кызматкерлер менен операцияларынын, банктардын кыймылсыз мүлк менен иштөө жана банктык сейфтерди ижарага берүү тартибинин ачык-айкындуулугун жогорулатууну кошо алганда, кредиттөө ишине байланыштуу тобокелдиктер маселесине тиешелүү айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

*Тышкы аудитке карата талаптар*

Банктардын жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрокаржылоо компанияларынын ишине көзөмөлдүктү күчөтүү, ошондой эле банктык тобокелдиктерди басаңдатуу үчүн “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. Тышкы аудиторду ротациялоо мөөнөтүнө, тышкы аудитти жүргүзүү келишимине, ошондой эле пландан тышкаркы аудитти жүргүзүүгө карата талаптарга да өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

*Монополияга каршы жөнгө салуу*

Монополияга каршы жөнгө салууну өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда монополияга каршы жөнгө салуу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо саясатына жана анын негизги принциптерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, ага ылайык монополияга каршы жөнгө салуу механизмдер чөйрөсү кеңейтилген. Мында Улуттук банк, лицензиялоо, тышкы көзөмөлдүктү жүргүзүү жана жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү ишке ашырууну айкалышта караган ыкманы пайдаланып келет. Банктык кызмат көрсөтүүлөргө баа түзүү, кредиттер жана депозиттер боюнча пайыздык чендер, алардын негизинде түптөлгөн компоненттерди ачып көрсөтүү саясатына карата минималдуу талаптарды камтыган “Банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана микрокаржылоо уюмдары сунуштаган кызматтарга баа түзүү саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө” жобо бекитилген.

*Таасир этүү чаралары*

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктарга жана банктык эмес финансы-кредит мекемелерине карата таасир этүү чараларын колдонуу маселесин камтыган ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүнүн, ошондой эле ченемдик базаны “Административдик жоопкерчилик жөнүндө” кодекске ылайык келтирүүнүн алкагында, бир катар ченемдик укуктук актыларга карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

*Ислам каржылоо принциптери*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына жана “Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу” мыйзам талаптарын аткаруу үчүн банк секторунун бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды жана Кыргыз Республикасында ислам банк ишин жайылтуу шарттарын камсыз кылуу максатында, ошондой эле “Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө”, “Кредиттик союздар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына микрокаржылоо уюмдары жана кредиттик союздарга ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууга укук чегерген, бекитилген толуктоолорго ылайык келтирүү максатында тиешелүү ченемдик укуктук актылар иштелип чыгып, кабыл алынган. Бекитилген документтер ислам банк иши жана каржылоону сунуштоодо орун алышы ыктымал болгон кредиттик тобокелдикти чектөө маселесин да камтыган.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

Улуттук банк, республиканын төлөм системасынын ишинин коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча негизги милдеттердин бирин аткаруунун алкагында, улуттук валютаны жүгүртүүгө чыгаргандан берки 20 жыл аралыгында эсептешүүлөр системасын өзгөртүп түзүү жана рынок экономикасынын талаптарына ыңгайлаштырылган жаңы төлөм системасын калыптандыруу ишин жүзөгө ашырып келген.

Ошентип, төлөм системасынын түзүмү борборлоштурулган, финансылык маалыматтар менен алмашуу процессинде Кыргыз Республикасынын банк системасында кагаз жүзүндөгү төлөм документтери цифралык кол тамга менен тастыкталган электрондук документтерге алмаштырылган, төлөмдөрдү өткөрүү мөөнөттөрү кыскартылган. Байланыштын коопсуз жогорку технологиялык каналдары, акча которуунун эл аралык системалары жана төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасы жөнгө салынган. Төлөм системасынын ченемдик укуктук базасы өркүндөтүлүп, ушул багытта атайы эки мыйзам кабыл алынган. Жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында, эл аралык стандарттарга ылайык келген жана көп сандагы төлөмдөрдү тез арада иштеп чыгуу үчүн жогорку кубаттуулукка ээ, учур талабына жооп берген төлөм системалары (Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы, Майда жана чекене төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы, “Элкарт” төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасы) ишке киргизилген. Улуттук банкта жөнгө салынган SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнү коммерциялык банктарга чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү жана коопсуз байланыш каналдарына туташууда, ага колдоо көрсөтүүнү камсыз кылууда минималдуу финансылык сарптоолор менен эл аралык финансылык маалыматтар менен алмашууну ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн сунуштаган.

Экономикада акча каражаттарынын жылышынын ачык-айкындуулугун жана тескөөгө алынышын жогорулатуу чараларын күчөтүү, нак акчанын көмүскө жүгүртүлүшүн азайтуу жана электрондук төлөм системасы менен иштөөдө ар кандай алдамчылыктардан керектөөчүлөр укугун коргоо максатында Улуттук банк 2013-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзам долбоорунун кабыл алынышы боюнча жигердүү иштерди жүргүзгөн. Мыйзам долбоорунда инновациялык технологияларды жөнгө салууну кошо алганда, республиканын төлөм системасынын укуктук жана уюштуруу негиздери камтылган.

Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жана коммуналдык ишканалары, “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК жана республиканын коммерциялык банктары менен биргеликте Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн арттыруу боюнча 2012-2017-жылдарга каралган иш-чаралардын мамлекеттик программасын (мындан ары – Мамлекеттик программа) андан ары ишке ашыруу боюнча жигердүү жана план ченемдүү иштер улантылган. Отчеттук жылы аталган Мамлекеттик программаны ишке ашыруу үчүн Улуттук банктын областтык башкармалыктарынын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, коммерциялык банктардын колдоосу астында республиканын региондору да бул ишке тартылган. Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишинин алкагында Мамлекеттик программанын иш-чаралар планынын аткарылып жаткандыгына контролдук жүргүзүлүп, нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча сунуштар карооого алынып, орун алган проблемалар жана аларды четтетүү жолдору талкууга алынган.

Жүргүзүлгөн мына ушундай иштердин натыйжасы нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн арттырууга, улуттук төлөм системасын өнүктүрүүгө жана республиканын калкы үчүн төлөм кызматтарынын жеткиликтүү болушуна олуттуу таасирин тийгизген.

Улуттук банк мындан тышкары, жүгүртүүдөгү акча түзүмүнө туруктуу негизде мониторинг жүргүзүп, экономиканын зарыл улуттук валюта банкнотторуна жана монеталарга болгон керектөөсүн өз учурунда камсыздап турууга жетишкен.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Төлөм системасы*


Кыргыз Республикасынын төлөм системасы өзүндө Эсептешүүлөрдүн гросстук системасын (ГСРРВ), Пакеттик клиринг системасын (СПК), төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасын, акча которуулар системасын жана чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү системасын камтып турат. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, филиалдарын кошо алганда коммерциялык банктар жана Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Мамлекеттер аралык банк жана атайы катышуучу укугунда “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын төлөм системаларынын катышуучуларынан болушкан.

2013-жылы республиканын төлөм системасы туруктуу иштеп, анын алгылыктуу ыргакта өнүгүүгө ык койгондугу таасын байкалган.

Отчеттук жыл ичинде банктар аралык төлөм системалары аркылуу бардыгы болуп, жалпы алганда 839,5 млрд. сом суммасына 2,8 млн. төлөм ишке ашырылган, бул көрсөткүчтөр 2012-жылдагыга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 18,4 жана 23,0 пайызга көбөйгөн.

***<u>4.1.1.1-график</u>***

Төлөм системалары боюнча төлөмдөр көлөмү (Гросстук система жана Клиринг системасы)





Отчеттук жыл ичинде Эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жана Пакеттик клиринг системасы аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 2012-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 15,1 жана 18,6 пайызга көбөйгөн. Ушул системалар аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөр көлөмү өткөн жылга салыштырганда, жыл ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 23,5 жана 18,7 пайызга өскөн. Мындай өсүш, бюджеттик кириш жана чыгыш төлөмдөрүнүн, мамлекет-

МАЗМУНУ

тик бюджеттен, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунан төлөмдөрдүн, ошондой эле бюджеттик эмес уюмдардын төлөмдөрүнүн санынын жана көлөмүнүн көбөйүшүнүн эсебинен жүргөн.

***4.1.1.2-график***

Төлөм системалары боюнча төлөмдөрдүн саны (Гросстук система жана Клиринг системасы)





*Банктык төлөм карттары*

Эмитирленген төлөм карттарынын жалпы саны жыл ичинде 59,1 пайызга көбөйүү менен 650,6 миң даананы түзгөн, алардын ичинен "Элкарт" улуттук системасынын карттары 133,2 миң даана чегинде катталган. Эмитирленген банктык карттардын санынын байкалаарлык өсүш арымы эмгек акы долбоорунун чегинде берилген банктык карттар санынын көбөйүүсү менен шартталган.

***4.1.1.3-график***

Банктык төлөм карттарынын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)





** "Алай-Кард" - бул товардык белги (бренд), ал аркылуу "Золотая Корона" төлөм системасынын карттары эмитирленет жана тейлөөгө алынат.*

МАЗМУНУ

***4.1.1.4-график***

Банктык төлөм карттарынын санынын катышы




2013-жылы карттарды пайдалануу менен бардыгы болуп 11,1 млн. операция ишке ашырылган, бул 2012-жылга караганда 54,1 пайызга көп.

*Картты пайдалануу менен ишке ашырылган операциялар*

Отчеттук жыл ичинде карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын чогуу алгандагы көлөмү 51,9 млрд. сомду түзүү менен 2012-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 47,0 пайызга көбөйгөн. Ушунун өзү Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруунун алкагында банктык карттар рыногунда коммерциялык банктардын иш жигеринин артып жаткандыгын тастыктайт.

*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө инфраструктурасы*

Соода-сервис ишканаларында карттарды пайдалануу менен келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү 2012-жылдагы 1,5 млрд. сомдон 2013-жылдагы 2,2 млрд. сомго чейин, 46,7 пайызга көбөйгөн.

Системалар боюнча алып караганда, отчеттук мезгилдин акырында иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы санын төмөнкүчө чагылдырууга болот:

– “Visa&MasterCard” эл аралык системасы боюнча – 202 банкомат жана 1 731 терминал;
– “Элкарт” улуттук системасы боюнча – 333 банкомат жана 1 233 терминал. Мындан тышкары “Элкарт” системасынын карттары эл аралык төлөм системаларынын 154 банкоматында жана 662 терминалында тейлөөгө алынууда;
– “Золотая Корона” эл аралык системасы боюнча – 283 банкомат жана 521 терминал.


Ошентип, 2013-жылдын акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагы боюнча 818 банкоматта жана 3 485[1] терминалда (алардын ичинен 2 449 терминал соода-сервис түйүндөрүндө жана 1 036 терминал коммерциялык банктардын филиалдарында жана аманат кассаларында орнотулган) тейлөөгө алынган.



[1] Өзүн өзү тейлөөгө алган автоматташтырылган терминалдарды эске албаганда (төлөм терминалдары же cash in).

***4.1.1.5-график***

Банкоматтардын жана терминалдардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




### 4.1.2. Төлөм системасынын ишине көзөмөл (оверсайт)

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине эл аралык тажрыйбага ылайык көзөмөлдүктү (оверсайт) жүргүзүү өзүндө төмөнкүдөй чаралардын топтомун камтыйт: төлөм системасынын ишине мониторинг жүргүзүү, баа берүү жана аны өркүндөтүүгө багытталган чараларды кабыл алуу. Оверсайттын алкагында өлкөнүн финансы системасы үчүн өтө жогорку жана артыкчылыктуу мааниге ээ, ошону менен катар эле системада келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктердин жайылып кетишине мүмкүнчүлүк түзгөн төлөм системалары аныкталган. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жана Пакеттик клиринг системасы (системалуу мааниге ээ төлөм системасы) мына ушундай система катары белгиленген.

*Системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын иши*

2013-жыл ичинде жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы системалуу мааниге ээ системалар штаттык режимде иштегендигин, системадан пайдалануу деңгээли жогору болуп, орточо алганда 99,3 пайыз чегинде катталгандыгын көрсөткөн. Ликвиддүү каражаттардын системадагы жүгүртүүгө карата катышы жогорку деңгээлде сакталып турушунун эсебинен, системадагы финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу болгон (ликвиддүүлүк коэффициенти 3,8; ал эми жүгүртүү коэффициенти – 0,3 түзгөн). Системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын колдонууга киргизилиши учурдан тартып, алардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү 99,6 пайызды түзүү менен жогорку деңгээлде сакталган.

Мындан тышкары рынокто олуттуу сандагы транзакцияларды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ чекене төлөм системасы иштейт. Анын ишинде үзгүлтүктөрдүн келип чыгышы калайык-калктын улуттук валютага карата ишенимине терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Бул системалар өзүндө төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасын (мааниге ээ төлөм системасы) жана акча которуулар системасын (системалуу мааниге ээ эмес төлөм системасы) камтыйт. Отчеттук мезгил ичинде бул системалар, негизинен, туруктуу иштеген. "Элкарт" төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли орточо алганда 98,2 пайыз чегинде катталган.

Көзөмөлдүктүн (оверсайттын) алкагында 117 төлөм картын пайдалануу менен 142 шектүү транзакция катталган, алардын көпчүлүгү эл аралык төлөм карттарын пайдалануу менен ишке ашырылган транзакцияларга туура келген. Банктарда мындай транзакциялар боюнча ички териштирүү иштери жүргүзүлгөн. Карт

ээлеринин аларды пайдаланууда коопсуздук эрежелерин сактабагандыгы, ошондой эле карттар жана алардын ээлери тууралуу интернет аркылуу алынган маалыматтарды санкциясыз пайдалануу учурлары мындай транзакциялардын келип чыгышынын негизги себептеринен болгон.

*Төлөм системасынын эл аралык стандарттарга ылайык келүүсү*

Эл аралык стандарттарга ылайык Улуттук банк, жыл сайын системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын жана төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын ишинин төлөм системалары үчүн негизги принциптерге (мындан ары – Негизги принциптер) ылайык келүүсүнө баа берүүлөрдү ишке ашырат. Жүргүзүлгөн баа берүүлөр, Системалуу мааниге ээ төлөм системалары жана "Элкарт" улуттук системасы негизинен, жогоруда аталган негизги принциптерге ылайык келе тургандыгы тастыкталган.

Борбордук банк системалуу мааниге ээ төлөм системалары үчүн Негизги принциптерди колдонуу боюнча милдеттерди негизинен аткарып жатат: төлөм системаларынын максаттары так аныкталып, алардын ролу жана негизги саясаты ачык-айкын чечмеленип, республиканын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт) камсыз кылынып, ошондой эле бул багытта башка борбордук банктар менен кызматташуулар жөнгө салынган.

### 4.1.3. Нак эмес төлөмдөр үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планын (мындан ары – иш-чаралар планы) жүзөгө ашыруунун жана Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн арттыруу боюнча ведомстволор аралык комиссиянын иш-аракетинин чегинде Улуттук банк, министрликтер жана ведомстволор, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жана коммуналдык ишканалар тарабынан эмгек акы долбоорлорун, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алууну нак эмес формада камсыз кылуу боюнча иштерди жүргүзгөн. Коммерциялык банктар чекене төлөмдөр рыногун өнүктүрүүгө жана нак эмес төлөмдөр инфраструктурасы чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган иштерди жигердүү улантууда.

Чекене төлөм кызматтарын пайдалануучулардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу, ошондой эле Мамлекеттик программанын максаттарын жана милдеттерин кеңири түшүндүрүү максатында региондордогу бюджеттик мекемелер үчүн Талас, Баткен, Ош, Жалал-Абад жана Каракол шаарларында семинарлар өткөрүлгөн.

Пенсиялар боюнча төлөөлөрдү жеңилдетилген тарифтерге ылайык банктык төлөм карттары аркылуу алуу мүмкүнчүлүгүн сунуштаган "Пенсионердин карты" жана "Мамлекеттик жөлөк пулдарды, акчалай компенсацияларды алуучулардын банктардагы жеке эсептерине которуулар" долбоору өздөштүрүлгөн. 2014-жылдын бирдин айынын бирине карата абал боюнча мамлекеттик жөлөк пулдарды, акчалай компенсацияларды банк мекемелериндеги эсептери аркылуу нак эмес төлөөгө 13,4 миң адам, ал эми пенсияларын банктагы "Пенсионердин карты" боюнча алууга 173,5 миң адам өткөн.

Мамлекеттик программанын алкагында, чек китепчелеринин жана кол күчү менен иштеп чыгуунун ордуна бюджеттик уюмдардын чыгашаларын автоматтык түрдө эсепке алуунун "Бюджеттик каражаттарды алуучунун карты" ийгиликтүү жөнгө салынган

Жол кыймылынын эрежелерин бузууга жол бергендиги үчүн айыптык төлөмдөрдү банктык төлөм карттары аркылуу төлөө үчүн Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматынын автоунааларында мобилдик пос-терминалдарды орнотуу долбоору ишке киргизилген.


МАЗМУНУ

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруу боюнча негизги милдеттердин бирин жүзөгө ашыруунун алкагында Улуттук банк, отчеттук жыл ичинде республика экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу боюнча иштерди уланткан. 2013-жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасы 14,9 пайызга өсүп, 66,9 млрд. сомду түзгөн, бул эң оболу, экономиканын өсүшүнө байланыштуу болгон.

***4.2.1-график***

Жүгүртүүдөгү акчанын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү, андан берилиши*

Отчеттук жыл ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү бир жыл мурдагыга караганда 29,2 пайызга көбөйүү менен 804,2 млрд. сомду түзгөн. Коммерциялык банктардын кассаларынан нак акчаларды берүү 27,5 пайызга өсүү менен 820,1 млрд. сомду түзгөн. Нак акчалардын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу жыл ичинде 98,1 пайызды түзүп, 2012-жылга караганда 1,3 пайызга көбөйгөн (2012-жылы – 96,8 пайыз).

***4.2.1-таблица***

Нак акча каражаттарынын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы

| | Түшүүсү, *млн. сом* | | Берилиши, *млн. сом* | | Кайтарымдуулугу, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012-жыл | 2013-жыл | 2012-жыл | 2013-жыл | 2012-жыл | 2013-жыл |
| **Бардыгы болуп** | **622 342,7** | **804 192,4** | **642 979,1** | **820 074,0** | **96,8** | **98,1** |
| Бишкек шаары | 329 264,3 | 431 565,6 | 323 725,4 | 419 985,4 | 101,7 | 102,8 |
| Баткен областы | 22 797,4 | 31 994,0 | 24 747,5 | 33 554,2 | 92,1 | 95,4 |
| Жалал-Абад областы | 60 981,7 | 77 915,3 | 70 093,1 | 89 249,7 | 87,0 | 87,3 |
| Ысык-Көл областы | 26 204,2 | 33 323,1 | 30 709,9 | 37 490,4 | 85,3 | 88,9 |
| Нарын областы | 8 678,1 | 12 850,7 | 12 056,0 | 16 604,9 | 72,0 | 77,4 |
| Ош шаары | 94 136,7 | 116 460,5 | 94 059,3 | 115 993,6 | 100,1 | 100,4 |
| Ош областы | 27 992,9 | 36 065,3 | 31 751,2 | 37 733,0 | 88,2 | 95,6 |
| Талас областы | 8 516,4 | 13 681,7 | 12 294,0 | 19 197,6 | 69,3 | 71,3 |
| Чүй областы | 43 771,0 | 50 336,2 | 43 542,7 | 50 265,2 | 100,5 | 100,1 |

Банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу, эскилиги жеткен банкнотторду жүгүртүүдөн алуу жана аларды жок кылуу иши улантылган.




МАЗМУНУ


Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын купюралык түзүмү 4.2.2-графикте жана таблицада келтирилген.

***4.2.2-график***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын пайыздык катышы

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы санынан (бaрактарынан) пайыздык катышта)*




***4.2.2-таблица***

Жүгүртүүдөгү акчанын купюралык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номинал | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | 5 000 сом | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2012-жыл | 0,8 | 0,4 | 0,7 | 1,2 | 2,3 | 4,1 | 12,5 | 50,0 | 28,0 | **100,0** |
| 2013-жыл | 0,8 | 0,5 | 0,6 | 1,2 | 2,4 | 4,7 | 12,1 | 46,1 | 31,6 | **100,0** |

2013-жылы улуттук валютанын аныкталган жасалма банкнотторунун жалпы саны 73 580 сом жалпы суммасында 106 дааналы түзгөн (2012-жылы – 94 даана) (2014-жылдын бирдин айынын бирине карата жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 0,0001 пайызы). Жасалма акча жасоочулуктун ар бир фактысы боюнча кылмыш иши козголуп, укук коргоо органдары тарабынан оперативдик-издөө чаралары жүргүзүлүүдө.

*Коллекциялык монеталар*

Улуттук банк тарабынан республика турмушунун тарыхый окуяларына, архитектуралык эстеликтерге жана жаратылыш объекттерине арналган эстелик монеталар чыгарылат. 1995-жылдан 2013-жылга чейинки аралыкта алтын монетанын үч түрү, 33 аталышта күмүш монеталар, жез-никелден сегиз жана мельхиордон бир монета чыгарылган, алардын ичинен үч күмүш монета ар кандай сыйлыктарга татыктуу болгон.

2013-жылы “Кыргызстан Улуу Жибек жолунда” сериясындагы “Улуу Жибек жолу” монетасы “Krause Publications” (АКШ) басмаканасы тарабынан өткөрүлгөн коллекциялык монеталар боюнча ири эл аралык сынактын жүрүшүндө “Тарыхый мааниге ээ эң мыкты монета” номинациясында биринчи сыйлыкка ээ болгон.




2013-жылы "Кыргызстандын Кызыл китеби" сериясындагы "Жейрен" күмүш монетасы, "Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери" сериясындагы "Саймалуу-Таш" күмүш жана жез-никель монеталары, "Кыргыз каганатынын доору" сериясындагы "Улуу кыргыз каганаты" күмүш монетасы жүгүртүүгө чыгарылган.

# 5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

Улуттук банк 2013-жылы эл аралык уюмдар, интеграциялык бирикмелер жана чет өлкө борбордук банктары менен кызматташтыкты өнүктүрүүнү уланткан. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын жүгүртүүгө чыгарылышы маарекесинин салтанаттуу өткөрүлүшү бул багытта кызматташууга дем берип, өз ара иш алып баруунун жаңы багыттарын аныктоого мүмкүнчүлүк ачкан.

Акча-кредит саясаты, банк жана төлөм системаларынын иши, техникалык жардамдарды алуу жана кесиптик байланышты чыңдоо маселелерди кароо учурунда дүйнөлүк тажрыйбаны иликтеп, тажрыйбада колдонуу отчеттук жылдагы негизги иш жыйынтыгынан болгон. Өткөн жыйырма жыл ичинде Улуттук банк эл аралык байланыштар чөйрөсүн кыйла кеңейтип, кызматташуу деңгээлин арттырган.

## 5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу

Бишкек шаарында 2013-жылдын кулжа айында “Өткөөл мезгил жана келечекке карай жол” темасында жогорку деңгээлде өткөрүлгөн эл аралык конференция эл аралык кызматташуу чөйрөсүндөгү маанилүү окуядан болуп калган. Конференция, Эл аралык валюта фондусу (ЭВФ), Швейцариянын экономика боюнча мамлекеттик катчылыгы (SECO), Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы (ЕБРР) менен биргеликте Улуттук банк тарабынан уюштурулган. Конференциянын жүрүшүндө өткөөл учурду башынан кечирген жыйырма жыл ичинде топтолгон иш тажрыйбалар, ошондой эле келечекти көздөгөн ой-пикирлер жана артыкчылыктуу иш багыттары кароого алынган. Айрыкча региондо туруктуу, диверсификацияланган жана инклюзивдик өсүштүн жогорку арымын камсыз кылуу үчүн зарыл болгон макроэкономикалык саясат жана түзүмдүк реформалар чараларына өзгөчө көңүл бурулган.

Конференциянын жүрүшүндө ошондой эле, Борбордук Азия жана Кавказ өлкөлөрүндөгү акыркы жыйырма жыл ичинде олуттуу жетишкендиктер, анын ичинде жогорку арымдагы экономикалык өсүш, инфляция деңгээлин кыйла кыскартуу, экономикалык саясатты иштеп чыгуу жана аны координациялоо үчүн зарыл институттарды түзүү жагында ийгиликтер белгиленген. Ошол эле учурда, жаратылыш ресурстарынан жана акча которуулардан көз карандылык, инфляция деңгээлинин өзгөрүп турушу, долларлашуунун жогорку деңгээлде экендиги, социалдык чөйрөнү жана инфраструктураны өнүктүрүүнүн өтө зарылдыгы, ошондой эле экономикалык субъектилердин ишинин жана отчет берүүдөгү ачык-айкындуулук деңгээлинин жетишсиздиги сыяктуу олуттуу проблемаларга өзгөчө көңүл бурулган.

Конференция учурунда Улуттук банктын жетекчилиги, чет өлкөлөрдүн мамлекеттик органдарынын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен Кыргыз Республикасынын финансы секторунда орун алып жаткан учурдагы тенденциялар жана аны андан ары өнүктүрүү багыттарын талкуулоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Бул конференция анын катышуучуларынын жогорку баасына татыган.

*Өлкөнү өнүктүрүү программаларынын алкагында кызматташуу*

Кеңейтилген кредиттик механизмдин (ЕСФ) жардамы менен колдоого алынган, 2011-2014-жылдарга каралган экономикалык программаны жүзөгө ашыруунун алкагында Эл аралык валюта фондусу менен кызматташуулар улантылган. Бул программа өлкөнү орто мөөнөттүк мезгил аралыгында туруктуу экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылууга багытталган. Анын жүзөгө ашырылып жатышына баа берүү максатында Фонддун баяндаманы даярдоочу эки миссиясы республи-

кага 2013-жылы келип кеткен. Даярдалган баяндаманын жыйынтыгы боюнча ЭВФтин Аткаруу кеңеши тарабынан өлкөгө 19,0 млн. АКУ жалпы суммасындагы кезектеги траншты берүү чечими жактырылган, алар мамлекеттик бюджетти колдоого багытталган. Жылдын чын куран айында – Улуттук банктын өтүнүчү боюнча Кыргыз Республикасына акча-кредит саясатынын негиздерин өркүндөтүү маселелери боюнча техникалык колдоо көрсөтүү үчүн ЭВФ миссиясы, ал эми баш оона айында өлкөдө учурда орун алып турган экономикалык жагдайды талкуу максатында ЭВФ персоналы келип кеткен.

2013-жылы Финансы секторуна баа берүү программасы (FSAP) боюнча иштер жүргүзүлгөн. Бул Программа, ЭВФ менен Дүйнөлүк банктын мүчө-мамлекеттердин финансы системаларына көз карандысыз комплекстүү баа берүү максатын көздөгөн биргелешкен демилгеси болуп саналат. FSAP программасы, ички факторлор же тышкы себептер менен алардын финансы секторлорунда орун алып жаткан көйгөйлүү маселелер тууралуу өлкөлөрдүн расмий органдарына алдын ала эскертип, аларды чечтетүү үчүн тиешелүү чараларды иштеп чыгууга көмөктөшүү максатын көздөйт. Дүйнөнүн 140тан ашуун өлкөсү, ЭВФке мүчө-мамлекеттердин төрттөн үч бөлүгү бул Программага катышкан.

Отчеттук жылдын жетинин айында Вашингтон шаарында ЭВФ менен Дүйнөлүк банктын башкаруучуларынын ар жылдык кеңешмеси өткөн, ага өкмөттүк делегациянын курамында Кыргыз Республикасынан ЭВФтин жетекчиси катары Улуттук банктын Төрагасы катышкан. ЭВФтин, Дүйнөлүк банктын, башка эл аралык финансылык донор институттардын жана чет өлкө борбордук банктарынын өкүлдөрү менен болгон жолугушуунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын экономикалык абалына, банк секторундагы жагдайларга тиешелүү маселелер, ошондой эле мындан аркы кызматташуу багыттары талкууланган.

*Акча-кредит саясаты маселелери боюнча кызматташуу*

ЭВФ менен ЕБРРдин колдоосу алдында, OGResearch компаниясынын консультанттары Улуттук банктын адистери менен биргеликте макроэкономикалык болжолдоолор жана экономикалык саясатка талдап-иликтөө системасын (FPAS) түзүү боюнча иштер улантылган. FPAS системасына өтүү акча-кредит саясатында чечимдерди кабыл алууга карата комплекстүү жана системага салынган ыкманы иштеп чыгууга өбөлгө түзөт. Ушул иштин алкагында Грузиянын Улуттук банкынын жана Молдова Улуттук банкынын өкүлдөрү системаны ишке киргизүү жана аны пайдалануу жагында тажрыйба алмашуу максатында Улуттук банкка иш боюнча кыдыруу менен келип кетишкен.

2013-жылы Улуттук банкка Швейцариянын экономика боюнча мамлекеттик катчылыгынын эксперти келип, иш-чаранын жүрүшүндө финансылык программалоо инструменттери менен иштөө маселелери кароого алынган.

Отчеттук жылдын бирдин жана жалган куран айларында ЭВФтин консультанты менен эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар талкууга алынган.

Жылдын жалган куран жана тогуздун айында Борбордук Азиянын, Кара деңиз жана Балкан региондорунда жайгашкан жыйырма бир мамлекеттин банктары мүчөсү болуп саналган Борбордук банктар башкаруучулар клубунун Чехия жана Арменияда болуп өткөн 29, 30-отурумдарына Улуттук банктын жетекчилиги да катышып келген. Отурумдардын жүрүшүндө учурдагы экономикалык жагдай жана финансылык туруктуулук маселелери, болуп өткөн каатчылык сабактары талкууланган.

2013-жылдын аяк оона айында Улуттук банктын жетекчилиги Азия жана Тынч океан регионунун өлкөлөрү үчүн Экономикалык жана социалдык комиссиясынын (ЭСКАТО) “Түндүк жана Борбордук Азияда туруктуу жана ишенимдүү өсүш үчүн макроэкономикалык саясат” темасында жогорку деңгээлдеги саясат маселеси боюнча диалогго катышып келген. Бул иш-чара, бардык региондордун кызыкдар тараптары үчүн өсүшкө, туруктуулукка жетишүү, диверсификациялоо жана

иш менен камсыз болуу проблемаларын, ошондой эле өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүшүнө өбөлгө түзүү үчүн макроэкономикалык саясат инструменттерин пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн талкуулоо шартынан болгон.

*Банктык көзөмөл маселелери боюнча кызматташуу*

Отчеттук мезгил ичинде ЭВФтин техникалык колдоосу алдында Улуттук банктын көзөмөлдөө потенциалын күчөтүү боюнча иши улантылып, коммерциялык банктардын ишин жөнгө салган бир катар ченемдик документтер иштелип чыккан.

2013-жылы финансы секторунун туруктуулугун арттыруу жана финансылык кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү долбоорунун алкагында Улуттук банк Дүйнөлүк банк менен кызматташууну уланткан. Улуттук банк, гранттык каражаттарды өлкөнүн финансы секторуна көзөмөлдүктү жакшыртуу багытында пайдалануу боюнча Дүйнөлүк банк жана SECO менен үч тараптуу меморандумду түзгөн.

Отчеттук жылдын тогуздун айында Европанын, Борбордук Азиянын, Жакынкы Чыгыштын жана Түндүк Африканын финансы рыногу секторунун директору баштаган Эл аралык финансылык корпорациясынын (ЭФК) делегациясы иш боюнча кыдыруу менен келген. Жолугушуунун жүрүшүндө микрокаржылоо институттарын коммерциялык банктарга трансформациялоо маселелери, Кыргыз Республикасынын Банк кодексинин долбоору жана башка маселелер талкууга алынган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан жактырылган “Кредиттик маалыматтарды алмашуу жөнүндө” мыйзам долбоорун кабыл алуу жагында биргелешкен иштер жүргүзүлгөн.

Жылдын күз айларында Улуттук банктын өкүлдөрү ЭФКнын колдоосу менен финансы секторуна жана жеке кредиттик бюронун ишине көзөмөлдүк боюнча мамлекеттик кредиттик реестрдин иши менен таанышуу максатында Италия банкына барып келген.

Өкмөттүк делегациянын курамында 2013-жылдын чын куран айында Улуттук банктын жетекчилиги финансылык жана техникалык кызматташуу маселелери боюнча Германиянын Бонн шаарында өткөн өкмөттөр аралык сүйлөшүүлөрдө катышкан.

Кароого алынган мезгил ичинде Улуттук банктын өкүлдөрү ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин 28-отурумуна катышкан. Кеңештин 2013-2014-жылдарга каралган иш программасына ылайык, Улуттук банк “Иш натыйжалары жана ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин банк секторун өнүктүрүү келечектери жөнүндө” маселе боюнча жооптуу аткаруучу катары иш алып барган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Германия Федеративдүү Республикасынын Өкмөтү ортосунда түптөлгөн кызматташуунун алкагында бештин айында Германия эл аралык кызматташуу коомунун (GIZ) банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөөнүн учурдагы абалына баяндаманы даярдоо милдетине кирген миссиясы иш боюнча кыдыруу менен келип кеткен.

Укуктук маселелер боюнча эл аралык консультанттын көмөктөшүүсү астында Банк кодексин иштеп чыгуу иши улантылган. Кодекс, банктык укуктук мамилелердин бардык катышуучуларынын бири-бири жана тышкы субъектилер менен өз ара иш алып баруусундагы так укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин аныктоо, ошондой эле банктык көзөмөлдүктүн, анын ичинде консолидацияланган негизде көзөмөлдүктүн натыйжалуулугун арттыруу үчүн каралган. Кодекстин жоболору ошондой эле, банктык продуктулардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулардын укугун жана кардарлардын мыйзамдуу таламдарын коргоого багытталган, ушунун өзү калайык калктын, ички жана тышкы инвесторлордун банк системасына ишенимин, ошондой эле өлкөнүн инвестиция тартуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.

Отчеттук жылы ичинде Шанхай кызматташуу уюмуна (ШОС) мүчөлүктүн алкагында Улуттук банктын эксперттери тарабынан бул уюмдун өнүгүү банкын жана өнүктүрүү фондун (Атайы эсеп) түзүү маселеси каралган.

Каралган мезгил ичинде Дүйнөлүк банктын эксперттери менен керектөөчүлөр укугун коргоо маселелерине алдын ала иликтөөлөр ишке ашырылган.

*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу маселеси жагында кызматташуу*

Бириккен улуттар уюмунун өнүктүрүү программасынын (ПРООН) колдоосу алдында Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу жагында сунуш-көрсөтмөлөр даярдалган.

Банк ишинин дүйнөлүк тажрыйбасы менен кеңири тааныштыруу максатында, 2013-жылы Улуттук банктын өкүлдөрү Финансылык мүмкүнчүлүктөр альянсына (AFI) мүчөлүктүн алкагында, бул уюмдун глобалдуу саясий форумуна катышкан. Уюмга катышуучу өлкөлөрдүн жакырчылыкты кыскартуу, керектөөчүлөр укугун коргоо, финансылык мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланууну арттыруу, ошондой эле финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө өлчөп-баа берүү боюнча саясатты жүзөгө ашыруу жагында тажрыйба алмашуу мына ушул форумдун башкы максатынан болгон.

ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин 29-отурумунун жүрүшүндө Улуттук банк акча белгилерин даярдатуу, нумизматика рыногун өнүктүрүү, эстелик жана коллекциялык монеталарды чыгаруу, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү маселелери боюнча координациялык кеңештин отчету, ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин утурумдук чекене төлөмдөр жана ири төлөмдөр системасы боюнча маалымат жана тажрыйба алмашуу маселеси боюнча материалдар караого сунушталган. ЕврАзЭСтин алкагында кызматташуу иш багыты ага катышуучу мамлекеттердин банк ишинин пайдубалын түптөгөн ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүгө, ошондой эле маалыматтык-аналитикалык тажрыйба алмашуунун натыйжалуу процессин жөнгө салууга өбөлгө түзгөн.

Мамлекеттер аралык банктын кеңешинин Улуттук банктын жетекчилиги катышкан кезектеги отурумунда аталган банктын мындан аркы иш багытына тиешелүү актуалдуу маселелер, мамлекеттер аралык эсептешүүлөрдү улуттук валютада ишке ашыруу, банктын финансылык абалы жана аны турукташтыруу боюнча чараларга тиешелүү маселелер каралган.

Республиканын региондорунун банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында, Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы менен мобилдик банкинг, мобилдик төлөмдөрдү колдонууга киргизүү жана жайылтуу боюнча долбоорду өздөштүрүү жагында макулдашууга жетишилген.

Отчеттук жылы банк персоналын Ислам өнүгүү банкы, ЭВФ, Бириккен Вена институту, Корея банк институту, “Альянс Факторс Консалтинг” SWIFT сыяктуу эл аралык финансылык уюмдарда, ошондой эле ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарында адистерди кесиптик жактан окутуу программасынын алкагында, окутуу жагында мамилелер колдоого алынган. Аталган институттар тарабынан уюштурулган иш-чараларда Улуттук банктын кызматкерлери Ислам каржылоо принциптерин, банкингин, кризистен кийинки натыйжалуу тескөө иши, макроэкономика жана башка маселелер боюнча окутуудан ийгиликтүү өтүшкөн.

## 5.2. Борбордук банктар менен кызматташуу

Улуттук банктын борбордук банктар менен кызматташуусу тиешелүү келишимдерге жана меморандумдарга ылайык, көп тараптуу сыяктуу, эки тараптуу негизде ишке ашырылган.

Улуттук банктын алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктары менен кызматташуусунун жыйынтыгы боюнча 2013-жылы борбордук (улуттук) банктардын кызматкерлери ортосунда тажрыйба алмашуу жана техникалык жардам долбоорлору ишке ашырылган.

*Азербайжан Борбордук банкы менен кызматташуу*

2013-жылы Улуттук банктын делегациясынын Азербайжан Борбордук банкына иш боюнча кыдыруусу уюштурулуп, анда статистикалык отчетторду автоматташтыруу, маалыматтарды топтоо жана иргөөнүн автоматташтырылган системасын иштеп чыгуу жана ESAS системасынын – “Маалыматтардын электрондук-статистикалык базасы жана аналитикалык отчеттор” системасынын мисалында колдонууга киргизүү жагында тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгү берилген.

*Дойче Бундесбанкы менен кызматташуу*

Улуттук банк 2013-жылы Дойче Бундесбанкы менен кызматташууну улантып, GIZтин колдоосу алдында Улуттук банктын акча-кредит саясатын жүргүзүү жагында иш алып барган адистеринин квалификациясын жогорулатууда олуттуу мааниге ээ бир катар долбоорлор ишке ашырылган. Мындан тышкары, Дойче Бундесбанкы Улуттук банктын ички аудит кызматынын иш сапатына сырттан баа берүүнү жүргүзүп, анын жыйынтыгы боюнча бул түзүмдүк бөлүмдүн иш сапаты ички аудиттин эл аралык стандарттарына жооп бере тургандыгы тастыкталып, ошондой эле бул иш багытын өркүндөтүү жагында сунуш-көрсөтмөлөр берилген.

*Польша Улуттук банкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын Польша Улуттук банкы менен өз ара иш алып баруусунун жүрүшүндө эл аралык камдарды тескөө, финансылык тобокелдиктер боюнча иш алып баруу, төлөм системасы жана нак эмес эсептешүүлөр, финансылык туруктуулук, билим берүү долбоорлору жана акча-кредит саясаты маселелери боюнча тажрыйба алмашууларга жетишилген.

*Россия Банкы менен кызматташуу*

Россия Банкы менен кызматташуунун чегинде Улуттук банктын көзөмөл блогунун адистери Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу финансылык университетте “Коммерциялык банктын куратору – банк менеджери”, “Коммерциялык банктын инспектору – банк менеджери” кошумча кесиптик билим берүү программасы боюнча Россия банкынын жолдомосуна ылайык окутуудан өтүшүп, тиешелүү сертификаттарга ээ болгон.

Мындан тышкары, Россия банкынын адистери менен Улуттук банктын адистеринин ортосунда жалпыга маалымдоо каражаттары, тышкы жана коомдук байланыштар уюмдары менен өз ара иш алып баруу маселелери жагында тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгү сунушталган.

*Түркия Республикасынын Борбордук банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жылдын үчтүн айында Түркия Республикасынын Борбордук банкынын, Түркия Республикасынын банктык жөнгө салуу жана көзөмөл агенттигинин, Түркия Республикасынын Кыргыз Республикасындагы элчилигинин экономика боюнча өкүлчүлүгүнүн эл аралык кызматташуу боюнча түрк агенттигинин Бишкек шаарындагы туруктуу өкүлчүлүгүнүн өкүлдөрү иш боюнча кыдыруу менен келип, анын жүрүшүндө Улуттук банк менен Түркия Республикасынын Борбордук банкынын мындан аркы кызматташуу багыттары талкууланып, тажрыйба алмашуу жана консультациялык жардамдарды сунуштоо жагында макулдашуулар жетишилген.

*Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуу*

2013-жылы Улуттук банктын Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуусу өнүгүп, бекемделген. Улуттук банктын жетекчилиги Эл аралык эсептешүүлөр банкы жана Швейцария Улуттук банкы менен биргеликте Базель шаарында (Швейцария) “Борбордук банктар үчүн өткөөл учурдун маселелери” темасындагы тегерек стол маегине катышкан. Ушул иш-чаранын жүрүшүндө банк ишинин,

борбордук банктын өз алдынчалыгынын ролуна тиешелүү актуалдуу маселелери каралган.

Отчеттук жылдын бештин айында Улуттук банктын жетекчиси Швейцария Улуттук банкына расмий иш сапары менен барып, анда эки банктын мындан ары кызматташуу маселелери талкууланган. Жолугушуунун жүрүшүндө борбордук банктардын жетекчилери Улуттук банктын маанилүү иш багыттары боюнча техникалык жардамдарды сунуштоо жагында бир катар макулдашууларга жетишкен.

Ошондой эле отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык моделин түзүү, инвестициялык портфелди тескөөгө алуу, бизнес-процесстерди өркүндөтүү жана банк ишинин башка аспектилери боюнча Швейцария Улуттук банкынын адистери менен консультациялар жүргүзүлүп турган. Нак акчаны ташып жеткирүүнүн коопсуздугун арттыруу үчүн атайы автоунаалар берилген.

*Башка борбордук банктар менен кызматташуу*

Улуттук банктын Арменияның, Италиянын, Кореянын, Малайзиянын, Франциянын борбордук (улуттук) банктары менен Улуттук банктын кызматкерлерин окутуу программасынын алкагында кызматташуусу улантылган.

Ушуну менен бирге эле, ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын адистерин кесиптик жактан окутуу программасына ылайык, Арменияның Борбордук банкынын кызматкерлери банктык көзөмөл жана лицензиялоо маселесин укуктук жактан камсыз кылуу жагында такшалуудан өтүшүп, Беларусь Республикасынын Борбордук банкынын кызматкерлери тобокелдиктерди тескөө системасы маселелери боюнча Улуттук банкта тажрыйба алмашууга жетишкен. КМШга кирген өлкөлөрдүн жана алыскы чет өлкөлөрдүн борбордук банктарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда “Акча-кредит саясатынын инструменттери” темасында өкүлчүлүктүү эл аралык семинар уюштурулган.

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

2013-жылдын акырына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу түзүмү борбордук аппараттын 21 түзүмдүк бөлүмүн, беш областтык башкармалыкты жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү камтып турган.

Башкаруу чечимдерин кабыл алууда комплекстүү ыкманы камсыз кылуу, түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин жакшыртуу, айрым милдеттердин кайталанып аткарылышын чектетүү, ошондой эле ички контролдук системасын өркүндөтүү максатында, бир катар түзүмдүк бөлүмдөрдү кайра өзгөртүп түзүү жана бириктирүү иштери жүргүзүлгөн.

Экономикалык маселелер боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле жергиликтүү жана чет өлкө экономикалык изилдөө институттары менен иштерди координациялоо үчүн Экономика башкармалыгынын Илимий-изилдөө тобу Экономикалык изилдөө борборуна өзгөртүлүп түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамына ылайык, мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча бирдиктүү саясат жүргүзүү үчүн котормо тобу Мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмүнө өзгөртүлүп түзүлгөн.

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; макроэкономикалык изилдөөлөрдү жүргүзөт; Улуттук банкта илимий-изилдөө иштерин уюштурат. |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | акча саясатынын ишке ашырылышын камсыз кылып, финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырат, аларга баа берүү жана иликтөө иштерин жүргүзөт, ачык рынокто операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүүлөрдүн себептерин аныктайт. |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн жана финансы рыногунун ишине тиешелүү көрсөткүчтөрдүн статистикасын жүргүзөт, төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелерин эксперттик колдоого алат, Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулугуна иликтөө жана баа берүү иштерин жүргүзөт. |
| ***Тышкы көзөмөл башкармалыгы*** | аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо жана ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу максатында, банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине тышкы (аралыктан) көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат. |

| | |
|---|---|
| ***Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | банктарга жана банктык эмес финансы-кредит мекемелерине көзөмөлдүктүн методологиялык базасын иштеп чыгат жана алардын ишин лицензиялоону жүзөгө ашырат. |
| ***Инспекциялоо башкармалыгы*** | банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелердин ишин, алардын мыйзам талаптарына ылайык келүүлөрү жагында жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү жүзөгө ашырат. |
| ***Уюштуруу-бюджет башкармалыгы*** | ишти пландаштыруу жана бюджет түзүү процессин, финансылык контролдукту жүзөгө ашырып, түзүмдүк бөлүмдөрдү кадр менен камсыз кылат жана Улуттук банктын уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат. |
| ***Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын экономикасынын банкнотторго жана моноталарга болгон керектөөсүн аныктап, алардын оптималдуу запастарын колдоо менен акча банкнотторунун, монеталардын жана баалуулуктардын сакталышын жана ташып жеткирилишин камсыз кылып, эскилиги жеткен банкноттор менен монеталарды жок кылуу боюнча чаралар топтомун жүзөгө ашырат. |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | банктар аралык эсептешүүлөр системасынын ишинин уюштурулушун камсыз кылат, финансы рынокторунда операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырат. |
| ***Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгы*** | маалымат технологияларын жана маалымат агымдарын оптималдаштыруу жагында ишенимдүү жана коопсуз чечимдердин өз убагында сунушталышын камсыз кылат. |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | методологиялык базаны иштеп чыгуу менен төлөм системасынын иш натыйжалуулугунун, ишенимдүүлүгүнүн жана коопсуздугунун камсыз кылынышын жөнгө салат, контролдукка алат, көзөмөлдүктү (оверсайтты) жүзөгө ашырат жана төлөм системасынын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. |
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | Улуттук банкта операциялар эсебин жүргүзөт жана финансылык отчетту түзөт, банктагы бухгалтердик эсепти жөнгө салуучу ченемдик актыларды иштеп чыгат, операциялык иштерге ички контролдукту жүзөгө ашырат. |
| ***Юридика башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишин комплекстик укуктук коштоп жүрүүнү, банк мыйзамдарынын өркүндөтүлүшүн жана кеңири жайылтылышын камсыз кылат. |
| ***Документ менен иштөө жана коммуникация башкармалыгы*** | борборлоштурулган документ жүгүртүүнү жана алардын аткарылышын уюштурат, ошондой эле протоколдук иш-чаралардын уюштурулушун жана өткөрүлүшүн, коомчулук менен байланыштын өнүгүшүн камсыз кылат. |

| | |
|---|---|
| ***Ички аудит кызматы*** | Улуттук банктагы ички контролдук системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүүнү жүргүзүп, тышкы аудитор менен өз ара иш алып барууну жүзөгө ашырат. |
| ***Тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын тышкы рыноктордо операцияларын жүргүзүү учурунда финансылык тобокелдиктерди тескөөгө алат, банкта тобокелдиктерди тескөө стратегиясы жана саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат, бөлүмдөрдүн тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча ишин координациялайт. |
| ***Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү*** | эл аралык финансы уюмдарынын жана донор өлкөлөрдүн Улуттук банкта же анын катышуусунда ишке ашырылуучу долбоорлорунда коштоп жүрүүнү камсыз кылат, ошондой эле Улуттук банкта сатып алуулардын борборлоштурулган системасын уюштурат. |
| ***Банк Башкармасынын катчылыгы*** | Улуттук банк Башкармасынын ишинин камсыз кылынышын уюштурат жана анын чечимдеринин аткарылышына контролдукту жүзөгө ашырат. |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин жана маалымат ресурстарынын коопсуздугун камсыз кылат. |
| ***Административдик-чарбалык камсыздоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын объектилеринде курулуш жана ремонт иштеринин аткарылышын жана алардын техникалык коопсуздук эрежелерине, нормаларына жана өндүрүштүк санитарияга ылайык пайдаланылышын камсыз кылат. |
| ***Басма сөз кызматы*** | жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу Улуттук банктын ишкердиги жана саясаты тууралуу коомчулукка маалымдоону жүзөгө ашырат. |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат, Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган финансы-кредит мекемелеринин банктык мыйзам талаптарын сактоосуна көзөмөлдүк жүргүзүү боюнча иш-чараларды аткарат, ошондой эле төлөм системасын өнүктүрүүнүн алкагында иш-чараларды жүзөгө ашырат. |

*Сынак аркылуу тандоо*

Кызматкерлерди ачык-айкын жана адилеттүү негизде ишке кабыл алуу максатында сынак аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесипкөй даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистердин тандалышына өбөлгө түзөт. Бош кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы тууралуу кулактандыруулар Улуттук банктын веб-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

2013-жылы 103 сынак өткөрүлүп, анын ичинен 14 сынак областтык башкармалыктарда жүргүзүлгөн. Сынактын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 59 адам кабыл алынган.


*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин саны 595 адамды түзгөн, анын ичинде 517 адам – борбордук аппаратта, 78 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен өкүлчүлүгүндө эмгектенишет.

Персоналдын эмгек стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.


***6.1.1-график***

Адистердин эмгек стажы боюнча курамы




***6.1.2-график***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы




Улуттук банкта корпоративдик башкарууну өркүндөтүү жана башкаруу чечимдеринин кабыл алынышын оптималдаштыруу максатында, комитеттер жана комиссиялар туруктуу негизде иштешет. Алардын иш тартиби жана жол-жоболору тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат.

### Улуттук банктын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери

***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети***

ликвиддүүлүктү күндөлүк тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгууну жана аларды ыкчам кабыл алууну жүзөгө ашырат.

Ачык рынокто иш-аракеттер варианттарына баа берүү жана тандоо, тандалып алынган иш-аракеттер варианты боюнча келип чыгуучу натыйжаларга иликтөө жүргүзүү,

чечимдерди кабыл алуу жана акча-кредит саясатынын инструменттерин пайдалануу шарттарын белгилөө комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат.

***Инвестициялык комитет*** белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде эл аралык камдарды тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат. Инвестициялык стратегияны карап чыгуу, анын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, финансы рынокторундагы абалды эске алуу менен инвестициялык ишкердиктин натыйжалуулугуна баа берүү жана бекитилген стратегиялардын алкагында тактикалык чечимдерди жана инвестициялык ишти өркүндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат.

***Көзөмөл боюнча комитети*** Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелердин ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча чечимдерди кабыл алат.

***Төлөм системасы боюнча комитет*** түзүмдүк бөлүмдөрдүн төлөм системасынын натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ишин координациялайт. Негизги милдетинен болуп, төлөм системасына тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу, сунуш-көрсөтмөлөрдү (корутундуларды) иштеп чыгуу жана сунуштоо саналат.

***Тобокелдиктер боюнча комитет*** Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу, тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат.

***Маалымат системалары боюнча координациялык комитет*** Маалымат системасын өнүктүрүү стратегиясын жана Маалымат системаларын өнүктүрүүнүн келечекке каралган планын жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана иш-чаралардын аткарылышына контролдукту жүзөгө ашырат.

***Аудит боюнча комитет*** Улуттук банктын финансылык отчетунун толук жана анык берилишине тиешелүү контролдуктун жүргүзүлүшүн, ички контролдук системасынын ишенимдүүлүгүн жана натыйжалуулугун, тышкы жана ички аудиттин көз карандысыздыгын камсыз кылууга көмөк көрсөтөт. Комитеттин үч мүчөсүнүн экөөсүнө көз карандысыз эксперттер тартылышкан.

***Дисциплинардык комиссия*** Улуттук банктын кызматкерлери тарабынан эмгек тартибинин бузулушу, ошондой эле Кызматтык иш этикасы кодексинин нормаларынын сакталышы боюнча маселелерди кароого алат.

МАЗМУНУ

| | |
|---|---|
| ***Коррупцияны алдын алуу боюнча комиссия*** | коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана аларга мониторинг жүргүзүү аркылуу, коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттерди көрүү иштерин жүргүзөт. |
| ***Ишке байланыштуу талаш маселелерди чечүү боюнча комиссия*** | Улуттук банкта ишке байланыштуу келип чыккан жеке мүнөздөгү талаш-тартыштарды кароого алат. |
| ***Методологиялык комиссия*** | айрым ченемдик актылар долбоорлорунун методологиялык жактан иштелип чыгышын кароого алат. Улуттук банктын ченемдик актыларында колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет. |
| ***Борбордук эксперттик комиссия*** | Улуттук банктын документтерине экспертиза жүргүзөт жана аларды сактоо же жок кылуу үчүн тандоо иштерин уюштурат жана ишке ашырат. |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча уюштуруу түзүмү**




МАЗМУНУ

## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдагы иши

*Жалпы маалыматтар*

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзам талабына ылайык, Банк Башкармасы Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана ал банктын негизги иш багыттарын бекитет. Банк Башкармасынын ыйгарым укуктары "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамы менен аныкталат. Башкарманын ишин Улуттук банктын Төрагасы жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан шайланат. Банк Башкармасынын мүчөлөрү Улуттук банктын Төрагасынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын, банктык көзөмөл жана төлөм системасын өнүктүрүү боюнча саясатты аныктайт, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитип, жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин, ошондой эле Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жана БФКМдердин негизги өнүгүү багыттарын белгилейт. Улуттук банк Башкармасынын регламентине ылайык, Банк Башкармасы анын ыйгарым укуктарына тиешелүү башка маселелерди да караоого алат.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген пландарга ылайык жүргүзүлгөн. 2013-жылы 53 отурум өткөрүлүп, 394 маселе караоого алынып, алар боюнча 253 тиешелүү токтом кабыл алынган. Мындан тышкары, 17 маалымат отурумдары өткөрүлүп, 135 маселе караоого алынган.

*Акча-кредит саясаты жөнүндө маселелерди кароо*

Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын жыйынтыктарына баа берүү үчүн Банк Башкармасы акча-кредит саясат жөнүндө отчетторду чейрек сайын карап турган. Отчеттордо акча-кредит саясатын ишке ашыруунун натыйжалары, инфляция динамикасын аныктаган факторлор, экономикалык өнүгүүгө талдап-иликтөөлөр жана болжолдоолор камтылган. Мындан тышкары, келээрки мезгилге каралган акча-кредит программасы боюнча сунуштар чейректик негизде каралып турган. Улуттук банк Башкармасы тарабынан жактырылган акча-кредит программасынын сценарийи Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети үчүн ыкчам чечимдерди кабыл алуу учурунда багыт катары пайдаланылган.

Республиканын экономикасына алгылыксыз таасирлердин кесепеттерин алдын алуу максатында, Банк Башкармасынын маалыматтык отурумдарында Кыргыз Республикасынын соода өнөктөш өлкөлөрүнүн экономикаларынын өнүгүү тенденциялары, дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы жана энергопродукциялар рынокторундагы жагдай тууралуу материалдар ар айлык негизде каралып турган.

2013-жылдын үчтүн айында Улуттук банк Башкармасы 2014-2017-жылдарга каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарын жактырган. Бул документте Улуттук банктын орто мөөнөттүү мезгилге каралган акча-кредит саясатынын максаттары жана милдеттери, экономикалык жагдайга талдап-иликтөөлөрдүн жана экономиканын негизги секторлорунун өнүгүү болжолдоолорунун негизинде аныкталат. Аталган документте акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча чаралар, Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында аныкталган максаттарга жетүүгө багытталган.

Отчеттук мезгилдин акырында банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2014-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсү жактырылган. Мурдагыдай эле бул билдирүү, Улуттук банктын келээрки мезгилге каралган негизги иш багыттарын коомчулукка маалымдоо үчүн даярдалат. Документ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2014-жылга карата экономикалык саясат жөнүндө биргелешкен

билдирүүсүн даярдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине жөнөтүлгөн.

2014-жылы акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналынын ишин жакшыртууга багытталган акча-кредит саясатынын жаңы негиздерине өткөндүгүнө, ошондой эле эсептик чен ролу жогорулатылгандыгына байланыштуу, жылдын үчтүн айында Банк Башкармасы 2014-жылдын чын куран айынан тартып Улуттук банктын эсептик ченин аныктоо механизмин өзгөртүү, б.а. аны Улуттук банк Башкармасынын өзүнчө чечимдери менен белгилөө чечимин кабыл алган.

Жылдын үчтүн айында Банк Башкармасы, Улуттук банктын коммуникациялык саясатын өнүктүрүүнүн алкагында Улуттук банктын эсептик чени өлчөмүнө тиешелүү маселелер боюнча 2014-жылга каралган отурумдар графиги аныкталып, борбордук банктын расмий веб-сайтында жарыяланган. Жаңы тажрыйбага ылайык, Банк Башкармасынын Улуттук банктын эсептик ченинин өлчөмү жөнүндө маселелер боюнча отурумдарындагы талкуулоолордун жыйынтыктары тууралуу пресс-релиздер да расмий сайтка жарыяланат.

Мындан тышкары, Банк Башкармасы, Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүктүрүүгө өтүү” программасын аткаруу максатында, аларды ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын карооого алган.

Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулугу тууралуу отчеттор жарым жылдык негизде каралоого алынып турган. Бул отчеттордо Кыргыз Республикасынын финансы системасында орун алып турган тобокелдиктерге иликтөөлөр, алгылыксыз жагдайлар жана көйгөйлөр, ошондой эле алардын бүтүндөй финансы секторунун туруктуулугуна таасири чагылдырылат. Финансылык туруктуулукка мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыктары Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттарында эске алынган.

Улуттук банктын акча-кредит саясатынын инструменттерин кеңейтүү жана өркүндөтүү максатында, Банк Башкармасы акча-кредит саясатынын инструменттери боюнча ченемдик актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор долбоорлорун карооого алган. Бүтүндөй алганда, 2013-жылы акча-кредит саясатына тиешелүү 35 маселе карооого алынып, алардын ичинен 30 маселе боюнча токтом кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөө жагында негизги милдеттеринен болуп, ликвиддүүлүктү колдоо жана камдык активдердин коопсуздугун камсыз кылуу саналат. Улуттук банк Башкармасы белгиленген милдеттерди ишке ашыруу максатында, келээрки мезгилге каралган инвестициялык саясатты жана эталондук портфелди карооого алат жана бекитет. Эл аралык камдарды тескөө натыйжалуулугуна баа берүү үчүн алар боюнча отчетторду жыл сайын карап чыгат жана бекитет.

Ички ресурстардын эсебинен эл аралык камдар көлөмүн көбөйтүү максатында Улуттук банк Башкармасы, Кыргыз Республикасынын ички рыногунда монетардык алтынды келээрки мезгилге сатып алуу көлөмүн карап чыгат жана бекитет. Жалпысынан, 2013-жылы эл аралык камдарды тескөө маселелери боюнча банк Башкармасы тарабынан 3 маселе каралып, алар боюнча тиешелүү токтомдор кабыл алынган.

*Банктык жана банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөлдүк маселелерин кароо*

Банк Башкармасы тарабынан банк тутумунун коопсуз, ишенимдүү жана туруктуу ишин камсыз кылууга, банктардын аманатчыларынын жана башка кредиторлорунун таламдарын коргоо үчүн активдерди сактоого багытталган маселелер туруктуу негизде карооого алынып, калайык-калктын банктарга карата ишенимин жогорулатуу чаралары да көрүлгөн.

Көзөмөл иштерин жүзөгө ашыруу жөнүндө отчеттор чейректик негизде, ал эми атайы иш ыргагы киргизилген коммерциялык банктардын күндөлүк иши тууралуу маселелер ар айлык негизде Банк Башкармасы тарабынан каралып турган.

Отчеттук мезгил ичинде Банк Башкармасы, банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу боюнча ченемдик базаны өркүндөтүүгө багытталган бир катар токтомдор кабыл алынган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Банк Башкармасы микрокаржылоо системасынын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун андан ары бекемдөөгө багытталган бир катар токтомдорду кабыл алган. Микрокаржылоо компанияларында терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттерди көрүү маселелери жагында ички контролдукту уюштуруу боюнча талаптар киргизилген.

Кыргыз Республикасында ислам банк ишин жайылтуу шарттары каралган мыйзамдарды ишке ашыруунун алкагында, Банк Башкармасы тарабынан операцияларын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан банктардын, микрокаржылоо уюмдарынын жана кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу, анын ичинде каржылоону ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунуштоодо кредиттик тобокелдикти чектөөгө багытталган маселелер боюнча ченемдик укуктук актылар бекитилген.

Талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу тартибине ылайык, Улуттук банк Башкармасы, Көзөмөл боюнча комитет тарабынан айрым коммерциялык банктарга колдонгон чаралары боюнча маселелерди карап чыккан.

"Банк секторун 2014-жылдын акырына чейин өнүктүрүүнүн негизги багыттарында" каралган, банк тутумун өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүүсүнө жүргүзүлгөн мониторингдин натыйжалары Банк Башкармасы тарабынан чейректик негизде каралып турган.

Бүтүндөй алганда, отчеттук жыл ичинде Улуттук банктан лицензия алышкан айрым коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелердин иши боюнча 141 маселе каралып, 83 токтом, ошондой эле алардын ишин жөнгө салуучу ченемдик база боюнча 29 токтом кабыл алынган. Буларга, жаңы ченемдик актылар сыяктуу эле, мурда кабыл алынган ченемдик актыларга киргизилген өзгөртүүлөр да камтылган.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын жалпы түзүмүнө жана тажрыйбалык ишине карата саясатты иштеп чыгуу максатында, Улуттук банк Башкармасы өлкөнүн төлөм системасынын ишин жөнгө салуу боюнча иштерди жүргүзгөн.

Нак эмес эсептешүүлөр системасын өркүндөтүү жана нак эмес формада жүзөгө ашырылуучу салык төлөмдөрүн эсепке алуу тартибин аныктоо үчүн банк Башкармасы "Кыргыз Республикасында нак эмес эсептешүүлөр жөнүндө" жобого, товарлар, иштер жана кызматтар үчүн төлөөдө, ошондой эле салыктарды, жыйымдарды жана башка төлөмдөрдү төлөөдө банктык төлөм карттарын пайдалануу боюнча өзгөртүүлөрдү киргизген.

Банктык төлөм карттары боюнча төлөмдөр көлөмүн көбөйтүү жана алдын ала төлөнгөн карттар боюнча аз суммадагы (белек катары сунушталуучу, жаштар, мектеп окуучулары, социалдык долбоорлор, товарларды/кызматтарды сатып алуулар, МКК карыз алуучулары үчүн карттар жана башкалар) массалык төлөмдөрдү өнүктүрүү үчүн "Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө" жана "Алдын ала төлөнгөн карттар формасындагы электрондук акчаларды пайдалануу менен төлөм кызматтарын сунуштоо ишин лицензиялоо жөнүндө" жоболорго өзгөртүүлөр киргизилген.

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы тууралуу отчет жана төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк жүргүзүүнүн натыйжалары Банк Башкармасы тарабынан чейрек сайын каралып турган.

Отчеттук мезгил ичинде Банк Башкармасы тарабынан төлөм системасына

тиешелүү 17 маселе кароого алынып, алардын ичинен 12 маселе боюнча төлөм системасын андан-ары өнүктүрүүгө, колдонулуучу төлөм инструменттеринин спектрин кеңейтүүгө жана төлөм системасындагы тобокелдиктерди төмөндөтүүгө багытталган токтомдор кабыл алынган.

*Башка маселелер*

Мындан тышкары, кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын ишин уюштуруу маселелери жана башка маселелер каралып, алар боюнча 125 токтом кабыл алынган, ошондой эле алдын-ала талкуулоону талап кылган 73 маселе талкууга алынган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

2013-жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында банк ишин жөнгө салуучу мыйзамдык базаны өркүндөтүү жана өнүктүрүү иштерин жүргүзгөн.

*Мыйзамдарды өркүндөтүү*

Отчеттук мезгил ичинде банк мыйзамдарына Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө”, “Кредиттик союздар жөнүндө” жана “Чет өлкө валютасы менен операцияларды жүргүзүү жөнүндө” мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, бул мыйзамдар микрокаржылоо секторунун андан ары да сапаттык өсүшү үчүн шарттарды түзүүгө, ошондой эле микрокаржылоо уюмдарынын жана кредиттик союздардын системасын күчөтүү, анын туруктуулугун, ишке жөндөмдүүлүгүн жана жөнөкөй жарандар үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында, укуктук чөйрөнү өркүндөтүүгө багытталган. 2013-жылдын бугу айынын жыйырма алтысында кабыл алынган өзгөртүүлөрдө жана толуктоолордо, микрокаржылоо уюмдарынын жана кредиттик союздардын операцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн арттыруу, карыз алуучулардын укуктарын коргоо жана рынок атаандаштыгын өнүктүрүү, ошондой эле чет өлкө валютасында операцияларды кесиптик негизде жүргүзүү укугу берилген жактардын тизмесин кеңейтүү каралган.

Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарын андан-ары өркүндөтүү максатында, “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзам долбоору боюнча иштер улантылууда. Бул мыйзам натыйжалуу акча жүгүртүлүшүн уюштуруу боюнча мамлекеттик саясатка ылайык, улуттук төлөм системасынын ишин, ошондой эле финансы-кредит мекеме болуп саналбаган жана Кыргыз Республикасынын аймагында төлөмдөрдү үчүнчү жактардын пайдасына кабыл алуу боюнча кызматтарды, ошондой эле төлөмдөрдү өткөрүүгө жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу жана сунуштоо (процессинг) боюнча ортомчулук кызматтарды сунушташкан юридикалык жактардын ишин жөнгө салууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында сүткорлук ишти чектөө жөнүндө” мыйзам талаптарын аткаруунун алкагында Улуттук банк, финансы-кредит мекемелердин кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык ченди эсептөө ыкмасын иштеп чыккан.

Мындан тышкары 2013-жылы Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Банк кодексинин долбоорун – кодификацияланган ченемдик-укуктук актыны, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын Банк кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоорун макулдашуу жана аны андан ары ишке ашыруу боюнча иштер улантылган. Бул долбоор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна сунушталган.

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

2013-жылы Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иштер да улантылган. Улуттук банк Башкармасы жана Көзөмөл боюнча комитети бул маселелер боюнча 250дөн ашык токтом кабыл алган, анын ичинде:

МАЗМУНУ

- 2013-жылдын бирдин айынын отуз бириндеги – Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2006-жылдын чын куран айынын экисинде кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2006-жылдын бугу айынын жетисинде 34-06 номеринде каттоодон өткөртүлгөн №5/7 "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу";
- 2013-жылдын жалган куран айынын он үчүндөгү – Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2006-жылдын чын куран айынын экисинде кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2006-жылдын бугу айынын жетисинде 34-06 номеринде каттоодон өткөртүлгөн №5/7 "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу", "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" ("Кредиттик союздарды лицензиялоо жөнүндө" жобого жана "Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрокаржылоо компанияларын лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө" жобого);
- 2013-жылдын чын куран айынын жыйырма экисинде –"Көзөмөл боюнча комитеттин токтому менен бекитилген, банктын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери жөнүндө маалымат базасын жүргүзүү боюнча усулдук көрсөтмөгө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу";
- 2013-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздарды депозитардык эсепке алуу жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу";
- 2013-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана ордун жабуу жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу";
- 2013-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизинде "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бир күндүк кредит жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу";
- 2013-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын "овернайт" кредити жөнүндө" жобону бекитүү туулуу";
- 2013-жылдын бугу айынын онунда – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" ("Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү максатында, коммерциялык банктарда ички контролдуктун уюштурулушуна карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобого жана "Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын микрокаржылоо уюмдарында жана кредиттик союздарында ички контролдуктун уюштурулушуна карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобого);
- 2013-жылдын бугу айынын жыйырма төртүндө - "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" ("Банктардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө" нускоого жана Кыргыз Республикасынын аймагында микрокаржылоо компаниялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине);
- 2013-жылдын теке айынын он төртүндө – "Банктык кызмат көрсөтүүлөр жана микрокаржылоо уюмдары тарабынан сунушталуучу кызмат көрсөтүүлөргө баа белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө

жобону бекитүү тууралуу"; "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын чын куран айынын он биринде кабыл алынган №12/6 "Банктардын капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө" токтомунун 1-2 пунктун чечмелөөлөр (түшүндүрүүлөр) жөнүндө";

– 2013-жылдын теке айынын жыйырма алтысындагы – Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2005-жылдын аяк оона айынын жыйырма бешинде кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2005-жылдын тогуздун айынын он алтысында 132-05 номеринде каттоодон өткөртүлгөн №26/5 токтому менен бекитилген "Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө" жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө";
– 2013-жылдын аяк оона айынын жетисинде – "Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөгө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө";
– 2013-жылдын аяк оона айынын жыйырма сегизинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" ("Кыргыз Республикасында пилоттук долбоордун алкагында, ислам каржылоо принциптерин ишке ашыруу жөнүндө" жобого, "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылуучу операциялар жөнүндө" жобого жана "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерге карата талаптар жөнүндө" убактылуу жобого);
– 2013-жылдын тогуздун айынын жыйырма бешинде – "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө жобону" бекитүү тууралуу";
– 2013-жылдын жетинин айынын жыйырма үчүндө – "Микрокаржылоо уюмдарынын жана кредиттик союздардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерине карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу";
– 2013-жылдын бештин айынын жыйырма жетисинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" ("Банктык кызмат көрсөтүүлөр жана микрокаржылоо уюмдары тарабынан сунушталуучу кызмат көрсөтүүлөргө баа белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобого жана Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрокаржылоо компанияларынын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине);
– 2013-жылдын үчтүн айынын жыйырма үчүндө - "Операцияларын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан кредиттик союздарда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу"; "Депозиттерди тартпаган микрокаржылоо уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө" нускоону бекитүү тууралуу" жана башкалар.

## 6.4. Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу

Улуттук банк 2013-жылы, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык кеңешчисинин милдетин аткаруусунун чегинде төмөнкү иштерди жүзөгө ашырган:

– акча-кредит саясатын ишке ашыруу, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды жана аналитикалык ма-

МАЗМУНУ

териалдарды Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө дайыма берип турган;
- финансы жана банк маселелери же Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү маселелерди козгогон мыйзам долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актыларга, чечимдерге экспертиза жүргүзгөн;
- республикалык бюджеттин долбоорун кароого алуу учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө консультацияларды берип турган;
- Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө (министрликтерди жана ведомстволорду кошо алганда) финансы жана банк системасынын маселелери боюнча консультацияларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү берип турган.

Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө туруктуу негизде сунушталуучу аналитикалык маалыматтарда, Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттары, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр, экономиканын тышкы секторундагы жагдай жөнүндө маалыматтар камтылган. Көбүнчө Улуттук банктын, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жыйынтыктары, тышкы займдар, төлөм теңдеминин жана алмашуу курсунун абалы, тышкы соодада орун алган жагдайлар, банк тутумунун жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин абалы, банк жана банктык эмес финансы-кредит системасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын финансылык кызматтардан пайдалануучуларынын укуктарын коргоо жагында банктык мыйзамдарды өзгөртүү боюнча кабыл алган чаралары жөнүндө маалыматтык каттар жөнөтүлгөн.

Улуттук банк экономикалык саясат жагында иштерди координациялоонун алкагында, банк тутумунун, банктык эмес финансы-кредит мекемелер тутумунун абалы, макроэкономикалык жагдай боюнча сунуштар жана болжолдоолор жөнүндө маалыматтарды да сунуштап турган. Дүйнөлүк соода уюмунун Соода саясаты боюнча баяндамаларды даярдоо комитетинде бекитүү максатында, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун мамлекеттик системасын иштеп чыгуу, МБКларды фондулук биржанын тоорук аянтчасына жайгаштыруу, эл аралык камдар көлөмү жана аларды тескөө, ошондой эле Өкмөттүн баалуу кагаздары боюнча маалыматтар жана төлөм системасында түптөлгөн жагдай, ошондой эле башка маселелер боюнча маалыматтар, Соода саясатынын улуттук баяндамасына киргизилиши үчүн тиешелүү министрликтерге жана ведомстволорго жөнөтүлгөн.

Кеңейтилген кредиттик механизмдин алкагында Эл аралык валюта фондусу тарабынан колдоого алынган 2011-2014-жылдарга каралган экономикалык программаны аткаруунун чегинде Улуттук банк, макроэкономикалык жагдайды болжолдоолор боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды берген. Эл аралык валюта фондусу менен Дүйнөлүк банктын Финансы секторуна баа берүү программасы боюнча жүргүзгөн иштеринин алкагында да маалыматтар берилген. Мындан тышкары, экономиканын тышкы секторундагы жагдайды турукташтыруу боюнча сунуштар даярдалган.

Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруунун алкагында Улуттук банк мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине отчеттук мезгил ичинде бардыгы болуп 500дөн ашык кат жөнөткөн.

Улуттук банк отчеттук жыл ичинде 38 мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзгөн, анын ичинде:
- Кыргыз Республикасынын 2014-жылга республикалык бюджети жана 2015-2016-жылдарга болжолдоолору жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” конституциялык мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Жо-

горку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө;
- Кыргыз Республикасында сүткорлук ишти чектөө жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө";
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө (Жарандык кодекске жана "Күрөө жөнүндө" мыйзамга);
- Кыргыз Республикасында лицензиялоо аркылуу уруксат берүү системасы жөнүндө;
- Кыргыз Республикасындагы гарантиялык фондулар жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" мыйзамына өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын "Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламенти жөнүндө" мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын "Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу жана башкалар.

2013-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 40тан ашуун токтом долбоорлоруна экспертиза жүргүзүлгөн жана сунуштар даярдалган, анын ичинде:
- Кыргыз Республикасынын 2014-2016-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүүсүн болжолдоо жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын бирдин айы - тогуздун айы ичинде социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын 2012-жыл ичинде социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин нормаларынын талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө;
- Өкмөттүн Улуттук банктагы эсептерине пайыздарды чегерүү жөнүндө;
- 2013-2017-жылдарга Экспортту өнүктүрүү стратегиясынын долбоорун жактыруу жөнүндө;
- Бажы кодексинин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө;
- Транспорт жана коммуникация министрлигине караштуу "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасын модернизациялоонун, почта-аманат системасын өнүктүрүүнүн жана почта банкын түзүүнүн 2013-2017-жылдарга каралган программаларын бекитүү жөнүндө;
- Өкмөттүн 2009-жылдын бирдин айынын жыйырма сегизиндеги №58 "Экономикалык иштин түрү боюнча милдеттүү патент алуунун негизинде салык ченин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;
- Өкмөттүн 2010-жылдын чын куран айынын экисиндеги №118 "Кыргыз

Республикасынын аймагында соода жүргүзүү эрежелеринин жыйнагын бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
– Өкмөттүн 2012-жылдын чын куран айынын он тогузундагы №184 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын 2012-2014-жылдарга өнүгүү стратегиясын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
– "Мамлекеттик гарантияларды берүү тартиби жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу "Сот өкүлчүлүгүнүн борбору" мекемесин түзүү жөнүндө;
– Өкмөттүн 2014-жылга каралган мыйзам долбоорунун планын бекитүү тууралуу;
– "Кредиттик союздардын финансылык компаниясы" ААКсынын айыл чарба техникасынын лизинги үчүн кредиттик ресурстарды көбөйтүү жөнүндө жана башка.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу*

2013-жыл ичинде Улуттук банк, мамлекеттик программаларды жана пландарды, анын ичинде төмөнкүлөрдү иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышкан:
– Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга каралган улуттук стратегиясы;
– Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүгүүгө өтүү программасы ;
– Кыргыз Республикасынын ЭВФтин кеңейтилген кредиттик механизми (ЕСФ) тарабынан колдоого алынган 2011-2014-жылдарга экономикалык программасы;
– Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн 2012-2017-жылдарга көбөйтүү боюнча мамлекеттик программасы;
– Микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2011-2015-жылдарга каралган стратегиясы;
– Өкмөттүн "Айыл чарбасын каржылоо" программасы;
– 2013-2020-жылдарга Фискалдык саясат концепциясынын долбоору;
– 2013-2017-жылдарга Экспортту өнүктүрүү стратегиясынын долбоору;
– Өкмөттүн мыйзам долбоорлор боюнча иштеринин 2013-жылга планы жана башкалар.

*Эл аралык келишимдерге экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусунун алкагында Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын финансы жана банк тутумуна тиешелүү эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга экспертиза жүргүзгөн, аларга төмөнкүлөр да кирет:
– Кыргыз-орус өкмөттөр аралык комиссиясынын соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча 15-отурумунан толтурулган протокол долбоору;
– Бажы биргигинин ишине тиешелүү, ошондой эле Бажы биргигине кошулуу маселелери боюнча келишимдер;
– Европа биргиги менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы өз ара түшүнүшүү меморандумунун долбоору;
– Кыргыз Республикасы менен Европа биргигинин ортосундагы микрокаржылоо жардамынын гранты тууралуу келишим долбоору;
– Кыргыз-австрия комиссиясынын эки тараптуу экономикалык байланыштар боюнча 4-отурумунан толтурулган протокол;
– Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын ортосундагы эки тараптуу кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык долбоорлор;
– Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине кирген мүчө мамлекеттердин кызмат көрсөтүүлөрдү эркин сатуу жөнүндө келишим долбоору;

– Кыргыз Республикасы менен Европа инвестициялык банкынын ортосундагы Европа банкынын Кыргыз Республикасындагы ишкердиги тууралуу чектүү келишими;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Германия Федеративдик Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы техникалык жана финансылык кызматташуу жөнүндө келишим долбоору;
– Кыргыз Республикасы менен Бириккен Араб Эмиратынын, Австриянын, Түркиянын ортосундагы инвестицияларды коргоо жана дем берүү жөнүндө келишим долбоору;
– Польша Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ортосунда байланышкан жардам көрсөтүүнүн алкагында кредит берүү жөнүндө келишим долбоору жана башкалар.

Мыйзам долбоорлоруна, Өкмөттүн токтомдорунун долбоорлоруна, эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүнүн натыйжасында, Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча корутундулар, сын-пикирлер жана сунуштар берилген.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк, республиканын Россия, Казакстан, Тажикстан, Украина, Австрия, Польша, Түркия сыяктуу өлкөлөр менен эки тараптуу кызматташтыгын өнүктүрүүнүн жана активдештирүүнүн инструменттеринин бири болуп саналган өкмөттөр аралык комиссиялардын ишине катышкан. Өкмөттөр аралык комиссиялардын алкагында банк ишине, көбүнчө Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкө банктарынын түзүлүшүнө жана иш жүргүзүүсүнө тиешелүү маселелер бир нече жолу кароого алынган, ошондой эле соода, мамлекеттик карыз жана акча которуулар боюнча статистикалык маалыматтар да мезгил-мезгили менен берилип турган.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын өкүлдөрү 15 ведомство аралык жумушчу тобунун жана комиссиялардын төмөнкү маселелерине тиешелүү иштерге катышкан:

– Финансы министрлиги менен Улуттук банктын ортосундагы Ведомстволор аралык координациялык кеңештин ишинин алкагында акча-кредит саясаты жана салык-бюджет саясатына тиешелүү маселелерди координациялоо;
– Кыргыз Республикасынын Бажы бирлигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке кошулуусу жөнүндө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Бажы бирлигине кирүүсүнүн алкагында ведомстволордун өз ара иш алып баруу механизмин иштеп чыгуу боюнча сүйлөшүүлөр;
– Кыргыз Республикасынын калайык-калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча программаны иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасынын “Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө” мыйзам долбоорун иштеп чыгуу;
– 2010-жылдын бугу жана теке айларындагы окуялардан улам жабыркаган карыз алуучулар, күрөө коюучулар менен коммерциялык банктардын, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ортосундагы маселелерди жөнгө салуу;
– микрокаржылоо институттарынын депозиттерин коргоо концепциясын иштеп чыгуу, ал микрокаржылоо институттарынын депозиттерин коргоо системасынын укуктук жана ченемдик базасын кийинчерээк иштеп чыгууда негиз болууга тийиш;
– Микрокаржылоону 2011-2015-жылдарда өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңештин иши;
– Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү;
– Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамын өркүндөтүү;

- Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүгүү банкы жана “ЭкоИсламикБанк” ААКсынын ортосундагы ислам банк иши жана каржылоо принциптерин Кыргыз Республикасына жайылтуу боюнча өз ара түшүнүшүү меморандумун андан-ары ишке ашыруу;
- Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын коргоо маселелери боюнча эл аралык арбитраждык териштирүү боюнча;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан демилгеленген, ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган, мыйзам долбоорлорунун регулятивдик таасирлерине талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын “Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жөнүндө” мыйзамын өркүндөтүү;
- “АКШ салык төлөөчүлөрүнүн чет өлкөдөгү эсептерине салык салуу жөнүндө” мыйзамга тиешелүү маселелер боюнча (FATCA);
- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын инвентаризациялоо.

Ведомство аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын ишине катышуулардын натыйжасында Улуттук банк, өз компетенциясына кирген маселелер боюнча маалыматтарды берип, сунуштарды киргизген.

Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча Ведомстволор аралык комиссиянын ишинин алкагында пенсияларды, мамлекеттик жөлөк пулдарды, акчалай компенсацияларды жана башка социалдык төлөөлөрдү банктык төлөм карттарынын жардамы менен коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу төлөөгө өтүү боюнча долбоорлор жайылтылган. Мындан тышкары, чек китепчелеринин заманбап альтернативасы жана кол менен иштөөнү автоматташтырылган эсепке алууга алмаштыруу катары “Бюджеттик каражаттарды алуучунун карты” пилоттук долбоору жана жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптарды банктык төлөм карттары аркылуу төлөө боюнча долбоор да жайылтылган.

Микрокаржылоону өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңешке караштуу Эксперттик топ, Калайык-калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасынын долбоорун иштеп чыккан жана аны Өкмөттүн кароосуна жөнөткөн. Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамын өркүндөтүү боюнча сунуштар берилген. Ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо боюнча Ведомстволор аралык комиссиянын ишинин алкагында, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамынын ченемдик укуктук актыларындагы карама-каршылыктарды жана дал келбөөчүлүктөрдү четтетүүгө багытталган ченемдик укуктук актылар долбоорлорун иштеп чыгууга катышкан.

## 6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы

*Укуктук негиз*

Улуттук банктын ички аудити, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык, Ички аудит кызматы тарабынан жүргүзүлөт.

Ички аудит кызматынын негизги милдеттеринен болуп, түзүмдүк бөлүмдөрдө ички контролдук жана тобокелдикти тескөө системасынын уюштурулушуна баа берүү, аларга жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышына текшерүүлөрдү жүргүзүү, Улуттук банктын Аудит боюнча комитети, ошондой эле тышкы аудиторлор менен Улуттук банктын финансылык отчетуна аудит боюнча өз ара иш алып баруу саналат.

Ички аудит кызматы, ички аудиттин Эл аралык стандарттарына, кесиптик тажрыйбасынын негиздерине жана Этика кодексине таянуу менен иш алып барат.

2012-жылы башталып жана сертификатталган ички аудитор-эксперт Дойче

*Ички аудиттин ишине баа берүү*

Бундесбанк тарабынан отчеттук мезгил ичинде жүргүзүлгөн Ички аудит кызматынын ишинин сапатына көз карандысыз баа берүү аяктаган. Баа берүү ички аудиторлордун Эл аралык кесипкөй стандарттарынын талаптарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу нормаларынын чегинде, Ички Аудиторлор Институтунун Сапатка баа берүү боюнча колдонмосунун негизинде жүргүзүлгөн.

*Ишкердикти жүзөгө ашыруу*

Жүргүзүлгөн баа берүүлөрдүн жыйынтыгында Ички аудит кызматынын иши "жалпысынан талапка жооп берген" ("generally conforms") катары таанылган. Бул Ички аудиттин эл аралык стандарттарынын жана Ички Аудиторлор Институтунун Этика кодексинин талаптарына ылайык, жогорку деңгээлдеги рейтинг болуп саналат. Эксперт, жогорку деңгээлдеги талапка жооп бере тургандыгын белгилеп, ички аудит методологиясын өркүндөтүү жана эл аралык мыкты тажрыйбаларды колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү сунуштаган.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын негизги иш багыттары, анын ичинде нак акча жүгүртүлүшү маселелери, Улуттук банктын маалыматтык коопсуздугун жана ишинин автоматташтырылышын камсыз кылуу, персонал менен иш алып баруу, ошондой эле башка багыттар боюнча аудитордук текшерүүлөрдүн жүргүзүлүшү камсыз кылынган.

Текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча ички аудиторлор тарабынан ички ченемдик укуктук актыларды, ички контролдук жана тобокелдиктерди тескөө системаларын өркүндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр берилген. 2013-жылы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктарынан улам, Улуттук банктын олуттуу аспектилер боюнча иши Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык келет жана ички контролдук системасы да жалпысынан, тобокелдиктерге шайкеш деген тыянак чыгарууга болот.

Ички аудит кызматы аудитордук текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдүн аткарылышына үзгүлтүксүз негизде мониторинг жүргүзүп турат.

*Тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруу*

Ички аудит кызматы тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруулардын алкагында, Улуттук банктын 2012-жыл үчүн финансылык отчетуна аудитти жүзөгө ашырган "KPMG" ЖЧКсы жана 2013-жыл үчүн финансылык отчетко көз карандысыз аудит жүргүзгөн "Грант Торнтон" ЖЧКсы эл аралык аудитордук уюмдары менен иштөөнү координациялаган.

Аудит боюнча комитетке жүктөлгөн максаттарга жана милдеттерге ылайык, отчеттук мезгил ичинде 18 отурум өткөрүлүп, анда анын компетенциясына тиешелүү маселелер каралып, тиешелүү чечимдер кабыл алынган. Аудит боюнча комитет ички аудит методологиясы боюнча ички ченемдик документтерди, ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарын, Ички аудит кызматынын иш сапатына көз карандысыз тышкы баа берүүлөрдүн алкагында алынган сунуш-көрсөтмөлөрдү карап чыккан жана Ички аудит кызматынын отчету менен таанышкан.

Ички аудиторлордун билимин, жөндөмдөрүн жана компетенцияларын үзгүлтүксүз кесиптик жактан өнүктүрүү аркылуу өркүндөтүү үчүн, аудиторлор КМШ өлкөлөрүнүн жана алыскы чет өлкөлөрдүн борбордук банктарында өткөрүлгөн окутуу семинарларына, ошондой эле Ички аудиторлор институтунун материалдарын өз алдынча окуп үйрөнүү боюнча программаларга катышышкан. Кадр потенциалын кесиптик жактан өнүктүрүү жана бекемдөөнүн алкагында Ички аудит кызматынын кызматкерлери Сертификатталган ички аудит программасы боюнча окутуудан өтүшкөн.

## 6.6. Коомчулукка маалымат берүү

2013-жылы Улуттук банк өз ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатууга, жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты тууралуу коомчулукка маалымат берүүнү кеңейтүүгө жана республиканын банк жана төлөм системасында жүрүп жаткан процесстерди түшүндүрүүгө багытталган иштерди уланткан. Коомчулукка маалымат берүү, расмий басылмаларды чыгаруу, маалыматтарды расмий сайтка жарыялоо, аларды жалпыга маалымдоо каражаттарына (ЖМК) чыгаруу, теле жана радио берүүлөрдү эфирге чыгаруу, жетекчиликтин катышуусу менен пресс-конференцияларды, брифингдерди жана калктын ар кандай максаттуу топтору үчүн башка дагы маалыматтык-агартуу иш-чараларын өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылган.

*ЖМК менен кызматташуу*

Отчеттук жылда Улуттук банк коомчулук менен байланышты калыптандыруу жана колдоо боюнча иштөө ыкмаларын өркүндөткөн, анын ичинде борбордук банктын функцияларын жана милдеттерин аткаруунун алкагында өз иши тууралуу коомчулукка маалымдоо багытын күчөткөн. Басма сөз кызматы түзүлгөн, Улуттук банктын ЖМК менен өз ара иш алып баруусун камсыз кылуу анын негизги милдетинен болгон.

Коомчулукка маалымдоонун маанилүү иш багыттарынын биринен болуп, Улуттук банктын бардык иш багыттарына, анын функцияларына жана милдеттерине тиешелүү маалыматтык, билим берүү жана аналитикалык материалдарды ЖМКга туруктуу негизде жарыялап туруу саналган. Мында, темалардын актуалдуулугу жана талап кылынышы эске алынып, жалпыга белгилүү жана профили боюнча максаттуу аудиторияга туура келген басылмалар тандалып алынган. Жалпысынан отчеттук жыл ичинде Улуттук банк, журналисттердин сурап-билүүлөрүнө ылайык республикалык сыяктуу эле, эл аралык ЖМКларда 400гө жакын басылманын жарыяланышын демилгелеген жана даярдаган. Отчеттук мезгил ичинде ЖМКга 200гө жакын жазуу жана оозеки түрүндөгү билдирүүлөр катталган жана иштелип чыккан.

*Жаңылыктар*

Мындан тышкары, 2013-жылы Улуттук банктын веб-сайтында 51 атайын жаңылык жарыяланып, алар аркылуу коомчулукка Улуттук банктын актуалдуу маселелери боюнча расмий позициясы, ошондой эле иш натыйжалары маалымдалган.

Улуттук банктын аймактык ЖМКлар менен кызматташтыгы жигердүү жүргүзүлгөн. Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча узак мөөнөткө каралган маалыматтык кампаниясын ишке ашыруунун алкагында да жарыялануучу маалыматтардын көлөмү кыйла көбөйгөн. Кароого алынып жаткан жыл ичинде региондордогу областтык башкармалыктар аркылуу 100гө жакын материал чыгарылган. Мында, электрондук ЖМКлар (ТВ, радио, интернет) сыяктуу эле, басма сөз да ишке тартылган. Областтык башкармалыктардын кызматкерлери интервью беришип, тематикалык макалаларын жайгаштырышкан.

*ЖМКлар үчүн атайын иш-чаралар*

Массалык медиа менен кызматташууну өнүктүрүү жана финансылык сабаттуулукту жогорулатуу максатында Улуттук банк, ЖМК өкүлдөрү үчүн атайын маалыматтык билим берүү иш-чараларын үзгүлтүксүз негизде уюштуруп турган. Улуттук банктын адистери мурдатан калыптанып калган чейрек сайын өткөрүлүп турууучу иш-чараларын кошо алганда, тогуз пресс-конференцияга жана брифингдерге катышкан, аларда акча-кредит саясатынын жыйынтыктары айтылган. Журналисттер менен болгон жолугушууларда республиканын микрокаржылоо секторунда жана банк чөйрөсүндө түптөлгөн жагдайлар, ошондой эле валюта рыногунда жана төлөм системасында орун алган тенденцияларга түшүндүрмөлөр берилген. Мындан тышкары, 2013-жылы журналисттер үчүн атайын долбоорлор – семинарларды, тегерек стол маектерин, форумдарды, пресс-турларды уюштуруу иши жандандырылган.

*Теле көрсөтүүлөр жана радио берүүлөр*

Өздүк медиа продукцияларын чыгаруу, Улуттук банктын коомчулукка маалымдоо ишиндеги дагы бир маанилүү багыты болуп саналат. Отчеттук жылы "Нацбанк сообщает" теле көрсөтүүсүнүн жана радио берүүлөрдүн форматы кайра каралып чыккан, ошол эле учурда, маалыматтык түзүүчү жана Улуттук банкта, ошондой эле өлкөнүн финансы секторунда орун алган негизги окуяларды жарыялоо сыяктуу башкы максаты сакталып калган. Отчеттук жыл ичинде 14 телепрограмма "ЭлТР" телеканалынан көрсөтүлүп, "Биринчи радио" аркылуу 72 радиопрограмма берилген. Маалымат берүүчү (агартуучу) чыгарылыштар Улуттук банктын ролу жана функциялары менен тааныштырууга арналып, аларда банк мыйзамдарына, финансы жана валюта рынокторунун, төлөм системалары жана баалуу кагаздар рынокторунун ишине тиешелүү маселелер, ошондой эле терроризмди каржылоо жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоо жагында көйгөйлөр, эл аралык камдар, мамлекеттик баалуу кагаздар, кредиттер, банктык карттар, Улуттук банктын коллекциялык монеталары жана көптөгөн башка маселелер сыяктуу, учурда коомчулукту тынчсыздандырып турган актуалдуу темалар чагылдырылган.

Улуттук банктын веб-сайтынын "Басма сөз борбору" бөлүгү туруктуу негизде толукталып турган, анда ЖМКга чыгарылган басылмалардын архивдик материалдары, ошондой эле Улуттук банктын "Нацбанк сообщает" өздүк теле-радио программаларынын чыгарылыштары жайгаштырылган.

*Коомдук кабылдама*

Коомдук кабылдаманын алкагында, калайык-калкка Улуттук банктын компетенциясына кирген бардык маселелер, жарандардын жазуу жүзүндөгү кайрылуулары жана билдирүүлөрү боюнча консультацияларды берүү иштери улантылган. Бардыгы болуп, 2013-жылы Улуттук банктын дарегине 985 кат жүзүндөгү кайрылуу (анын ичинде областтык башкармалыктарга – 348) келип түшкөн. Кат жүзүндөгү билдирүүлөрдүн негизги тематикасын, Улуттук банктын чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата белгиленген эсептик курсу жана кайра каржылоо эсептик чени, республиканын банктык жана банктык эмес мекемелеринин иши жөнүндө; МККларды жана МКАларды түзүү тартиби жана башка маселелер боюнча маалыматтарды талап кылуулар түзгөн.

"Жарандардын кайрылууларын карап чыгуу тартиби жөнүндө" мыйзам талаптарын ишке ашыруунун алкагында Улуттук банктын борбордук аппаратындагы жана бардык областтык башкармалыктарындагы, ошондой эле Баткен областтык өкүлчүлүгүндөгү маалымат такталарына, Улуттук банктын расмий сайтындагы жаңылык тилкесине жана "Банк жөнүндө" бөлүгүнө тиешелүү маалыматтар, анын ичинде кайрылууларды туура толтуруу талаптары, ошондой эле жарандар өз кайрылууларын жана билдирүүлөрүн жөнөтө турган электрондук почта дареги жайгаштырылган.

*Эксперттик форумдар*

Жыл ичинде Улуттук банк тарабынан экономисттердин жана мамлекеттик жана жеке секторлордун, эл аралык уюмдардын жана жогорку окуу жайларынын финансылык эксперттеринин катышуусу менен эксперттик форумдар өткөрүлгөн. Көз карандысыз эксперттер тарабынан өлкөдө макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылууга багытталган сунуш-көрсөтмөлөрдүн иштелип чыгышы – бул форумдардын негизги максатынан болгон. Улуттук банк аймактык эксперттик форумдарды өзүнүн бардык областтык башкармалыктарынын жана Баткен областтык өкүлчүлүгүнүн базасында да өткөргөн. Бул форумдардын отурумдарындагы талкуулоолордун натыйжалары Улуттук банктын пресс-релиздеринде, газета материалдарында, Улуттук банктын веб-сайтында жана ЖМКларда үзгүлтүксүз жарыяланып турган.

*Коммерциялык банктардын жетекчилери менен тегерек стол маектери*

"Кыргызстан банктар бирлиги" ЮЖБ менен биргеликте коммерциялык банктардын жетекчилеринин катышуусу менен жыл сайын өткөрүлүүчү тегерек стол маектери уюштурулуп, анда банк сектору чөйрөсүндөгү актуалдуу темалар, аларды ишке ашыруунун милдеттери жана ыкмалары талкууланган. Көбүнчө,

МАЗМУНУ

финансылык туруктуулукту жогорулатуу үчүн депозиттерди коргоо системасын андан-ары өнүктүрүү маселелери, калкты финансылык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу көйгөйлөрү каралып, жаңы банктык продуктуларды жайылтуу, төлөм системасын өнүктүрүү жана финансылык сабаттуулукту пропогандалоону киргизүү зарылчылыктарына өзгөчө көңүл бурулган. Мындан тышкары, 2014-2017-жылдарга Кыргызстандын банк секторун өнүктүрүүнүн негизги багыттары, ошондой эле Улуттук банктын акча-кредит саясатынын жаңы инструменттерине өтүү маселеси жана башка маселелер талкууланган.

*Улуттук валютанын – кыргыз сомунун 20 жылдыгы*

Улуттук банктын маалымат берүү ишинде улуттук валютанын – кыргыз сомунун 20 жылдыгына өзгөчө көңүл бурулуп, 2013-жылы ичинде бул багытта ар кандай иш-чаралар өткөрүлүп турган.

Алсак, Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы менен биргеликте 2013-жылдын чын куран айында “Акча жүгүртүүнүн улуттук системасы: калыптанышы жана өнүгүү келечектери” деп аталган аймактык илимий конференция өткөрүлгөн. Конференцияга мамлекеттик башкаруу секторунун, академиялык коомчулуктун жана ЖМКнын өкүлдөрү катышкан. Анын жүрүшүндө кыргыз сомунун калыптанышынын жыйынтыктары жана Кыргыз Республикасынын финансы секторунун өнүгүү келечектери талкууланган.

2013-жылдын кулжа айынын жыйырмасында Бишкек шаарында Кавказ жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тажрыйбаларынын негизинде “Өткөөл мезгил жана келечекке айкын жол” темасында эл аралык конференция өткөрүлгөн. Иш-чара Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Эл аралык валюта фонду, Реконструкциялоонун жана өнүгүүнүн Европа банкы, Швейцария экономикасынын маселелери боюнча Мамлекеттик катчылык (SECO) тарабынан уюштурулган. Кавказ жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн советтик доордон кийинки жыйырма жыл ичиндеги тажрыйбалары, алган сабактары жана келечекке саясат чөйрөсүндөгү артыкчылыктары, милдеттери тууралуу пикир алмашуу, ошондой эле туруктуу жана ар тараптуу өсүшкө жетүү үчүн региондо орун алган көйгөйлөрдүн негизинде маанилүү саясат чараларын жана келечекке артыкчылыктарды аныктоо жагында биргелешкен чечимдерди иштеп чыгуу, конференциянын негизги максатынан болгон.

2013-жылдын кулжа айынын жыйырма биринде сомдун киргизилишинин 20 жылдык маарекесине арналган салтанаттуу жыйын өткөрүлүп, ага өлкөнүн жогорку жетекчилиги, сомду киргизүү боюнча комиссиянын мүчөлөрү, Улуттук банктын экс-төрагалары, ошондой эле коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансылык институттардын жетекчилери, борбордук (улуттук) банктардын, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү жана башкалар да катышкан.

Улуттук валюта темасында балдар чыгармачылыгына сынак жарыяланып, ага 7 жаштан 14 жашка чейинки окуучулар тарткан сүрөттөрүн жана кол эмгектерин сунушташкан. Ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн да сынак уюштурулуп, сынактын жеңүүчүлөрүнө эстелик белектер ыйгарылган.

Улуттук банкта нумизматикалык көргөзмө ачылып, экспозицияга байыркы мезгилден тартып биздин күндөргө чейин Кыргызстандын аймагында жүгүртүүдө болгон, акча жүгүртүлүшүнүн өнүгүү тарыхына сересеп салууга өбөлгө түзгөн акча белгилери; ошондой эле республиканын эгемендүүлүккө ээ болгон жылдары ичинде чыгарылган коллекциялык моneталар; ар кайсы мезгилдерде чыгарылган жана кыргыз сомунун өнүгүү баскычын чагылдырган банкноттордун эскиздери жана үлгүлөрү коюлган. ЖМК өкүлдөрү, студенттер жана Улуттук банк тарабынан маарекенин алкагында уюштурулган сынактардын катышуучулары үчүн экскурсиялар жүргүзүлгөн.

Жыл ичинде улуттук валютанын киргизилгендигине арналган көчмө көргөзмөлөр уюштурулган. Аларда улуттук валютанын калыптануу жана өнүгүү

тарыхын чагылдырган планшеттер, тактап айтканда, алгачкы сомдор, улуттук валютанын эскиздик варианттары жана банкноттордун коргоо элементтери сунушталган.

*Журналисттер арасында өткөрүлгөн сынактар*

Коомчулукка Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын жүгүртүүгө чыгарылгандыгынын 20 жылдыгы тууралуу маалымдоо иштерине ЖМК да жигердүү тартылган. Ондогон макалалар жарыяланып, Улуттук банктын өкүлдөрү тарабынан даярдалган сыяктуу эле, ЖМК демилгеси боюнча борбордук банктын адистеринин комментарийлеринин негизинде түзүлгөн жаңылыктар, аналитикалык жана агартуучулук теле жана радио сюжеттер эфирге чыгарылган. 2013-жылы сомдун мааракесин майрамдоонун алкагында Улуттук банк тарабынан улуттук валюта темасын мыкты ачып берген журналисттерге карата жарыяланган республикалык сынак, улуттук валюта тууралуу темалардын жайылтылышында жана материалдардын ЖМКларда жарыяланышында маанилүү роль ойногон. Жалпысынан сынакка Бишкек шаарынын жана аймактардын электрондук жана басма сөз маалымдоо каражаттарындагы 43 автордон 67 эмгек келип түшкөн.

*Аймактарда маалымат берүү*

Республиканын аймактарында маалымат берүү иштери Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен өкүлчүлүгү аркылуу жүргүзүлгөн. Аймактык башкармалыктар тарабынан: “Эскилиги жеткен банкнотторду жарактуу банкнотторго алмаштыруу тартиби жөнүндө”, “Улуттук валютадагы банкноттордун коргоо элементтери”, “Коллекциялык монеталарды сатып өткөрүү” видеороликтеринин областтык телерадио компаниялары аркылуу эфирге чыгарылышы, бүтүндөй калайык-калкка банкноттордун коргоо белгилери, жаңы чыгарылган нумизматикалык монеталар жана аларды сатып алуу тартиби жөнүндө маалымдоого өбөлгө түзгөн.

Баткен өкүлчүлүгүндө, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Ош жана Талас областтык башкармалыктарында өткөрүлгөн семинарлар, нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүнүн көбөйүшүнө арналган. Ысык-Көл областтык башкармалыгында коммерциялык банктардын касса кызматкерлери үчүн “Банкноттордун коргоо элементтери”, “Жарактуу жана эскилиги жеткен акчаларды иргөө тартиби”, “Касса документтерин тариздөө тартиби” деген темаларда семинарлар уюштурулган. Мындан тышкары, улуттук валютанын жүгүртүүгө чыгарылгандыгынын 20 жылдыгына арналган өзүнчө иш-чаралар да өткөрүлгөн. Алсак, Улуттук банктын Талас областтык башкармалыгынын кызматкерлери областтык ЖМКлар арасында сынак өткөргөн. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын областтык башкармалыктарында көчмө көргөзмөлөр уюштурулган.

*ЖОЖдун студенттеринин ортосунда өткөрүлгөн түшүндүрмө иштер*

Республиканын ЖОЖдорунда окугандар үчүн борбордук банктын максаты, милдети жана функциялары менен таанышуу семинарлары жана лекциялар өткөрүлгөн. Кыргыз сомунун мааракесин белгилөө үчүн Бишкек шаарынын, Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Нарын областтарынын студенттери менен өткөрүлгөн жолугушуулардын жүрүшүндө, Улуттук банктын эксперттери эгемендүү республиканын алгачкы акча белгилеринин жаралгандыгы, банкноттордун жана монеталардын коргоо элементтеринин өркүндөтүлгөндүгү жана аларга аяр мамиле жасоо тууралуу айтып беришкен.

*Улуттук банктын веб-сайты*

Расмий веб-сайт, пайдалануучуларга маалыматтын жеткиликтүүлүгүн ыкчам камсыз кылуу менен коомчулукка маалымдоонун маанилүү инструменти болуп келет. Жыл ичинде сайттын жаңы бөлүктөрүн түзүү жана колдонуудагы бөлүктөрүнө сунушталуучу маалыматтарды кеңейтүү иштери да улантылган. Алсак, Улуттук банктын ишинин жана маалыматтардын ачык-айкындуулугун камсыз кылуу максатында, “Банк жөнүндө” бөлүгүндө “Улуттук банктын коррупцияга каршы чаралары” деген бөлүкчө түзүлүп, ага коррупцияга каршы аракеттерди көрүү боюнча ченемдик материалдар, программалар жана иш-чаралар планы жайгаштырылган; ал эми “Акча-кредит саясаты” бөлүгүндө “Акча-кредит саясаты маселелери боюнча отурумдардын графиги” жана “Банк Башкармасынын Акча-кре-

диттик маселелер боюнча отурумдарынын пресс-релиздери” деген бөлүкчөлөр түзүлгөн; “Улуттук банктын ченемдик укуктук актылары” бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында сүткорлук ишин чектөө жөнүндө” мыйзам талаптарын аткаруу максатында “Финансы-кредит мекемелеринин кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык ченди эсептөө ыкмасы” жайгаштырылган. Пайдалануучуларга ыңгайлуу болуш үчүн веб-сайттын башкы баракчасында банктарга жана БФКМдерге берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жөнүндө маалыматтар жайгаштырылган.

# III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2013-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

# 7-ГЛАВА. 2013-ЖЫЛДЫН ҮЧТҮН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

## МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Көз карандысыз аудитордун отчету | 105-106 |
| Финансылык абал жөнүндө отчет | 107 |
| Түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчет | 108 |
| Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет | 109 |
| Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет | 110-111 |
| Капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет | 112-113 |
| Финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр | 114-169 |

Grant Thornton

**ЖЧК Грант Торнтон**
Раззакова к. 15- үй.
720040 Бишкек, Кыргызстан
T + 996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

**ОсОО Грант Торнтон**
ул. Раззакова, д. 15
720040 Бишкек, Кыргызстан
T +996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

Grant Thornton LLC
15 Razzakova str
720040 Bishkek, Kyrgyzstan
T + 996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

www.grantthornton.kg

## Көз карандысыз аудиторлордун отчету

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары «Улуттук банк») 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абалы тууралуу отчеттон, түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө, чогуу алгандагы киреше жөнүндө, капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө жана көрсөтүлгөн күнү бүткөн жыл ичиндеги акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттордон, ошондой эле финансылык отчетту түзүүнүн негизги принциптерин чечмелөөдөн жана  башка түшүндүрмөлөрдөн турган  финансылык отчетуна аудит жүргүздүк.

*Жетекчиликтин финансылык отчеттун даярдалышы үчүн жоопкерчилиги*

Жетекчилик, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талаптарын аткаруу максатында, өздөрү аныктаган, 2-тиркемеде баяндалган  финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптерине ылайык, ушул финансылык отчеттун даярдалышы жана анын ачык-айкын сунушталышы, ошондой эле алдамчылыкка баруунун кесепетинен же каталарга жол берүүдөн улам, олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчетту даярдоо үчүн жетекчиликтин пикири боюнча зарыл болгон ички контролдук системасынын уюштурулушу үчүн  жоопкерчиликтүү.

*Аудиторлордун милдеттери*

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде ушул финансылык отчет боюнча корутунду даярдоо – биздин  милдет. Биз, аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудит жүргүздүк. Көрсөтүлгөн стандарттарга ылайык биз, этика нормаларын сактоого, ушул финансылык отчетто олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жетиштүү тастыктоону ала алгандай негизде аудитти пландаштырып, жүргүзүүгө милдеттүүбүз.

Аудит, финансылык отчетто чагылдырылган суммаларды жана маалыматтарды тастыктаган аудитордук далилдерди алууга багытталган жол-жоболордун аткарылышын камтыйт. Талаптагыдай жол-жоболорду тандоо, финансылык кыянатчылыкка баруунун же каталарга жол берүүнүн кесепетинен болобу, финансылык отчетто олуттуу бурмалоолордун орун алышы тобокелдигине баа берүүнү кошо алганда, аудитордун кесипкөйлүк ой-пикирине негизденет. Мындай тобокелдиктерге баа берүүдө аудитор, уюмдун ички контролдук системасынын натыйжалуулугу тууралуу ой-пикирди билдирүүнү

**Аудит, Салык, Кенеш берүү**
**Аудит, Налоги, Консультирование**
**Audit, Tax, Advisory**
Грант Торнтон Интернешнл мүчөсү
Член Грант Торнтон Интернешнл
Member of Grant Thornton International Ltd

Grant Thornton

эмес, мындай жагдайларда зарыл болгон аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, финансылык отчетту даярдоого жана аны адилет сунуштоого байланыштуу ички контролдук каражаттарын кароону көздөйт. Аудит ошондой эле, финансылык отчеттун жетекчилик тарабынан жалпы сунушталышына баа берүү сыяктуу эле, эсепке алуу саясатына таянуунун максатка ылайыктуулугуна жана эсептик баа берүүлөрдүн негиздүүлүгүнө баа берүүнү да камтыйт.

Биз, алынган аудитордук далилдерди аудитордук корутундуну негиздеп берүү үчүн жетиштүү жана ишенимдүү болуп саналат деп эсептейбиз.

**Пикир**

Биздин пикирибиз боюнча кароого сунушталган финансылык отчеттон 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата банктын финансылык абалынын олуттуу багыттары, ошондой эле анын иш натыйжаларынын жана көрсөтүлгөн күндө бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабын аткаруу максатында, жетекчилик тарабынан аныкталган, 2-түшүндүрмөдө баяндалган финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптерине ылайык так чагылдырылган.



2014-жылдын чын куран айынын жыйырмасы

**«Грант Торнтон» ЖЧКсы**

**Аудит, Салык, Кенеш берүү**
**Аудит, Налоги, Консультирование**
**Audit, Tax, Advisory**
Грант Торнтон Интернешнл мүчөсү
Член Грант Торнтон Интернешнл
Member of Grant Thornton International Ltd

## *7.2. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчет*

| | Эскер-түүлөр | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Баалуу металлдар | 4 | 6 885 077 | 7 721 599 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 5 | 74 082 074 | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | 6 | 854 131 | 810 528 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 7 | 28 864 607 | 32 554 699 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 8 | 755 502 | 1 379 590 |
| Репо-келишими боюнча күрөөгө коюлган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 8 | 756 049 | 931 657 |
| Негизги каражаттар | 9 | 1 065 042 | 1 002 918 |
| Материалдык эмес активдер | | 50 631 | 3 232 |
| Башка активдер | 10 | 1 336 634 | 1 105 454 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **114 649 747** | **102 770 305** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 11 | 66 954 154 | 58 252 168 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 12 | 6 707 152 | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 13 | 8 425 690 | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | | 585 744 | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 14 | 6 634 637 | 3 046 903 |
| Алынган кредиттер | 15 | 4 029 843 | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 16 | 6 426 299 | 6 192 312 |
| Башка милдеттенмелер | | 35 046 | 37 512 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **99 798 565** | **85 637 586** |
| **КАПИТАЛ** | 17 | | |
| Уставдык капитал | | 1 000 000 | 1 000 000 |
| Милдеттүү камдар | | 3 188 193 | 2 953 496 |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | | 10 207 689 | 12 380 422 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | 11 135 | 16 478 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 444 165 | 782 323 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **14 851 182** | **17 132 719** |
| **Бардыгы болуп, милдеттенмелер жана капитал** | | **114 649 747** | **102 770 305** |

Асанкожоева З.М.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2014-жылдын чын куран
айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Ургалиева Ч.М.
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2014-жылдын чын куран
айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

## *7.3. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчет*

| | Эскер-түүлөр | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 18 | 1 018 119 | 1 161 496 |
| Пайыздык чыгашалар | 18 | (172 350) | (337 351) |
| **Таза пайыздык киреше** | | **845 769** | **824 145** |
| Комиссиондук кирешелер | | 25 875 | 20 423 |
| Комиссиондук чыгашалар | | (9 211) | (1 089) |
| **Таза комиссиондук киреше** | | **16 664** | **19 334** |
| Активдердин баасынын түшүүсүнө камды калыбына келтирүү | 19 | 14 563 | 59 189 |
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда | 20 | 320 042 | 532 659 |
| Башка кирешелер | | 49 579 | 122 715 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **384 184** | **714 563** |
| **Операциялык кирешелер** | | **1 246 617** | **1 558 042** |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (239 986) | (250 955) |
| Административдик чыгашалар | 21 | (552 414) | (513 951) |
| Башка чыгашалар | | (10 052) | (10 813) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(802 452)** | **(775 719)** |
| **Жыл ичинде алынган пайда** | | **444 165** | **782 323** |

Асанкожоева З.М.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2014-жылдын чын куран
айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Ургалиева Ч.М.
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2014-жылдын чын куран
айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

## *7.4. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет*

| | 2013-ж.<br>миң сом | 2012-ж.<br>миң сом |
|---|---|---|
| **Жыл ичинде алынган пайда** | **444 165** | **782 323** |
| **Түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчеттун курамында кайра классификацияланышы мүмкүн болгон статьялар** | | |
| Чет өлкө валюталарын жана баалуу металлдарды кайра баалоо камы: | | |
| - чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон (чыгым)/пайда | (1 914 626) | 2 832 735 |
| - чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялардан алынган, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | (258 107) | (462 131) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза чыгым | (5 343) | (40 569) |
| **Түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчеттун курамында кайра классификацияланышы мүмкүн болбогон статьялар** | **-** | **-** |
| **Жыл ичинде башка чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | **(2 178 076)** | **2 330 035** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичинде чогуу алгандагы (чыгым)/киреше** | **(1 733 911)** | **3 112 358** |

Асанкожоева З.М.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2014-жылдын чын куран
айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Ургалиева Ч.М.
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2014-жылдын чын куран
айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

## *7.5. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет*

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Пайыздар жана алынган комиссиондук төлөмдөр | 1 129 914 | 886 188 |
| Пайыздар жана төлөнгөн комиссиондук төлөмдөр | (130 404) | (215 219) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча өздөштүрүлгөн (реализацияланган) пайда | 61 935 | 70 528 |
| Башка кирешелер | 27 892 | 92 781 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | (351 538) | (320 841) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана моneталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | (239 986) | (319 779) |
| Административдик чыгашалар | (308 886) | (146 384) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | **188 927** | **47 274** |
| **Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/ азаюусу** | | |
| Баалуу металлдар | (1 198 781) | (1 129 253) |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | (9 335 426) | 511 913 |
| Берилген кредиттер | (32 846) | 516 717 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 2 599 838 | (10 785 039) |
| Башка активдер | (55 361) | (15 130) |
| **Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү /(азаюусу)** | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 8 701 986 | 8 385 232 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | (694 365) | 1 755 085 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 2 609 978 | (2 186 418) |
| Операциялык иштин жүрүшүндө чыгарылган карыздык балуу кагаздар | 3 583 083 | 1 690 825 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | (211 373) | 588 978 |
| Башка милдеттенмелер | 1 829 | (58 375) |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып (кирүүсү)/чыгуусу** | **6 157 489** | **(678 191)** |

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Негизги каражаттарга жана материалдык эмес активдерге ээ болуу | (166 447) | (402 192) |
| Төлөөгө чейин кармалып турган инвестициялардын ордун жабуудан түшүүлөр | 683 352 | 64 352 |
| Консолидацияланбаган туунду ишкананын ишин токтотуусунан түшүүлөр | - | 8 984 |
| Ассоциацияланган уюмдардын капиталына инвестициялардын көбөйүүсү | - | (61 000) |
| Төлөөгө чейин кармалып турган инвестициялардан алынган пайыздар | 101 400 | 95 320 |
| Алынган дивиденддер | 22 075 | 25 971 |
| **Инвестициялык ишкердиктен акча каражаттардын таза агылып кириши/(чыгышы)** | **640 380** | **(268 565)** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Алынган кредиттердин түшүүсү | - | 57 705 |
| Алынган кредиттердин ордунун жабылышы | (872 468) | (1 026 911) |
| **Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | **(872 468)** | **(969 206)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза (азайуусу)/көбөйүүсү** | **5 925 401** | **(1 915 962)** |
| Чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүүсүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | 759 732 | 553 456 |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 27 456 868 | 28 819 374 |
| **Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** (5-түшүндүрмө) | **34 142 001** | **27 456 868** |



Асанкожоева З.М.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2014-жылдын чын куран
айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Ургалиева Ч.М.
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2014-жылдын чын куран
айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

## 7.6. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет

| миң сом | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2012-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 1 000 000 | 2 278 165 | 10 009 818 | 57 047 | 2 251 101 | 15 596 131 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 782 323 | 782 323 |
| **Башка чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза чыгым | - | - | - | (40 569) | - | (40 569) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон түшкөн пайда | - | - | 2 832 735 | - | - | 2 832 735 |
| Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялар боюнча, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | (462 131) | - | - | (462 131) |
| Жыйынтыгында, чогуу алгандагы башка киреше | - | - | 2 370 604 | (40 569) | - | 2 330 035 |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | - | - | 2 370 604 | (40 569) | 782 323 | 3 112 358 |
| **Түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү | - | - | - | - | (1 575 770) | (1 575 770) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 675 331 | - | - | (675 331) | - |
| **Жыйынтыгында** | **-** | **675 331** | **-** | **-** | **(2 251 101)** | **(1 575 770)** |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **1 000 000** | **2 953 496** | **12 380 422** | **16 478** | **782 323** | **17 132 719** |

Капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

| **миң сом** | **Уставдык капитал** | **Милдет-түү кам** | **Баалуу металл-дарды жана чет өлкө валютала-рын кайра баа-лоо боюнча кам** | **Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар-ды кайра баалоо боюнча кам** | **Бөлүш-түрүл-бөгөн пайда** | **Жыйын-тыгында** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2013-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 1 000 000 | 2 953 496 | 12 380 422 | 16 478 | 782 323 | 17 132 719 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 444 165 | 444 165 |
| **Башка чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза чыгым | - | - | - | (5 343) | - | (5 343) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон чыгым | - | - | (1 914 626) | - | - | (1 914 626) |
| Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялар боюнча, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | (258 107) | - | - | (258 107) |
| Жыйынтыгында, чогуу алгандагы башка киреше | - | - | (2 172 733) | (5 343) | - | (2 178 076) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | - | - | (2 172 733) | (5 343) | 444 165 | (1 733 911) |
| **Түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү | - | - | - | - | (547 626) | (547 626) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 234 697 | - | - | (234 697) | - |
| **Жыйынтыгында** | **-** | **234 697** | **-** | **-** | **(782 323)** | **(547 626)** |
| **2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **1 000 000** | **3 188 193** | **10 207 689** | **11 135** | **444 165** | **14 851 182** |

Асанкожоева З.М.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2014-жылдын чын куран айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Ургалиева Ч.М.
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2014-жылдын чын куран айынын жыйырмасы
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

МАЗМУНУ

*7.7. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

## 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

**(а) Уюм жана анын негизги иши**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары “Улуттук банк”) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат, 1992-жылдын үчтүн айынын он экисинде “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы деп аталып калган. 1997-жылдын баш оона айынын экисинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламент) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” жаңы мыйзамды кабыл алып, ал бүгүнкү күндө да сунушталган толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен Улуттук банктын ишин жөнгө салып келет.

Кыргыз Республикасында баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун камсыз кылуу Улуттук банктын негизги иш максатынан болуп саналат. Мына ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн: мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасын жана банктар аралык төлөмдөрдү натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта камдарын тескөөгө алуу; коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө; мыйзамдарга ылайык банк ишин жана айрым башка финансы-кредит мекемелеринин ишин лицензиялоо милдеттери Улуттук банкка жүктөлгөн. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн агенти катары да иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720040 Бишкек ш., Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101.

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын региондорунда Улуттук банктын беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 595 жана 577 адамды түзгөн.

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк “Республикалык инкассация башкармалыгы” мамлекеттик ишканасынын ишин контролдукка алып келет. “Республикалык инкассация башкармалыгы” мамлекеттик ишканасынын финансылык отчету Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт жана ал Улуттук банктын отчетуна анчалык деле таасир этпейт.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2014-жылдын чын куран айынын жыйырмасында бекитилген.

# 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР, УЛАНДЫСЫ

**(б) Кыргыз Республикасында финансылык-чарбалык ишти жүзөгө ашыруу шарттары**

Кыргыз Республикасында акыркы жылдары саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүргөн. Экономикасы өткөөл учурду башынан кечирип жаткан Кыргыз Республикасы учурда, экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөрдө иштеп жаткан, жакшы өнүгүү жолуна багытталган коммерциялык жана жөнгө салуучу инфраструктураларга ээ эмес. Ушундан улам, республикада ишке ашырылып жактан финансылык-чарбалык иштер, рынок экономикасы шартында өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн мүнөздүү болбогон тобокелдиктер менен коштолууда. Мындан тышкары, республиканын экономикасы башка өлкөлөрдөгү капитал рынокторунда орун алып турган туруксуз жагдайлардын жана экономикалык өсүштүн басаңдоосунун таасирине да дуушарланууда. Орун алып турган белгисиздик жагдайларынын келечекте аныкталышынын натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир корректировкалоолор, бул финансылык отчетто камтылбайт. Корректировкалоолор келип чыккан шартта алар Улуттук банктын ошол мезгил үчүн финансылык отчетунда чагылдырылат жана маалым болгон шартта гана аларга баа берүүгө мүмкүн болот.

# 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

**(а) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭСке) ылайык келүү жөнүндө билдирүү**

Улуттук банк төмөндө баяндалган мыйзамдарда белгиленген модификацияларды эске албаганда, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзам талабына ылайык өзү үчүн Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча комитет (КМСФО) тарабынан чыгарылган финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттарына жана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын чечмелөө боюнча комитет (КИМСФО) тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизденген эсепке алуу саясатын, ошондой эле бухгалтердик эсепке алуу ыкмаларын белгилейт.

Баалуу металлдар (алтын жана күмүш) рыноктук наркында эсепке алынат. Ал эми баалуу металлдарды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон жалпы таза өздөштүрүлбөгөн (реализацияланбаган) пайда түздөн-түз өздүк капитал курамында таанылат. Алтынды жана күмүштү, чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди учурдагы рыноктук баада кайра баалоодон өздөштүрүлбөгөн жалпы таза чыгым, түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда, өткөн мезгилдердин таза өздөштүрүлбөгөн пайдасынан ашкан бөлүгүндө таанылат. Мындай болбосо ал түздөн-түз капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешени азайтат. Баалуу металлдарды жана чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди таанууну токтотуу учурунда мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда, аталган активдердин жана милдеттенмелердин колдонуудан калуусунун орточо алынган коэффициентин эске алуу менен таанылат.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын үчтүн айынын онунда бекитилген, бир катар түзөтүүлөр, анын ичинде акыркы түзөтүү 2012-жылдын баш оона айынын төртүндө киргизилген, борбордук банктын иш мүнөзүнө ылайыктуу катары каралган эсепке алуу саясатына ылайык, борбордук банктын финансылык абалын, анын иш натыйжаларын так чагылдыруу максатында даярдалган.

**(б) Наркты аныктоо үчүн база**

Финансылык отчет, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган баалуу металлдарды, финансылык инструменттерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принциптерине ылайык даярдалган.

## 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ, УЛАНДЫСЫ

**(в) Функционалдык валюта жана финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта**

Улуттук банктын функционалдык валютасы болуп кыргыз сому саналат. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы катары сом, банк жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана банктын ишине таасир эткен башка жагдайлардын экономикалык маңызын толук чагылдыра алат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта да болуп эсептелет.

Финансылык маалыматтар сом түрүндө берилген жана миңге чейин тегеректелген.

**(г) Кесипкөйлүк ой-пикирлерге, эсептик баа берүүлөргө жана жол берүүлөргө таянуу**

Жетекчилик, активдердин жана милдеттенмелердин чагылдырылышына жана ушул отчетту даярдоодо шарттуу активдердин жана милдеттенмелердин чечмеленишине карата бир катар баа берүүлөрдү жана болжолдоолорду пайдаланат. Айкын натыйжалар көрсөтүлгөн баа берүүлөрдөн айырмаланышы мүмкүн. Жетекчиликтин пикири боюнча, ушул финансылык отчетту даярдоодо кесипкөйлүк ой-пикирлерди же эсептик баа берүүлөрдү талап кылган олуттуу чөйрө жок.

***Байланыштуу тараптар менен операциялар***

Банк иштин жүрүшүндө байланыштуу тараптар менен операцияларды жүргүзөт. Бул операциялар негизинен, рыноктук баада ишке ашырылат. Мындай операциялар үчүн активдүү рынок жок учурда, ошол операциялар рыноктук баа боюнча же жеңилдетилген баада ишке ашырылгандыгын аныктоо жагындагы ой-пикирлер колдонулат. Мындай ой-пикирлер байланыштуу тараптар болуп саналбаган кардарлар менен ушундай эле операцияларга, ошондой эле эффективдүү пайыздык чендерге талдап-иликтөөлөргө негизденет.

МАЗМУНУ

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ

Эсепке алуу саясатынын мындан ары баяндалган жоболору, ушул финансылык отчетто чагылдырылган бардык отчеттук мезгилдерде ырааттуу колдонулат.

**(а) Баалуу металлдар**

Чет өлкө банктарынын эсептериндеги алтын жана башка баалуу металлдар, Улуттук банктын сактоо жайындагы good delivery статусуна ээ алтын куймалар түрүндө чагылдырылган баалуу металлдар финансылык отчетто рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясы тарабынан отчеттук күнгө чейинки күнү белгиленген фиксингдин негизинде аныкталат. Алтынды рыноктук наркы боюнча кайра баалоодон түшкөн пайда, капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешенин курамында түздөн-түз чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда, капитал эсептериндеги чогуу алгандагы башка кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Алтынга карата өздөштүрүлгөн пайда же чыгым, түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда эсепке алынат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар

Чет өлкө валютасындагы операциялар Улуттук банктын тиешелүү функционалдык валютасына операциялар ишке ашырылган күнү колдонулган валюта курсу боюнча которулат. Отчеттук күнгө карата чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер, отчеттук күнү күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан түшкөн пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, эффективдүү пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизациялык нарк менен бир мезгил ичиндеги төлөөлөрдүн жана отчеттук мезгилдин акырына карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизациялык нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Чет өлкө валютасында туюндурулган, адилет наркы боюнча бааланган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, адилет наркты аныктоо күнүнө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасына которуунун натыйжасында келип чыккан курстук айырма, капиталдын курамындагы чогуу алгандагы башка киреше катары чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгымдар түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда, чогуу алгандагы башка кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасындагы операциялардан өздөштүрүлгөн пайда же чыгым түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда чагылдырылат.

***Алмашуу курстары***

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча финансылык отчетторду даярдоодо Улуттук банк тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бири | 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бири |
|---|---|---|
| - Сом/АКШ доллары | 49,2470 | 47,4012 |
| - Сом/евро | 67,7048 | 62,6573 |
| - Сом/Атайы карыз алышуу укугу | 75,8250 | 73,0685 |
| - Сом/канада доллары | 46,4262 | 47,6421 |
| - Сом/австралия доллары | 44,0387 | 49,2241 |
| - Сом/швейцария франкы | 55,5010 | 51,8219 |
| - Сом/фунт стерлинги | 81,3383 | 76,2998 |
| - Сом/ алтындын трой унциясы | 59 318,01 | 78 567,49 |

## (в) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Кассадагы улуттук валютадагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын суммаларынын азаюусу катары эсепке алынат.

Акча агымын аныктоо максатында, акча каражаттары жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын, банктардагы бош калдыктарды (“ностро” түрүндөгү эсептерди) камтыйт.

МАЗМУНУ

# 3. ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

### (г) Финансылык инструменттер

*Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде түшкөн пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган финансылык инструменттер* финансылык активдерди же милдеттенмелерди түшүндүрүп, алар төмөнкү жагдайлардан улам келип чыгат:

- сатылып алынат же эң башкысы, жакынкы келечекте сатуу же сатып алуу максатында келип чыгат;

- биргелешип тескөөгө алынган жана ал боюнча кыска аралыкта пайда алынышы мүмкүндүгү далилденген идентификацияланган финансылык инструменттер портфелинин бөлүгү болуп саналат;

- туунду инструмент болуп саналат (хеджирлөө инструменти катары түзүлгөн жана иш жүзүндө колдонулган туунду финансылык инструменттерди эске албаганда); же

- өзгөрүүсү баштапкы таануу учурунда бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныкталгандар болуп саналса.

Улуттук банк финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди, эгерде төмөнкү шарттардын бири аткарылган болсо, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында классификациялашы мүмкүн:

- активдерди же милдеттенмелерди тескөө, аларга баа берүү жана ички отчеттордо чагылдыруу адилет нарктын негизинде жүзөгө ашырылат;

- мындай ыкма бухгалтердик эсепке алууга ылайык келбөө учурларын толугу менен же кыйла четтетет, алар башкача да болушу мүмкүн; же

- актив же милдеттенме тизмектелген туунду финансылык инструменттерди камтыйт, алар акча каражаттарынын агымын олуттуу өзгөртөт, эгерде алар орун албаса, келишим боюнча келип чыгышы ыктымал.

Соода үчүн каралган, алгылыктуу адилет наркка ээ бардык туунду финансылык инструменттер финансылык отчетто актив катары чагылдырылат. Соода үчүн каралган, терс адилет наркка ээ бардык туунду финансылык инструменттер финансылык отчетто милдеттенмелер катары чагылдырылат.

Жетекчилик баштапкы таануу учурунда финансылык инструмент чегерилүүгө тийиш болгон категорияны аныктайт. Туунду финансылык инструменттер жана баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылып, адилет наркы боюнча бааланган категорияга чегерилген финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан реклассификацияланбайт. Эгерде финансылык активдер кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына жооп берсе, алар өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан же Улуттук банк жакынкы келечекте же алардын төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин ошол активдерди кармап турууга ниеттенип жана ага мүмкүнчүлүгү болсо, сатуу үчүн колдо болгон активдер категориясынан реклассификацияланышы мүмкүн. Башка финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан айрым учурларда гана реклассификацияланышы мүмкүн. Адаттагыдан башка, бир жолу болуп өтүүчү, жакынкы келечекте кайталанышы арсар болгон жагдайларды, сейрек кездешүүчү учур катары кароо зарыл.

# 3. ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

Улуттук банк төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырууну көздөп жаткандарды эске албаганда, *кредиттер жана дебитордук карыздар*, активдүү иштеп жаткан рынокто котировкаланбаган, катталган же аныкталган төлөмдөрү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт:

- дароо же жакынкы келечекте сатууга ниеттенип жаткандарды;

- баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланагандар категориясында аныктагандарды;

- баштапкы таануу учурунда сатуу үчүн колдо болгон категорияда аныктагандарды; же

- Улуттук банк алар боюнча кредиттин баасынын түшүүсүнөн башка себептерден улам, алгач ишке ашырылган бардык инвестициялардын ордун жаба албашы мүмкүн.

*Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар*, Улуттук банк төмөндө келтирилген учурларды эске албаганда, аларды төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүнчүлүгү болгон, катталган же аныкталган төлөмдөрү, ошондой эле катталган төлөө мөөнөтү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт:

- баштапкы таануу учурунда Улуттук банк, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланагандар категориясында аныктагандарды;

- Улуттук банк сатуу үчүн колдо болгондор категориясында аныктагандарды; же

- кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына ылайык келгендерди.

*Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар*, сатуу үчүн колдо болгон категориясында аныкталган же кредиттер жана дебитордук карыздар, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар же алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер аныктамасына кирбеген, туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт.

### *(i) Финансылык инструменттердин финансылык отчетто таанылышы*

Финансылык активдер жана милдеттенмелер, Улуттук банк көрсөтүлгөн финансылык инструменттер предметинен болуп саналган келишимдик мамилелерге катышкан учурда, финансылык абал жөнүндөгү отчетто чагылдырылат. Финансылык активдерге стандарттык ээ болуунун бардык учурлары бүтүмдөргө келишкен күнү чагылдырылат.

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо*

Финансылык актив же милдеттенме алгач адилет наркы боюнча бааланат плюс эгерде алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча эмес бааланган финансылык активдер же милдеттенмелер, финансылык активдерди же милдеттенмелерди сатып алууга же чыгарууга чегерилген бүтүмдөр боюнча түздөн-түз сарптоолор.

Активдер болуп саналган туунду финансылык инструменттерди кошо алганда, финансылык активдерди баштапкы таануудан кийин алар төмөнкүлөрдү эске албаганда, сатуунун же башка негизде колдонуудан калуунун натыйжасында бүтүмдөр боюнча келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир сарптоолорду эсептен алып салуусуз адилет наркы боюнча бааланат:

- эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган наркы боюнча бааланган кредиттер жана дебитордук карыздар;

МАЗМУНУ

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо, уландысы*

- эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган нарк боюнча бааланган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар;

- активдүү иш алып барган рынокто рыноктук котировкаларга ээ болбогон, адилет наркын жетиштүү деңгээлде ишеним менен аныктоо мүмкүн болбогон үлүштүк инструменттерге инвестициялар.

Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган финансылык милдеттенмелерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган, таанууну токтотуу критерийлерине жооп бербеген финансылык активди которуу учурунда келип чыккан финансылык милдеттенмелерди эске албаганда, бардык финансылык милдеттенмелер амортизацияланган наркы боюнча бааланат.

Финансылык активдин же милдеттенменин амортизацияланган наркы, ал боюнча финансылык актив же милдеттенме баштапкы таануу учурунда бааланган, баштапкы таанылган нарк менен эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу аныкталган, төлөө учурундагы нарк ортосундагы айырманын топтолгон амортизациясынын өлчөмүнө корректировкаланган карыздын негизги суммасын төлөөнү, ошондой эле баанын түшүүсүнөн чыгымдарды эсептен алып салуу менен баштапкы таануу учурунда бааланган наркты түшүндүрөт. Сый акы жана дисконттор өлчөмү, ошондой эле бүтүмдөр боюнча сарптоолордун суммасы тиешелүү инструменттин баланстык наркына кошулуп, ошол инструменттин эффективдүү пайыздык ченине жараша амортизацияланат.

### *(iii) Адилет нарк боюнча баалоо принциби*

Адилет нарк, активдерди сатуу учурунда алынышы же рынок катышуучулары ортосунда өз эрки боюнча операцияларды жүргүзүү учурунда баалоо күнүнө карата милдеттенмелердин өткөрүлүп берилиши шартында төлөнүшү мүмкүн болгон бааны түшүндүрөт.

Улуттук банк инструменттин адилет наркын негизги рыноктогу ошол инструменттин котировкаларын пайдалануу менен баалоого аракеттенет, ал эми негизги рынок жок болсо, ошол актив же милдеттенме үчүн эң эле алгылыктуу болгондорду пайдаланат.

Эгерде бааны түздөн-түз байкоого алуу аркылуу аныктоо мүмкүн эмес болсо, Улуттук банк адилет наркты баа берүүнүн башка ыкмасын колдонуу менен аныктайт. Баа берүү ыкмаларында бирин-бири жакшы билген, мындай бүтүмгө келишүүгө чындап ниеттенген, бири-биринен көз карандысыз тараптар тарабынан (эгерде болгон болсо) жакында эле ишке ашырылган бүтүмдөргө карата маалыматтарды, маңызы боюнча ушундай эле инструменттердин адилет наркына шилтемелерди, акча каражаттарынын дисконттолгон агымына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдү, ошондой эле опциондордун наркына баа берүү үлгүлөрүн камтыйт. Баа берүүнүн тандалып алынган ыкмаларында рыноктук маалыматтарды мүмкүн болушунча колдонуп, Улуттук банк үчүн мүнөздүү болгон баа берүүлөргө азыраак таянуу менен рынок катышуучулары баа түзүүдө эске алууга тийиш болгон бардык факторлорду камтыйт. Ошондой эле ал, экономикада финансылык инструменттердин баасын түзүүгө карата колдонулган ыкмаларга ылайык келүүгө тийиш. Баа берүү ыкмаларында колдонулган маалыматтар рынокто болжолдонгон жагдайларды жана тобокелдик факторлоруна баа берүүлөрдү, ошондой эле финансылык инструментке мүнөздүү болгон кирешелүүлүктөрдү шайкеш чагылдырат.

Финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда адилет нарктын эң мыкты тастыктоосунан болуп бүтүмдүн баасы саналат, башкача айтканда аларга тиешелүү маалыматтар жетиликтүү болгон же алардын адилет наркы өзгөрүлмөлүүлөрү рыноктук маалыматтарды гана

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(iii) Адилет нарк боюнча баалоо принциби, уландысы*

камтыган, баа берүү ыкмасына негизденген инструменттер менен рынокто келишилген башка бүтүмдөргө (эч кандай модификациялоосуз же комбинацияларсыз) салыштыруу аркылуу инструменттин адилет наркы тастыкталган учурларды эске албаганда, төлөнгөн же алынган ордун толтуруп берүүлөрдүн адилет наркы.

Эгерде бүтүмдөрдүн баасы баштапкы таануу учурундагы адилет нарктын эң мыкты далилинен боло алса, финансылык инструмент алгач бүтүм баасынын негизинде бааланат жана баалоо үлгүлөрүн колдонуунун натыйжасында алгач алынган нарк менен ошол баа ортосунда келип чыккан кандай болбосун айырма, кийинчерээк инструмент колдонулган мезгил ичиндеги түшкөн пайданын же чыгымдын курамында тиешелүү түрдө чагылдырылат, бирок баа берүүлөр жеткиликтүү рыноктук маалыматтар менен толук тастыкталган же бүтүм токтотулган учурдан кеч эмес чагылдырылышы зарыл.

Эгерде, Улуттук банк бирин-бири компенсациялоочу позицияга ээ болсо, мындай позицияларга баа берүү үчүн рыноктук орточо баа колдонулат. Мында, талап же сунуш баасына чейин корректировкалоо түптөлгөн айкын жагдайга ылайык таза ачык позицияга карата гана ишке ашырылат. Адилет нарк инструментке карата кредиттик тобокелдикти чагылдырып, Улуттук банктын курамына кирген уюмдардын жана зарылчылык келип чыкса, контрагенттин кредиттик тобокелдигин эске алуу үчүн корректировкалоолорду камтыйт. Үлгүлөрдү пайдалануу менен алынган адилет наркка баа берүүлөр, эгерде Улуттук банк рынок катышуучусу үчүнчү жак болуп саналат деп болжолдоп, аларды бүтүмгө келишүү учурунда баа түзүү үчүн эске алышы мүмкүн болсо, ликвиддүүлүк тобокелдиги же үлгүлөрдүн аныкталбагандыгы факторлору сыяктуу кандай болбосун башка факторлорго карата корректировкаланат.

### *(iv) Кийинки баа берүү учурунда келип чыккан пайда же чыгым*

Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин адилет наркынын өзгөрүүсү учурунда келип чыккан пайда же чыгым төмөнкүчө чагылдырылат:

- адилет нарк боюнча баалангандар категориясында классификацияланган, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган финансылык инструмент боюнча пайда же чыгым, пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат;

- сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайда же чыгым, буга чейин капиталдын курамында чагылдырылып келинген топтолгон пайда же чыгым, пайданын же чыгымдын курамына которулган учурда, активди таануу токтотулган учурга чейин капиталдын курамындагы чогуу алынган башка киреше катары чагылдырылат (бааныn түшүүсүнөн улам келип чыккан чыгымдарды жана сатуу үчүн колдо болгон карыздык финансылык инструменттер боюнча чет өлкө валютасындагы калдыктарды которуудан түшкөн пайданы же чыгымды эске албаганда). Сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайыздык кирешелер эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен пайдалар же чыгымдар курамында келип чыккан учурунда чагылдырылат.

Амортизацияланган наркы боюнча чагылдырылган финансылык активдерден жана милдеттенмелерден улам келип чыккан пайда же чыгым, финансылык активди же милдеттенмени таануу токтотулган же алардын нарксызданышы учурунда, ошондой эле тиешелүү амортизацияны чегерүү процессинде пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(v) Таанууну токтотуу*

Улуттук банк финансылык активди таанууну, ошол финансылык актив боюнча акча каражаттарынын агымына келишимде каралган укугун жоготкон шартта же анда башка тарапка ошол финансылык активге менчик укугуна байланыштуу дээрлик бардык тобокелдиктер жана пайдалар өткөрүлүп берилген же Улуттук банк анда ошол финансылык активге менчикке укукка байланыштуу бардык тобокелдиктердин жана пайдалардын олуттуу бөлүгүн өткөрүп бербеген, сактап калбаган, ошондой эле ошол финансылык активге контролдукту да сактап кала албаган бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруунун натыйжасында ал финансылык активди өткөрүп берген учурда гана таанууну токтотот. Аларга карата таанууну токтотуу үчүн бардык талаптар сакталган, Улуттук банк тарабынан түзүлгөн же анда сакталып калган өткөрүлүп берилген финансылык активдерге катышуунун кандай болбосун үлүшү, финансылык абал жөнүндө отчетто өзүнчө актив же милдеттенме катары таанылат. Улуттук банк ал боюнча келишимдик милдеттенмелер аткарылып, жокко чыгарылып же токтотулган шартта, финансылык милдеттенмени таанууну токтотот.

Эгерде Улуттук банк анын шарттарына ылайык финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган активдерди өткөрүп берген бүтүмдөргө келишсе, бирок мында өткөрүлүп берилген активдерге менчикке укуктан улам келип чыккан тобокелдиктердин жана пайданын бардыгын же алардын бөлүгүн өзүндө сактап калган болсо, Улуттук банк өткөрүлүп берилген активдерди таанууну токтотпойт.

Улуттук банк анын шарттарына ылайык, финансылык активге менчикке укуктан келип чыккан дээрлик бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүндө сактап кала албаган, өткөрүп бере да албаган бүтүмдөргө келишүүдө Улуттук банк ошол активге контролдукту жоготкон болсо, мындай активди таануу токтотулат.

Эгерде, активди өткөрүп берүүдө Улуттук банк ага контролдукту өзүндө сактап калса, ал ошол активге канчалык деңгээлде катышкан болсо, ошол деңгээлде активди таанууну улантат. Мында ал, Улуттук банктын анын наркынын өзгөрүүсүнө дуушарлануусу деңгээли катары аныкталат.

Эгерде Улуттук банк, өз карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда алар финансылык абал жөнүндө отчеттон алынып салынат, мында милдеттенменин баланстык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруп берүүнүн ортосундагы айырма мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн милдеттенмеден алынган пайданын же чыгымдын курамына кошулат.

Улуттук банк өндүрүп алуу мүмкүн эмес деп таанылган активдерди эсептен алып салат.

### *(vi) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер*

Кайтара сатып алуу милдеттенмелери менен сатуу келишимдеринин алкагында сатылган баалуу кагаздар (“репо”» бүтүмдөрү), баалуу кагаздардын күрөөсү менен камсыз кылынган каржылоону тартуу боюнча операция катары чагылдырылат. Мында баалуу кагаздарды финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдыруу улантылып, ал эми “репо” бүтүмдөрү боюнча кредитордук карыздардын курамына кирген, контрагенттер алдындагы милдеттенмелер банктардын эсептеринин жана депозиттеринин курамында же жагдайга жараша кардарлардын күндөлүк эсептеринин жана депозиттеринин курамында чагылдырылат. Сатуу баасы менен кайтара сатып алуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык чыгашаларды түшүндүрүп, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен “репо” бүтүмдөрү аракеттенген мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

### (г) Финансылык инструменттер, уландысы

#### *(vi) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер, уландысы*

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында сатылып алынган (“кайтарым репо” бүтүмдөрү), “кайтарым репо” бүтүмдөрү боюнча дебитордук карыздардын курамына кирген баалуу кагаздар банктарга берилген кредиттер жана аванстар же жагдайга жараша кардарларга берилген кредиттер курамында чагылдырылат.

Сатып алуу баасы менен кайтара сатуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык кирешени түшүндүрүп, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен “репо бүтүмдөрү” аракеттенген мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында алынган активдер үчүнчү тарапка сатылган болсо, баалуу кагаздарды кайтарып берүү милдеттенмеси соода үчүн каралган милдеттенме катары чагылдырылып, адилет наркы боюнча бааланат.

#### *(vii) Туундуу финансылык инструменттер*

Туундуу финансылык инструменттер өзүндө “своп бүтүмдөрүн”, мөөнөттүү жана фьючерстик бүтүмдөрдү, пайыздык чендерге опциондорду, чет өлкө валюталарын, баалуу металлдарды жана баалуу кагаздарды, ошондой эле аталган инструменттердин кандай болбосун комбинацияларын камтыйт.

Туунду финансылык инструменттер алгач, бүтүмгө келишкен күнү адилет наркы боюнча чагылдырылып, кийинчерээк адилет наркы боюнча кайрадан бааланат. Бардык туунду финансылык инструменттер, эгерде алардын адилет наркы алгылыктуу болсо актив катары, ал эми адилет наркы терс чыкса милдеттенме катары чагылдырылат.

Туунду финансылык инструменттердин адилет наркынын өзгөрүүсү түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда түздөн-түз таанылат.

#### *(viii) Активдердин жана милдеттенмелердин өз ара чегерилиши*

Улуттук банктын финансылык активдери жана финансылык милдеттенмелери өз ара чегерилет жана финансылык абал жөнүндө отчетто, бул үчүн юридикалык негиздемелер орун алса жана тараптар карыздарды өз ара чегеришүү аркылуу жөнгө салууга же активди сатып өткөрүп, милдеттенмени бир эле учурда аткарууга ниеттенсе, чечмеленген түрдө чагылдырылат.

### (д) Негизги каражаттар

#### *(i) Өздүк активдер*

Негизги каражаттар объекттери финансылык отчетто, топтолгон амортизацияны жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымды эсептен алып салуу менен айкын сарптоолору боюнча чагылдырылат.

Эгерде, негизги каражаттардын объектиси ар кандай пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүнө ээ бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

#### *(ii) Амортизация*

Негизги каражаттар боюнча амортизация пайдалуу кызмат өтөөнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайданын же чыгымдын курамында

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (д) Негизги каражаттар, уландысы

### *(ii) Амортизация, уландысы*

чагылдырылат. Амортизация объектти сатып алган күндөн тартып чегерилет, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттардын объекттери үчүн анын курулушу аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда чегерилет. Жер участкалары боюнча амортизация чегерилбейт. Негизги каражаттардын ар кандай объектилеринин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | |
|---|---|
| - Имараттар | 50 жыл |
| - Курулмалар | 20 жыл |
| - Эмерек жана жабдуулар | 5 жыл |
| - Компьютердик жабдуулар | 3-5 жыл |
| - Транспорттук каражаттар | 5 жыл |

## (е) Материалдык эмес активдер

Сатылып алынган материалдык эмес активдер финансылык отчетто, топтолгон амортизациянын жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептеп алып салгандан кийин айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайы программалык камсыздоолорго лицензияларды алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында эске алынат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация алардын пайдалуу кызмат өтөшүнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде, бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдердин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү 3 жылды түзөт.



## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер*

Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер эң башкысы, кредиттерден жана башка дебитордук карыздардан турат (мындан ары “кредиттер жана дебитордук карыздар”). Улуттук банк келип чыгышы ыктымал болгон баанын түшүүсүн аныктоо максатында, кредиттерге жана дебитордук карыздарга баа берүүнү туруктуу негизде ишке ашырып турат. Кредит же дебитордук карыз нарксызданат, ушундан улам келип чыккан чыгым, кредитти же дебитордук карызды баштапкы таануудан кийинки бир же бир нече окуялардын натыйжасында баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдери орун алса жана ошол жагдайлар (же окуя) кредит боюнча акча каражаттарынын болжолдонуп жаткан болочоктогу агымына таасир этип, анын канчалык деңгээлде ишенимдүү экендигине баа берүү мүмкүн болгон шартта гана келип чыгышы ыктымал.

Финансылык активдердин баасынын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринде, карыз алуучу тарабынан жол берилген милдеттенмелердин аткарылбай калышы (дефолт) же төлөө мөөнөтүнүн өткөрүлүп жиберилиши, карыз алуучунун келишим боюнча милдеттенмесин же келишим шарттарын бузууга жол бериши, Улуттук банк кайсы болбосун башка учурда карыз алуучунун же эмитенттин банкроттук белгилерин кароого албаган шартта кредитти же авансты реструктуризациялоо, баалуу кагаздар үчүн активдүү рыноктун токтотулушу, камсыздоонун наркынын төмөндөшү же топко кирген карыз алуучулардын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн начарлоосу же ошол топко кирген карыз алуучулардын милдеттенмелерин аткарбай коюусуна (дефолт) байланыштуу

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер, уландысы*

корреляцияланган экономикалык шарттардын өзгөрүүсүнө кирген жагдайлар камтылышы мүмкүн.

Улуттук банк алгач өз-өзүнчө олуттуу болуп саналган кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринин бардыгына өзүнчө баа берет жана өз-өзүнчө олуттуу болуп саналбаган кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча да өзүнчө же чогуу баа берет. Эгерде Улуттук банк, өз-өзүнчө баа берилген кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдердин олуттуу же жок экендигин аныктаса, кредит кредиттик тобокелдиктин ушундай эле мүнөздөмөсү менен кредиттер жана дебитордук карыздар тобуна кошулат жана ага активдер тобунун курамында баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде бааланат. Баанын түшүүсү көз карашынан өз-өзүнчө бааланган, алар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгым келип чыгып же ал орун алып турган кредиттер жана дебитордук карыздар баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде баа берүүдө камтылбайт.

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдын келип чыккандыгы тууралуу объективдүү далилдер орун алган учурда чыгымдын суммасы, кредиттин же дебитордук карыздардын балансты наркы жана кредит же дебитордук карыздар боюнча баштапкы эффективдүү пайыздык ченди колдонуу менен дисконттолгон гарантиялардын жана камсыздоолордун орду толтурулуп берилген наркын кошо алганда, акча каражаттарынын келечектеги болжолдонгон агымынын ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айырма катары өлчөнөт. Келишим шарттарына ылайык, акча каражаттарынын агымы жана ошол учурда орун алып турган экономикалык шарттарды чагылдырган колдо болгон тиешелүү маалыматтардын негизинде корректировкаланган чыгымга учуроонун калыптанган тажрыйбасы, акча каражаттарынын болжолдонгон агымын аныктоонун негизи катары кызмат кылат.

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммасын аныктоо үчүн колдо болгон зарыл маалыматтар бир катар учурларда чектелген мүнөздө болуп, учурда түптөлгөн шарттарга жана жагдайларга анчалык дал келбеши мүмкүн. Мындай жагдай, эгерде карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга туш болуп, ал эми мындай карыз алуучулар боюнча маалыматтар көлөмү чектелүү болгон шартта, орун алышы ыктымал. Мындай учурда Улуттук банк баанын түшүүсүнөн чыгым суммасын аныктоодо топтолгон өз тажрыйбасын колдонот.

Кредиттердин жана дебитордук карыздардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, түшкөн пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат, эгерде кийинчерээк орду жабылган нарктын көбөйүүсү баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү негизде байланыштуу болгон шартта гана калыбына келтирилет.

Кредит боюнча карызды өндүрүп алуу мүмкүн болбогон шартта, кредит баанын түшүүсүнө тиешелүү камдын (резервдин) эсебинен алынып салынат. Мындай кредиттер (жана кредиттердин баасынын түшүүсүнө башка тиешелүү камдар) жетекчилик кредиттер боюнча карызды өндүрүү мүмкүн эмес экендигин аныктап, кредиттер боюнча карызды өндүрүүгө тиешелүү бардык зарыл жол-жоболор аяктагандан кийин гана эсептен алынып салынат.

### *(ii) Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер*

Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер сатуу үчүн колдо болгон жана адилет наркы боюнча чагылдырылбаган финансылык активдердин курамына кирген котировкаланбаган үлүштүк инструменттерди камтыйт. Анткени, алардын адилет наркы жетиштүү ишенимдүүлүктө аныкталышы мүмкүн эмес. Мындай инвестициялардын баасынын түшкөндүгүнүн объективдүү белгилери орун алган шартта, баанын түшүүсүнөн чыгым, инвестициялардын ба-

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (з) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(ii) Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер, уландысы*

ланстык наркы менен ушундай эле финансылык активдер боюнча пайданын учурдагы рыноктук нормасын колдонуу менен дисконттолгон, акча каражаттарынын келечекте болжолдонуп жаткан агымынын ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айрыма катары эсептелинет.

Ушул инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылып, калыбына келтирилбейт.

### *(iii) Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер*

Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдар, башка чогуу алгандагы кирешенин курамында таанылган, топтолгон чыгымды кайра классификацияланууучу корректировкалоо катары пайданын же чыгымдын курамына которуу аркылуу таанылат.

Башка чогуу алгандагы кирешенин курамынан пайданын же чыгымдын курамына кайра классификацияланган топтолгон чыгым, негизги суммаларды жана амортизацияларды кандай болбосун төлөөлөрдү эсептен алып салгандан кийинки сатып алуу наркы менен буга чейин пайданын же чыгымдын курамында таанылган, баанын түшүүсүнөн чыгымды эсептен алып салгандан кийинки учурдагы адилет нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Акчанын убактылуу наркына чегерилген, баанын түшүүсүнө камдын өзгөрүүсү пайыздык кирешенин компоненти катары чагылдырылат.

Сатуу үчүн колдо болгон үлүштүк баалуу кагазга инвестициялардын адилет наркынын олуттуу же ошол баалуу кагаздар боюнча айкын сарптоолордон төмөн наркка чейин узакка созулган төмөндөөсү, баанын түшүүсүнүн объективдүү далилинен болуп саналат.

Эгерде сатуу үчүн колдо болгон, баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркы кийинчерээк өсүп жана анын көбөйүүсү пайданын же чыгымдын курамында баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү байланыштуу болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым калыбына келтирилип, калыбына келтирилген өлчөм пайданын же чыгымдын курамында таанылат. Бирок, сатуу үчүн колдо болгон, баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркынын кандай болбосун кийинки калыбына келиши, башка чогуу алгандагы киреше курамында таанылат.

### *(iv) Финансылык эмес активдер*

Калтырылган салыктардан айырмаланган башка финансылык эмес активдер, баанын түшүүсү белгилерин аныктоо көз карашынан, ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин орду жабылган наркынан болуп, сатуу боюнча чыгашаларды жана пайдалануудан алынгандарды эсептен алып салгандан кийинки адилет нарктын эң чоң өлчөмү саналат. Акча каражаттарынын келечекте болжолдонгон агымын пайдалануудан баалуулукту аныктоо учурунда, салык алууга чейинки дисконттоо чендерин пайдалануу менен ошол учурга ылайык калыптанган алардын наркына карата дисконттолуп, алар акча наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон акча каражаттарынын агымын шарттабаган активдер үчүн орду толтурулуп берилүүчү нарк, актив тиешелүү болгон акча каражаттарын шарттаган активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын шарттаган активдер тобунун балансттык наркы анын орду толтурулуп берилүүчү наркынан ашкан болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым таанылат.

Финансылык эмес активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылып, эгерде орду жабылган наркты аныктоодо кол-

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

### *(iv) Финансылык эмес активдер, уландысы*

донулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр жүргөн болсо гана калыбына келтирилиши мүмкүн. Активдин баасынын түшүүсүнөн кандай болбосун чыгым калыбына келтирилүүгө тийиш, бирок анын шартында активдин баланстык наркы баанын түшүүсүнөн чыгым финансылык отчетто чагылдырылбай калышынан улам келип чыккан мына ошондой эле баланстык нарктан ашпаган көлөмдө калыбына келтирилет (амортизацияны жана эскилиги жеткендерди эсептен алып салуу менен).

### (з) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө отчетто номиналдык наркы боюнча эсепке алынат.

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар милдеттенмелер катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса түйүндөрүндө турган улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү акча массасынын курамына кирбейт.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, түшкөн пайда жана кеткен чыгым жөнүндө отчетунда өзүнчө статья катары чагылдырылат.

### (и) Уставдык капитал жана камдар

Улуттук банк катталган суммадагы Уставдык капиталга ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу ишке ашырылат. Уставдык капитал баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү кам, пайданын бөлүгүн мыйзамда белгиленгендей эле, мамлекеттик бюджетке чегерүүдөн кийинки таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү камдар баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

### (к) Салык алуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Улуттук банк пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Улуттук банк жүзөгө ашырган ишке чегерилген, бюджетке бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык ишке ашырылат. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

### (л) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунда, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу алардын чегерилишине жараша чагылдырылат. Эффективдүү пайыздык чен ыкмасы дегенден улам, финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркын эсептөө, ошондой эле пайыздык кирешелерди же пайыздык чыгашаларды тиешелүү мезгилге чегерүү ыкмасын түшүнүү зарыл. Эффективдүү пайыздык чен – бул, келечекте күтүлүп жаткан төлөөлөр же акча каражаттарынын түшүүсү анын жардамы аркасында финансылык инструменттин таза утурумдук наркына ылайыкташтырылган чен. Мында, дисконттоо финансылык инструменттин болжолдонуп жаткан жүгүртүү мөөнөтү ичинде же аны колдонуу мүмкүн болсо, кыйла кыска мөөнөткө жүргүзүлөт.

Эгерде финансылык актив, баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдан улам эсептен алынып салынган (жарым жартылай) болсо, пайыздык киреше келечектеги акча агымын дисконттоо үчүн колдонулган пайыздык ченди эске алуу менен аныкталат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (л) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы, уландысы

Кредиттердин берилиши уюштурулушу үчүн комиссиялык төлөм, кредиттердин тейлөөгө алынышы үчүн комиссиялык төлөм жана кредиттер боюнча жалпы кирешелердин ажырагыс бөлүгү катары каралган башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле бүтүмдөр боюнча тиешелүү сарптоолор келечекте алынуучу киреше катары чагылдырылып, финансылык инструмент колдонулган, болжолдонгон мөөнөт ичиндеги пайыздык киреше катары, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланат.

Башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле башка кирешелер жана чыгашалар, тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Операциялык ижара келишимдери боюнча төлөмдөр, түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчетунун курамында, ижара аракеттенген мөөнөт аралыгына бирдей ченемде таанылат. Эгерде орун алган болсо, алынган жеңилдиктердин суммасы ижара аракеттенген бүтүндөй мөөнөт ичинде, ал боюнча чыгашалардын жалпы өлчөмүн азайтат.

## (м) Фидуциардык активдер

Улуттук банк, үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан көрүнгөн агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштайт. Бул активдер жана аларга байланыштуу кирешелер Улуттук банктын активи болуп саналбагандыктан, финансылык отчеттон алынып салынат.

## (н) Жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттар

Улуттук банк финансылык отчетту даярдоодо өз ишинде колдонгон жана 2013-жылдын бирдин айынын биринен башталган жылдык отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген баардык жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттарды кабыл алган. Жаңы стандарттар Улуттук банктын финансылык отчетуна олуттуу деле таасир эткен эмес.

## (о) Жаңы стандарттар жана күчүнө кире элек түшүндүрмөлөр

Бир катар жаңы стандарттар, стандарттарга түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча күчүнө кире элек экендигинен улам, алар ушул финансылык отчетту даярдоодо колдонулган эмес. Ушулардын ичинен төмөндө келтирилген стандарттар, түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр, Улуттук банктын ишине потенциалдуу таасир этиши мүмкүн. Улуттук банк бул стандарттарды, түзөтүүлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү алар күчүнө кирген учурдан тартып колдонууну пландаштырууда. Бардык өзгөртүүлөр 2014-жылдын бирдин айынын биринен тартып башталган жылдык мезгилдер үчүн күчүнө кирет.

- ФОЭСтин (IFRS) “*Финансылык инструменттер*” деп аталган 9-стандарты 2018-жылдын бирдин айынын биринен же андан кийинки жылдык отчеттук мезгилдерге карата күчүнө кирет. Жаңы стандарт бир нече баскычта колдонууга киргизилип, түпкүлүгүндө келип ФОЭСтин “*Финансылык инструменттер: таануу жана баа берүү*” деп аталган 39-стандартын алмаштырууга тийиш. ФОЭС (IFRS) 9дун биринчи бөлүгү 2009-жылдын бештин айында чыгарылып, финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү маселелерине тиешелүү болгон. Финансылык милдеттенмелерди классификациялоого жана аларга баа берүүгө байланыштуу экинчи бөлүгү 2010-жылдын жетинин айында жарыяланган. Стандарттын калган бөлүгү 2013-жылдын бештин айында чыгарылып, хеджирлөөнү эсепке алууну түшүндүрөт. Улуттук банк, бул жаңы стандарт финансылык инструменттердин эсебин жүргүзүүгө көп өзгөртүүлөрдү киргизе тургандыгын жана Улуттук банктын финансылык отчетуна ал олуттуу таасир этээрин тааныйт. Улуттук банк бул стандартты мөөнөтүнөн мурда колдонууга ниеттенбейт.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (o) Жаңы стандарттар жана күчүнө кире элек түшүндүрмөлөр, уландысы

- ФОЭСтин (IFRS) “*Финансылык инструменттер: маалыматтардын берилиши*” деп аталган 32-стандартына карата түзөтүүлөр – “*Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин өз ара чегерилиши”* финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин өз ара чегерилишинин жаңы эрежелерин киргизбейт, аларды колдонууда ылайык келбөөнү четтетүү максатында, өз ара чегеришүү критерийлерине карата түшүндүрмөнү камтыйт. Түзөтүүлөр, эгерде ошол укук келечектеги жагдайлардан көз каранды болбосо, ошондой эле күндөлүк чарбалык иштин жүрүшүндө сыяктуу эле, ишкананын жана анын баардык контрагенттеринин төлөөгө жөндөмсүздүгү же банкроттугу, милдеттенмелерди аткара албай калышы (дефолт) учурунда анык болуп саналса, өз ара чегеришүүнү ишке ашырууда анык юридикалык укукка ээ экендигин такташтырат.
- ФОЭСтин (IAS) “*Активдердин баасынын түшүүсү*” - “*Финансылык эмес активдер боюнча орду толтурулуп берилген наркты чечмелөө*” деп аталган 36-стандартына карата түзөтүүлөр милдеттенмелер тизмегин кыскартат. Алардын шартында орду толтурулуп берилген наркты чечмелөө зарыл жана бул эгерде, ошол сумма колдонуудан калууга сарптоолорду эсептегенден кийинки адилет наркка негизденип, ылайык келтирүү наркы ыкмасы боюнча аныкталган болсо, баасы түшкөн активдердин орду толтурулуп берилүүчү наркын эсептөөдө колдонулган дисконттоо ченин чечмелөөгө карата талаптарды белгилейт.
- “*ФОЭСке карата өркүндөтүүлөр*” ар бир стандартка карата өз-өзүнчө колдонууну талап кылат. Бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүүдө өзгөрүүлөргө алып келген бардык түзөтүүлөр аларды сунуштоо, таануу же баа берүү максатында, 2014-жылдын бирдин айынын биринен тартып күчүнө кирет.

# 4 БААЛУУ МЕТАЛЛДАР

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы эсептерде турган алтын жана башка баалуу металлдар** | | |
| Депозиттеги алтын | 4 928 839 | 6 528 312 |
| Депозиттеги күмүш | 352 | 520 |
| | **4 929 191** | **6 528 832** |
| **Улуттук банктын сактоо жайындагы алтын куймалар** | 1 955 886 | 1 192 767 |
| | **6 885 077** | **7 721 599** |

Сактоо жайларындагы алтын куймалар “good delivery status” статусуна ээ алтынды түшүндүрөт.

2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча алтындын салмагы алтын түрүндөгү депозиттерде 83 091,77 унцияны, Улуттук банктын сактоо жайындагы алтын куймаларда 32 972, 88 унцияны түзөт, ал эми күмүштүн салмагы 364,07 унция (2012-жылы: алтындын жана күмүштүн салмагы, тиешелүүлүгүнө жараша 83 091,77 унция, 15 181,43 унция жана 364,07 унция) чегинде катталган.

**Алтындын жана баалуу металлдардын чет өлкө банктарындагы эсептерде концентрацияланышы**

2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата Улуттук банк бардык алтын түрүндөгү депозиттерди АА-дан А+ чейинки деңгээлдеги кредиттик рейтингге ээ эки банкка жайгаштырган (2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата алтын түрүндөгү баардык депозиттер АА- деңгээлиндеги кредиттик рейтингге ээ бир банкта жайгаштырылган).

# 5 БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР

| | 2013-ж.<br>миң сом | 2012-ж.<br>миң сом |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер жана депозиттер** | | |
| **Чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 19 478 565 | 17 098 851 |
| - АА+ дан А чейинки кредиттик рейтинги менен | 3 011 952 | 1 074 877 |
| - ВВВ- дан ВВВ+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 5 918 | 5 696 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | 44 463 | 121 256 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери** | **22 540 898** | **18 300 680** |
| **Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | - | 1 612 432 |
| - АА- дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 24 977 985 | 19 223 088 |
| - А- дан А+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 12 621 183 | 8 256 910 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | 190 391 | 183 255 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | **37 789 559** | **29 275 685** |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | | |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы «ностро» эсептери | 1 550 098 | 35 065 |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы мөөнөттүү депозит | 2 639 482 | 997 461 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсеп | 9 752 428 | 8 834 992 |
| **Жыйынтыгында, банктардагы жана башка финансы институттарындагы эсептер жана депозиттер** | **74 272 465** | **57 443 883** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (190 391) | (183 255) |
| | **74 082 074** | **57 260 628** |

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча баасы түшкөн, АКШ долларында деноминацияланган, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген Кызматташуунун жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкында жайгаштырылган, тиешелүүлүгүнө жараша 190 391 миң сом жана 183 255 миң сом өлчөмүндөгү мөөнөттүү депозит 360 күндөн көбүрөөк убакытка мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгендиктен, Улуттук банк 1999-жылы мөөнөтүндө төлөнбөгөн бүтүндөй суммага баанын түшүүсүнө кам түзгөн.

**Каражаттардын банктарда жана башка финансы мекемелеринде концентрацияланышы**

2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата Улуттук банк, ААА дан АА- чейинки кредиттик рейтингге ээ 11 банкта жана башка финансы мекемелеринде (2012-жылы: тогуз банкта жана башка финансы мекемелери) эсептер боюнча калдыктарга ээ болгон, алардын суммалары өздүк капиталдын 10% ашат. Ушул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү, 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча 70 753 593 миң сомду (2012-жылы: 52 247 203 миң сом) түзгөн.

**Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери**

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттордун максаттарында төмөнкүлөрдү камтыйт:

# 5 БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР, УЛАНДЫСЫ

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери | 22 540 898 | 18 300 680 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы «ностро» эсеби | 1 550 098 | 35 065 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 9 752 428 | 8 834 992 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 298 577 | 286 131 |
| **Акча каражаттарынын жылышы боюнча отчеттогу акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **34 142 001** | **27 456 868** |

Акча каражаттардын жана алардын эквиваленттеринин бир да статьясы баасы түшкөн же мөөнөтү өткөрүлгөн болуп саналбайт.

# 6 БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, наркы түшпөгөн кредиттер | 863 186 | 815 631 |
| Жергиликтүү коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, баасы түшкөн кредиттер | 431 344 | 421 013 |
| | **1 294 530** | **1 236 644** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (440 399) | (426 116) |
| **Баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салгандан кийинки кредиттин суммасы** | **854 131** | **810 528** |

Кредиттин баасынын түшүүсү, кредитти баштапкы таануудан кийин болуп өткөн жана жетиштүү ишенимдүүлүктө баалоого мүмкүн болгон, кредит боюнча акча каражаттарынын келечектеги болжолдонуп жаткан агымына таасирин тийгизген, бир же бир нече окуялардын натыйжасында жүрөт. Баанын түшүүсүнүн жеке өзүнчө белгилерине ээ болбогон кредиттер боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү тастыкмасы жок.

Кредиттердин баасынын түшүүсүнүн объективдүү белгилерине төмөнкүлөр кирет:

- Кредиттик келишим боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр;
- Карыз алуучунун финансылык абалынын олуттуу начарлоосу;
- Экономикалык жагдайдын начарлоосу, карыз алуучу ишин жүзөгө ашырган рыноктордогу терс өзгөрүүлөр:
- Улуттук банк кредиттердин баасынын түшүүсүнө карата кам өлчөмүн, баасы түшкөн кредиттер боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымына анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн жана алар боюнча баанын түшүүсү аныкталбаган кредит портфелдери боюнча айкын чыгымдарга жол берилген, өткөндөгү тажрыйбанын негизинде баа берет.

2013-2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча баасы түшкөн кредиттер дегенден улам, 1999-жылдан бери атайы административдик тескөө алдында турган коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, 360 күндөн көбүрөөк убакытка төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген кредиттерди түшүнүү зарыл. Улуттук банк өткөн отчеттук мезгилдерде мындай кредиттерге карата баанын түшүүсүнөн чыгымга 100% камды тааныган. Ошентип, 2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча, баанын түшүсүүнө кам тие-

# 6 БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР, УЛАНДЫСЫ

шелүүлүгүнө жараша, 431 344 миң сомду жана 421 013 миң сомду түзгөн. Баанын түшүүсүнөн чыгымдарга түзүлгөн камдын жылышы 19-түшүндүрмөдө берилген.

**Камсыздоолорго жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр**

Кийинки таблицада коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген кредиттердин камсыздоосу катары кызмат кылган күрөөлөр жөнүндө маалыматтар, үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча камсыздоолордун түрүнө жараша, үстөк камсыздоо таасирин эске албастан чагылдырылган.

| | 2013-ж. миң сом | Нарксыздабаган кредиттер портфелиндеги үлүш, % | 2012-ж. миң сом | Нарксыздабаган кредиттер портфелиндеги үлүш,% |
|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 411 624 | 48 | 520 991 | 64 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 433 664 | 50 | 269 523 | 33 |
| Кыймылсыз мүлк | 17 898 | 2 | 25 117 | 3 |
| | **863 186** | **100** | **815 631** | **100** |

Жогорку таблицада чагылдырылган суммалар, кредиттердин балансттык наркын түшүндүрөт жана камсыздоолордун адилет наркын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Камсыздоолордун адилет наркы кредит берилген күнгө карата бааланып, отчеттук күнгө чейинки өзгөрүүлөргө корректировкаланган эмес. Мындай кредиттердин ордунун жабылышы, камсыздоонун наркына эмес, негизинен карыз алуучулардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.

**Берилген кредиттердин концентрацияланышы**

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк, коммерциялык банктарга берилген, алар боюнча калдыктар өздүк капиталдын 10% ашкан кредиттерге ээ эмес.

# 7 САТУУ ҮЧҮН КОЛДО БОЛГОН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 14 569 143 | 14 776 099 |
| Улуу Британия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 2 468 779 | 701 768 |
| Канада Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 2 324 167 | 2 376 213 |
| Франция Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 2 311 341 | 654 431 |
| Германия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | - | 308 406 |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **21 673 430** | **18 816 917** |
| **Эл аралык мамлекеттик жана өкмөттүк эмес финансылык институттардын карыздык баалуу кагаздары** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 7 191 177 | 13 737 782 |
| **Жыйынтыгында, карыздык инструменттер** | **28 864 607** | **32 554 699** |

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар, баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.

# 8 ТӨЛӨӨГӨ ЧЕЙИН КАРМАЛЫП ТУРУУЧУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Улуттук банктын менчигинде тургандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 755 502 | 1 379 590 |
| **Репо келишими боюнча күрөөгө коюлгандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 756 049 | 931 657 |
| | **1 511 551** | **2 311 247** |

2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча төлөөгө чейин кармалып турууучу 756 049 миң сом амортизациялык наркка ээ карыздык баалуу кагаздар (2012-жылы: 931 657 миң сом) алты айдан ашпаган мезгил ичинде эки коммерциялык банк менен (2012-жылы 3 коммерциялык банк) сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча камсыздоо милдетин аткарган.

Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгенден болуп саналбайт.

2013-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестиция катары классификацияланган, 100 000 миң сом (2012-жылы 718 100 миң сом) суммасына мамлекеттик казына векселдеринин ордун жабуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы милдеттенмелерин эске алуу аркылуу ишке ашырылган.

# 9 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР

| миң сом | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2013-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | **537 457** | **130 168** | **73 308** | **32 557** | **408 428** | **1 181 918** |
| Сатып алуулар | 8 776 | 26 095 | 72 797 | 2 529 | 66 339 | 176 536 |
| Колдонуудан калгандар | (10 150) | (24 145) | (19 819) | (17 425) | (38) | (71 577) |
| Ордунан которулгандар | 8 167 | 2 299 | 19 672 | - | (74 183) | (44 045) |
| **2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **544 250** | **134 417** | **145 958** | **17 661** | **400 546** | **1 242 832** |
| ***Амортизация жана баанын түшүүсүнөн чыгым*** | | | | | | |
| 2013-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | **(58 910)** | **(59 172)** | **(40 443)** | **(20 475)** | **-** | **(179 000)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (13 314) | (26 449) | (17 725) | (4 007) | - | (61 495) |
| Колдонуудан калгандар | 1 323 | 24 138 | 19 819 | 17 425 | - | 62 705 |
| **2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **(70 901)** | **(61 483)** | **(38 349)** | **(7 057)** | **-** | **(177 790)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | |
| **2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата** | **473 349** | **72 934** | **107 609** | **10 604** | **400 546** | **1 065 042** |

## 9 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР, УЛАНДЫСЫ

| миң сом | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2012-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 202 654 | 123 885 | 84 846 | 20 572 | 295 663 | 727 620 |
| Сатып алуулар | 295 835 | 19 172 | 18 535 | 12 483 | 157 645 | 503 670 |
| Колдонуудан калгандар | (251) | (18 035) | (30 526) | (498) | (62) | (49 372) |
| Ордунан которулгандар | 39 219 | 5 146 | 453 | - | (44 818) | - |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **537 457** | **130 168** | **73 308** | **32 557** | **408 428** | **1 181 918** |
| ***Амортизация жана баанын түшүүсүнөн чыгым*** | | | | | | |
| 2012-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | (49 715) | (52 436) | (55 182) | (14 019) | - | (171 352) |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (9 403) | (24 722) | (15 379) | (6 953) | - | (56 457) |
| Колдонуудан калгандар | 208 | 17 986 | 30 118 | 497 | - | 48 809 |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **(58 910)** | **(59 172)** | **(40 443)** | **(20 475)** | **-** | **(179 000)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | |
| **2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата** | **478 547** | **70 996** | **32 865** | **12 082** | **408 428** | **1 002 918** |

Негизги каражаттар объекттерин сатып алууга же курууга байланыштуу насыялар (займ) боюнча капиталдаштырылган сарптоолорго 2013-2012-жылдары жол берилген эмес.

# 10 БАШКА АКТИВДЕР

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 298 577 | 286 131 |
| Башка дебитордук карыздар | 246 006 | 202 649 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (35 349) | (37 819) |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **509 234** | **450 961** |
| Запастар | 674 781 | 517 842 |
| Башка инвестициялар | 61 005 | 61 005 |
| Алдын ала төлөө | 69 725 | 50 881 |
| Башка активдер | 21 889 | 24 765 |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык эмес активдер** | **827 400** | **654 493** |
| | **1 336 634** | **1 105 454** |

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн башка активдер боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышына тиешелүү маалыматтар 19-түшүндүрмөдө келтирилген.

# 11 ЖҮГҮРТҮҮДӨГҮ БАНКНОТТОР ЖАНА МОНЕТАЛАР

2013-2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар төмөнкүлөрдү өзүндө камтыган:

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 68 931 212 | 59 890 751 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкнотторду жана монеталарды эсептен алып салуу менен | (1 977 058) | (1 638 583) |
| | **66 954 154** | **58 252 168** |

Жүгүртүүдөгү акча массасы дегенден улам, жүгүртүүдөгү, калктын колундагы жана финансы мекемелериндеги банкноттордун жана монеталардын номиналдык наркын түшүнүү зарыл.

# 12 БАНКТАРДЫН ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КАРАЖАТТАРЫ

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын күндөлүк эсептери | 6 692 487 | 7 364 794 |
| Башка финансылык мекемелердин күндөлүк эсептери | 14 665 | 1 945 |
| | **6 707 152** | **7 366 739** |

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк банктардагы эсептер боюнча өздүк капиталдын 10% ашкан калдыктарга ээ болгон эмес.

## 13 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН КАРАЖАТТАРЫ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эсептери кирет.

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Улуттук валютада | 7 942 026 | 2 360 717 |
| Чет өлкө валютасында | 483 664 | 2 831 693 |
| | **8 425 690** | **5 192 410** |

## 14 ЧЫГАРЫЛГАН КАРЫЗДЫК БААЛУУ КАГАЗДАР

2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга (Улуттук банктын ноталары) төмөнкү эмиссиялардагы баалуу кагаздар кирет:

| Эмиссиялар | Баланстык нарк, миң сом | Эмиссия күнү | Төлөө күнү | Эффективдүү пайыздык чен |
|---|---|---|---|---|
| BD004140101 | 535 937 | 2013-ж. 4-дек | 2014-ж.1-янв. | 4,38% |
| BD004140108 | 999 075 | 2013-ж.11-дек. | 2014-ж.8-янв. | 4,32% |
| BD004140115 | 1 297 754 | 2013-ж.18-дек. | 2014-ж.15-янв. | 4,30% |
| BD002140108 | 299 780 | 2013-ж.25-дек. | 2014-ж.8-янв. | 3,41% |
| BD004140122 | 1 496 201 | 2013-ж.25-дек. | 2014-ж.22-янв. | 4,30% |
| BD001140107 | 1 199 508 | 2013-ж.31-дек. | 2014-ж.7-янв. | 2,16% |
| BD004140128 | 806 382 | 2013-ж.31-дек. | 2014-ж.28-янв. | 4,32% |
| | **6 634 637** | | | |

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга (Улуттук банктын ноталары) төмөнкү эмиссиялардагы баалуу кагаздар кирген:

| Эмиссиялар | Баланстык нарк, миң сом | Эмиссия күнү | Төлөө күнү | Эффективдүү пайыздык чен |
|---|---|---|---|---|
| BD004130102 | 499 925 | 2012-ж.5-дек. | 2013-ж. 2-янв. | 2,76% |
| BD004130109 | 438 730 | 2012-ж.12-дек. | 2013-ж. 9-янв | 2,52% |
| BD004130116 | 699 167 | 2012-ж.19-дек. | 2013-ж.16-янв. | 2,76% |
| BD004130123 | 798 618 | 2012-ж.26-дек. | 2013-ж.23-янв. | 2,78% |
| BD002130109 | 114 937 | 2012-ж.26-дек | 2013-ж. 9-янв. | 2,23% |
| BD002130114 | 275 728 | 2012-ж.31-дек | 2013-ж.14-янв. | 2,61% |
| BD001130108 | 219 798 | 2012-ж.31-дек | 2013-ж. 8-янв | 4,28% |
| | **3 046 903** | | | |

# 15 АЛЫНГАН КРЕДИТТЕР

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Эл аралык валюта фондусунан алынган кредиттер | 3 970 121 | 4 655 633 |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен алынган кредиттер | 59 722 | 97 198 |
| | **4 029 843** | **4 752 831** |

2013-2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча, алынган кредиттердин мөөнөттөрү жана шарттары төмөндө чагылдырылган:

| Эмитент | Валютасы | Пайыздык чен | Берилген күнү | Төлөө күнү | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЭВФ, ПРГФ (жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү) | АКУ | 0% | 2001-ж. 19-декабры | 2018-ж. 31-майы | 1 445 148 | 2 222 452 |
| ЭВФ, ESF (Тышкы таасирлерге карата чара көрүү фондусу) | АКУ | 0% | 2008-жылдын 24-декабры | 2019-ж. 7-июну | 2 524 973 | 2 433 181 |
| Финансы министрлиги | АКШ доллары | 1,50% | 2004-ж. 19-октябры | 2016-ж. 15-июлу | 59 722 | 97 198 |
| | | | | | **4 029 843** | **4 752 831** |

Жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү программасы (ПРГФ) боюнча карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, финансылык реформаларды жана улуттук валютаны колдоого алуу максатында сунушталган. Бул программа боюнча карыз алуулар нөлдүк пайыздык ченге ээ жана ал өздөштүрүлө баштагандан кийинки 10 жылдан кийин орду жабылууга тийиш. 2012-жылдын үчтүн айынын жыйырма биринде ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2014-жылдын акырына чейин узарткан. ПРГФ кредиттеринин шарттары бардык кредит алуучулар үчүн стандарттуу болуп саналат. Улуттук банк ПРГФ насыялары боюнча белгилүү бир милдеттенмелерди өзүнө алган, ошондой эле өз ишинде айрым бир критерийлерди сактоого жана финансы-бюджет саясатында түзүмдүк реформаларды аягына чыгарууга милдеттүү.

Тышкы таасирлерге каршы аракет көрүү механизминин (ESF) алкагында карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, Кыргызстандын бийлигинин белгилүү бир тышкы таасирлерди четтетүүгө багытталган аракеттерин колдоо үчүн берилген. Кредит нөлдүк пайыздык ченге ээ жана 2012-жылдын үчтүн айынын жыйырма биринде ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2014-жылдын акырына чейин узарткан. Бул шарт дүйнө жүзү боюнча ESF алкагында кредит алуучулар үчүн жарыяланган. Улуттук банк ESF насыяларына тиешелүү белгилүү бир милдеттенмелерди жана шарттарды аткарууну өзүнө алган, ошондой эле өз ишинде айрым бир критерийлерди сактоого жана түзүмдүк реформаларды аягына чыгарууга милдеттүү.

Финансы министрлигинен Улуттук банкка берилген кредит, Эл аралык өнүгүү ассоциациясы тарабынан каржыланган Төлөм жана банк системаларын модернизациялоо долбоорун ишке ашыруу үчүн каралган.

2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде Улуттук банк тарабынан кредиттин негизги суммаларын, пайыздарды төлөө боюнча милдеттенмелерди же башка милдеттенмелерди бузууга жол бергендиги учурлары катталган эмес.

# 16 ЭВФтен БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИНДЕ АЛЫНГАН АКУ (СПЗ) БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 6 426 299 | 6 192 312 |

АКУну (СПЗ) бөлүштүрүү, алардын суммасын ЭВФ мүчөлөрүнүн ортосунда анын чечими боюнча шартсыз бөлүштүрүү саналат. АКУну жалпы бөлүштүрүү 2009-жылдын аяк оона айынын жыйырма сегизинде күчүнө кирген. Мындай бөлүштүрүү глобалдуу финансылык каатчылыкка каршы жамааттык монетардык жооп болуп саналат, ал ликвиддүүлүк проблемасын башынан кечирип жаткан өлкөлөргө шарттар менен чектелбеген олуттуу финансылык ресурстарды берүү аркылуу ишке ашырылат. Бул ресурстар жөнгө салууга муктаждыкты азайтууга жана экономикалык өсүш саясатынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн валюталык запасын толуктоо аркылуу глобалдуу экономикалык системанын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууга каралган. ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн арасында АКУну жалпы бөлүштүрүү, алардын ЭВФтеги квотасына пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылат (25-түшүндүрмө). 2009-жылдын аяк оона айынын онунда глобалдуу ликвиддүүлүктү жогорулатуу максатында, АКУнун бир жолку бөлүштүрүлүшүн караган, ЭВФтин Келишимдер статьясына карата Төртүнчү түзөтүү күчүнө кирген. Ушул түзөтүүгө ылайык Кыргызстанды кошо алганда, ЭВФке мүчө өлкөлөргө атайы бөлүштүрүү 2009-жылдын тогуздун айынын тогузунда ишке ашырылган. Мүчө өлкөлөр жана АКУга ээлик кылуучулар аларды ЭВФ менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонушу мүмкүн. Кыргыз Республикасы 84 737 миң АКУ өлчөмүндө бөлүштүрүлгөн каражатты пайдалануу укугуна ээ болгон. 2013 жана 2012-жылдары бул механизм колдонулган эмес. Анын пайыздык чени жума сайын ЭВФ тарабынан аныкталат жана ал бүткүл дүйнө боюнча бөлүштүрүлгөн АКУну алуучулар үчүн бирдей болуп саналат.



# 17 УСТАВДЫК КАПИТАЛ

### Белгиленген капитал

| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **22 859 761** | **166 971** | **49 057** | **427 986** | **3 895 925** | **27 399 700** | **27 377 845** |

Жогоруда келтирилген таблицада туунду эмес финансылык милдеттенмелер боюнча акча каражаттарынын дисконттолбогон агымы жөнүндө маалыматтар чагылдырылган.

МАЗМУНУ

# 23 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги, уландысы

Төмөнкү таблицада 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган суммаларга талдап-иликтөөлөр келтирилген (күтүлүп жаткан төлөө мөөнөттөрү боюнча):

| миң сом | Талап боюнча төлөнүүчү жана 1 айга жетпеген | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ашкан | Төлөө мөөнөтсүз | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 2 076 537 | 2 852 654 | - | - | - | - | 4 929 191 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 39 499 417 | 14 551 123 | 20 031 534 | - | - | - | 74 082 074 |
| Берилген кредиттер | 13 380 | 141 442 | 458 058 | 238 340 | 2 911 | - | 854 131 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 879 435 | 2 091 311 | 11 291 833 | 14 602 028 | - | - | 28 864 607 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 4 269 | 212 | 61 660 | 500 768 | 188 593 | - | 755 502 |
| Репо келишимдери боюнча салынган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 5 413 | 636 | - | 750 000 | - | - | 756 049 |
| Башка финансылык активдер | 302 631 | 2 859 | 13 831 | 71 019 | 118 894 | - | 509 234 |
| | **42 781 082** | **19 640 237** | **31 856 916** | **16 162 155** | **310 398** | **-** | **110 750 788** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | - | - | 66 954 154 | 66 954 154 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 6 707 152 | - | - | - | - | - | 6 707 152 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 8 425 690 | - | - | - | - | - | 8 425 690 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | 585 744 | - | - | - | - | - | 585 744 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 6 634 637 | - | - | - | - | - | 6 634 637 |
| Алынган кредиттер | 171 665 | 82 043 | 802 311 | 2 847 576 | 126 248 | - | 4 029 843 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 425 183 | 1 116 | - | - | - | - | 6 426 299 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 10 498 | 478 | 14 526 | - | - | - | 25 502 |
| | **28 960 569** | **83 637** | **816 837** | **2 847 576** | **126 248** | **66 954 154** | **99 789 021** |
| **Таза позиция** | **13 820 513** | **19 556 600** | **31 040 079** | **13 314 579** | **184 150** | **(66 954 154)** | **10 961 767** |

# 23 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги, уландысы

Төмөнкү таблицада 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган суммаларга талдап-иликтөөлөр келтирилген (күтүлүп жаткан төлөө мөөнөттөрү боюнча):

| миң сом | Талап боюнча төлөнүүчү жана 1 айга жетпеген | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ашкан | Төлөө мөөнөтсүз | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 1 179 032 | 5 349 800 | - | - | - | - | 6 528 832 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 33 622 356 | 10 355 924 | 13 282 348 | - | - | - | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | 39 114 | 52 440 | 240 420 | 473 444 | 5 110 | - | 810 528 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 9 025 017 | 5 037 877 | 9 814 477 | 8 677 328 | - | - | 32 554 699 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 12 002 | 326 397 | 68 047 | 722 821 | 250 323 | - | 1 379 590 |
| Репо келишимдери боюнча салынган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | - | 304 977 | 100 812 | 525 868 | - | - | 931 657 |
| Башка финансылык активдер | 289 481 | 2 388 | 9 491 | 50 171 | 99 430 | - | 450 961 |
| | **44 167 002** | **21 429 803** | **23 515 595** | **10 449 632** | **354 863** | **-** | **99 916 895** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моneталар | - | - | - | - | - | 58 252 168 | 58 252 168 |
| Банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | 7 366 739 | - | - | - | - | - | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 5 192 410 | - | - | - | - | - | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | 796 711 | - | - | - | - | - | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 3 046 903 | - | - | - | - | - | 3 046 903 |
| Алынган кредиттер | 235 491 | 164 696 | 473 688 | 3 196 496 | 682 460 | - | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 191 605 | 707 | - | - | - | - | 6 192 312 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 25 712 | 1 568 | 2 659 | | | | 29 939 |
| | **22 855 571** | **166 971** | **476 347** | **3 196 496** | **682 460** | **58 252 168** | **85 630 013** |
| **Таза позиция** | **21 311 431** | **21 262 832** | **23 039 248** | **7 253 136** | **(327 597)** | **(58 252 168)** | **14 286 882** |

МАЗМУНУ

# 24 БАЛАНСТАН ТЫШКАРКЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

**(а) Камсыздандыруу**

Кыргыз Республикасында камсыздандыруу тармагы өнүгүү баскычында турууда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрү үчүн мүнөздүү болгон камсыздандыруунун көптөгөн формалары биз үчүн азырынча толук көлөмдө жеткиликтүү болбой жатат. Улуттук банк өз мүлкүнө жана жабдууларына карата, ошондой эле банктын мүлкүнө же анын ишине байланыштуу камсыздандыруу учурларынын келип чыгышынын натыйжасында, мүлккө же курчап турган чөйрөгө зыян келтирилишине байланыштуу үчүнчү тарап алдындагы милдеттенмелерге карата жарым-жартылай ордун жабуучу камсыздандырууну караштырат. Улуттук банк толук камсыздандырууну ишке ашырмайынча, кандайдыр бир активдердин жоголушунан же жок кылынышынан улам Улуттук банктын ишине жана анын финансылык абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүндүгү тобокелдиги орун алып турат.

**(б) Соттук териштирүүлөр**

Улуттук банк адаттагы ишинин жүрүшүндө ага карата соттук доолордун коюлушу тобокелдигине дуушар болушу ыктымал. Улуттук банктын жетекчилиги, эгерде банкка карата соттук доонун натыйжасында милдеттенмелер келип чыга турган болсо, алар банктын финансылык абалына жана операцияларынын натыйжаларына олуттуу таасир тийгизбейт деп эсептейт.

**(в) Шарттуу салыктык милдеттенмелер**

Кыргыз Республикасынын салык системасы ченемдик документтердин бат-бат өзгөрүүгө дуушар болушу, ошол документтер жана сот органдарынын чечимдери боюнча расмий комментарийлердин берилиши менен коштолушу мүмкүн, анткени көпчүлүк учурларда салык органдары тарабынан бирдей эмес, айрым учурда дегеле карама-каршы келген, ар башкача колдонулган чечмелөөлөр орун алууда. Салыктардын туура эсептелиниши олуттуу айыптык төлөмдөрдү, туумдарды жана пайыздык төлөмдөрдү өндүрүп алуу, алардын ыйгарым укуктарына кирген бир катар органдар тарабынан кылдат текшерүүгө алуунун предмети болуп саналат. Салык жылы кийинки үч календардык жыл аралыгында салык органдары тарабынан текшерүүлөр үчүн ачык бойдон калат. Ошондой болсо да, кандайдыр бир жагдайларга байланыштуу салык жылы алты календардык жыл ичинде ачык бойдон калышы мүмкүн.

Улуттук банк пайда салыгын жана бир катар башка салыктарды төлөөдөн бошотулгандыгы фактысын эске алсак, салыктык милдеттенмелердин келип чыгышы мүмкүн эмес, ал эми мындай шарттар орун алган учурда алар Улуттук банктын финансылык абалына анчалык таасир этпейт.

# 25 АГЕНТТИК ФУНКЦИЯЛАР

**Кыргыз Республикасынын Эл аралык валюта фондусунда катталуу квотасы**

Кыргыз Республикасы 1992-жылы Эл аралык валюта фондусунун (ЭВФтин) мүчөсү болуп калган. ЭВФке мүчө болгон ар бир өлкө үчүн Атайы карыз алышуу укугунда (мындан ары “АКУ”) туюндурулган квота белгиленет. Катталуу квотасы ЭВФтин каржылоосунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Кыргыз Республикасынын 2013-жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата квотасы 88 800 миң АКУну түзөт.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан катталуу квотасынын бөлүгүн камсыз кылуу максатында, ЭВФтин пайдасына баалуу кагаздар чыгарылган. Квотанын калган бөлүгү ЭВФтин Улуттук банктагы күндөлүк эсебине жайгаштырылган каражаттар менен камсыз кылынган.

Улуттук банк ошол баалуу кагаздардын жана каражаттардын депозитарийи, ошондой эле Кыргыз Республикасынын атынан жана анын таламында Эл аралык валюта фондусу менен бардык операцияларды жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу финансылык агент болуп саналат. Демек,

# 25 АГЕНТТИК ФУНКЦИЯЛАР, УЛАНДЫСЫ

төмөндө келтирилген активдер жана милдеттенмелер Улуттук банктын активдери жана милдеттенмелери болуп саналбайт жана Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетуна да кошулган эмес:

| | 2013-ж. миң сом | 2012-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **ЭВФке катталуу квотасы** | **6 746 644** | **6 469 286** |
| ЭВФтин пайдасына чыгарылган баалуу кагаздар | 6 729 398 | 6 452 749 |
| ЭВФтин күндөлүк эсептери | 17 246 | 16 537 |
| | **6 746 644** | **6 469 286** |

**ЭВФтин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берген кредиттери**

2012-жылдын кулжа айынын тогузунда жана үчтүн айынын он биринде ЭВФ Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине мамлекеттик бюджетти финансылык колдоого алуу үчүн 19 028 миң АКУ өлчөмүндө кредит берген. 2013-жылдын теке айынын жыйырма биринде жана үчтүн айынын он экисинде ЭВФ ушул эле максаттар үчүн 19 028 миң АКУ жалпы суммасында кредитти бөлгөн. Бул карыздар Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө отчетто ЭВФ алдындагы милдетттенме катары эсепке алынган эмес, анткени Финансы министрлиги менен Улуттук банк ортосуна келишимге кол коюлуп, ага ылайык Финансы министрлиги ушул кредиттер боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган. 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча бул кредиттердин төлөнбөгөн калдыгы 6 011 709 миң сомду түзгөн (2012-жылы: 4 402 816 миң сом).

# 26 БАЙЛАНЫШТУУ ТАРАПТАР МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР

## (а) Контролдук жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын борбордук банкы болуп саналат жана анын менчигинде турат. Банк, мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде ишин өз алдынча жүзөгө ашырат.

## (б) Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрү менен операциялар

Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрүнүн үчтүн айынын отуз биринде бүткөн 2013 жана 2012-жылдардагы чогуу алгандагы сый акылары, тиешелүүлүгүнө жараша, 12 022 миң сомду жана 10 576 миң сомду түзгөн. Сый акыларга эмгек акылар жана бардык төлөөлөр кирет. 2013 жана 2012-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрүнө берилген кредиттердин орду жабылбаган калдыгы, тиешелүүлүгүнө жараша 11 979 миң сомду жана 7 425 миң сомду түзгөн. Кредиттер кыргыз сомунда берилген жана 2026-жылдары төлөнүп бүтүүгө тийиш. Үчтүн айынын отуз биринде бүткөн 2013 жана 2012-жылдар үчүн Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрүнө берилген кредиттер боюнча пайыздык кирешелер, тиешелүүлүгүнө жараша, 277 миң сомду жана 383 миң сомду түзгөн.

## (в) Башка байланыштуу жактар менен операциялар

2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата эсептер боюнча калдыктар жана 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата тиешелүү орточо пайыздык чендер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана башка байланыштуу тараптар менен 2013-жыл-

# 26 БАЙЛАНЫШТУУ ТАРАПТАР МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР, УЛАНДЫСЫ

## (в) Башка байланыштуу жактар менен операциялар, уландысы

дын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде ишке ашырылган операциялардан түшкөн пайда же чыгым төмөндө чагылдырылган:

| | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | | Консолидациялanбаган туунду ишканалар | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | миң сом | Орточо пайыздык чен, % | миң сом | Орточо пайыздык чен, % | Жыйынтыгында миң сом |
| **Финансылык абал жөнүндө отчет** | | | | | |
| **АКТИВДЕР** | | | | | |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 1 511 551 | 4,94 | - | - | 1 511 551 |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 8 425 690 | - | - | - | 8 425 690 |
| Алынган кредиттер | 59 722 | 1,50 | - | - | 59 722 |
| **Түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчет** | | | | | |
| Пайыздык кирешелер | 102 374 | - | - | - | 102 374 |
| Башка кирешелер | 15 | - | 22 411 | - | 22 426 |
| Пайыздык чыгашалар | 46 508 | - | - | - | 46 508 |
| Башка чыгашалар | - | - | 205 | - | 205 |

2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата эсептер боюнча калдыктар жана 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата тиешелүү орточо пайыздык чендер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана башка байланыштуу тараптар менен 2012-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде ишке ашырылган операциялардан түшкөн пайда же чыгым төмөндө чагылдырылган:

| | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | | Консолидациялanбаган туунду ишканалар | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | миң сом | Орточо пайыздык чен, % | миң сом | Орточо пайыздык чен, % | Жыйынтыгында миң сом |
| **Финансылык абал жөнүндө отчет** | | | | | |
| **АКТИВДЕР** | | | | | |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 2 311 247 | 6,86 | - | - | 2 311 247 |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 5 192 410 | 1,37 | - | - | 5 192 410 |
| Алынган кредиттер | 97 198 | 1,50 | - | - | 97 198 |
| **Түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчет** | | | | | |
| Пайыздык кирешелер | 210 815 | - | - | - | 210 815 |
| Башка кирешелер | 13 | - | 29 236 | - | 29 249 |
| Пайыздык чыгашалар | 128 498 | - | - | - | 128 498 |
| Башка чыгашалар | - | - | 254 | - | 254 |

# 27 ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР: АДИЛЕТ НАРК ЖАНА ЭСЕПКЕ АЛУУ КЛАССИФИКАЦИЯЛАРЫ

## (а) Эсепке алуу классификациялары жана адилет нарк

Төмөндө келтирилген таблицада 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык активдердин жана милдеттенмелердин баланстык жана адилет наркы чагылдырылган:

| миң сом | Төлөөгө чейин кармалып туруучу | Кредит-тер жана дебитордук карыз | Сатуу үчүн колдо болгондор | Амортизация-ланган нарк боюнча эсепке алынгандан башкалар | Жалпы баланстык нарк | Адилет нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | 74 082 074 | - | - | 74 082 074 | 74 082 074 |
| Берилген кредиттер | - | 854 131 | - | - | 854 131 | 854 131 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 28 864 607 | - | 28 864 607 | 28 864 607 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 755 502 | - | - | - | 755 502 | 755 502 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 756 049 | - | - | - | 756 049 | 756 049 |
| Башка финансылык активдер | - | 509 234 | - | - | 509 234 | 509 234 |
| | **1 511 551** | **75 445 439** | **28 864 607** | **-** | **105 821 597** | **105 821 597** |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | 66 954 154 | 66 954 154 | 66 954 154 |
| Банктардын жана башка финансы институттарынын каражаттары | - | - | - | 6 707 152 | 6 707 152 | 6 707 152 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | - | - | - | 8 425 690 | 8 425 690 | 8 425 690 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | - | - | - | 585 744 | 585 744 | 585 744 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | - | - | - | 6 634 637 | 6 634 637 | 6 634 637 |
| Алынган кредиттер | - | - | - | 4 029 843 | 4 029 843 | 4 029 843 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | 6 426 299 | 6 426 299 | 6 426 299 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | - | - | - | 25 502 | 25 502 | 25 502 |
| | **-** | **-** | **-** | **99 789 021** | **99 789 021** | **99 789 021** |

# 27 ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР: АДИЛЕТ НАРК ЖАНА ЭСЕПКЕ АЛУУ КЛАССИФИКАЦИЯЛАРЫ, УЛАНДЫСЫ

## (а) Эсепке алуу классификациялары жана адилет нарк, уландысы

Төмөндө келтирилген таблицада 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык активдердин жана милдеттенмелердин баланстык жана адилет наркы чагылдырылган:

| миң сом | Төлөөгө чейин кармалып туруучу | Кредиттер жана дебитордук карыз | Сатуу үчүн колдо болгондор | Амортизацияланган нарк боюнча эсепке алынгандан башкалар | Жалпы баланстык нарк | Адилет нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | 57 260 628 | - | - | 57 260 628 | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | - | 810 528 | - | - | 810 528 | 810 528 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 32 554 699 | - | 32 554 699 | 32 554 699 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 1 379 590 | - | - | - | 1 379 590 | 1 333 229 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 931 657 | - | - | - | 931 657 | 931 657 |
| Башка финансылык активдер | - | 450 961 | - | - | 450 961 | 450 961 |
| | **2 311 247** | **58 522 117** | **32 554 699** | **-** | **93 388 063** | **93 341 702** |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моненталар | - | - | - | 58 252 168 | 58 252 168 | 58 252 168 |
| Банктардын жана башка финансы институттарынын каражаттары | - | - | - | 7 366 739 | 7 366 739 | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | - | - | - | 5 192 410 | 5 192 410 | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | - | - | - | 796 711 | 796 711 | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | - | - | - | 3 046 903 | 3 046 903 | 3 053 969 |
| Алынган кредиттер | - | - | - | 4 752 831 | 4 752 831 | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | 6 192 312 | 6 192 312 | 6 192 312 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | - | - | - | 29 939 | 29 939 | 29 939 |
| | **-** | **-** | **-** | **85 630 013** | **85 630 013** | **85 637 079** |

МАЗМУНУ

# 27 ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР: АДИЛЕТ НАРК ЖАНА ЭСЕПКЕ АЛУУ КЛАССИФИКАЦИЯЛАРЫ, УЛАНДЫСЫ

## (а) Эсепке алуу классификациялары жана адилет нарк, уландысы

Адилет наркты аныктоо, жакшы маалымдалган, мындай бүтүмгө келишүүгө ниеттенген, бири-бирине көз карандысыз тараптар ортосунда финансылык инструмент ал боюнча алмаштырылышы мүмкүн болгон наркты эң эле так аныктоого багытталган. Ошондой болсо да, белгисиздик жагдайынын орун алып турушу жана баа берүүлөрдүн субъективдүүлүгү себебинен, адилет нарк активдерди сатып өткөрүү же милдеттенмелерди аткарууну дароо ал боюнча ишке ашырылышы мүмкүн болгон нарк катары каралууга тийиш эмес.

## (б) Адилет наркка баа берүү баскычтары

Улуттук банк көрсөтүлгөн баа берүүлөрдү түзүүдө, колдонулган маалыматтардын олуттуулугу эске алынган адилет наркка баа берүүнүн төмөндө келтирилген баскычтарын пайдалануу аркылуу, финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган финансылык инструменттердин адилет наркына баа берет:

- 1-деңгээл: Окшош финансылык инструменттерге карата активдүү рыноктогу котировкалар (корректировкаланбаган).
- 2-деңгээл: Түздөн түз жеткиликтүү болгон (б.а. котировкаларда) же кандайдыр бир нерселер аркылуу (б.а. котировкалардан алынган маалыматтар) жетишилген рыноктук маалыматтарга негизденген баа берүү ыкмалары. Бул категорияга окшош инструменттер үчүн активдүү рыноктук котировкаларды, рыноктордогу бирдей же окшош инструменттер үчүн активдүү катары каралбаган рынок котировкаларын колдонуу менен бааланган инструменттер кирет, же болбосо баардык колдонулган маалыматтар түздөн-түз же кандайдыр бир нерселер аркылуу рынокто байкалган маалыматтарга негизденген баа берүүнүн башка ыкмалары.
- 3-деңгээл: Байкоого алынбаган рыноктук маалыматтарга негизденген баа берүү ыкмалары. Бул категорияга рынокто байкалбаган маалыматтарга негизделбеген маалыматтарды пайдалануу менен бааланган инструменттер кирет, мында, байкалбаган мындай маалыматтар инструментке баа берүүгө олуттуу таасирин тийгизет. Бул категорияга аларга карата олуттуу байкоого алынбаган корректировкалоолор же инструменттер ортосунда айырманы чагылдыруу үчүн ой-пикирлерди пайдалануу талап кылынган окшош инструменттер үчүн котировкалардын негизинде бааланган инструменттер кирет.

Кийинки таблицада 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата адилет нарк боюнча чагылдырылган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| **миң сом** | **1-деңгээл** | **2-деңгээл** | **3-деңгээл** | **Жыйын-тыгында** |
|---|---|---|---|---|
| Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер | | | | |
| - Карыздык инструменттер жана белгиленген кирешелүүлүгү менен башка инструменттер | 28 864 607 | - | - | 28 864 607 |
| | **28 864 607** | **-** | **-** | **28 864 607** |

Кийинки таблицада 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата адилет нарк боюнча чагылдырылган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| **миң сом** | **1-деңгээл** | **2-деңгээл** | **3-деңгээл** | **Жыйын-тыгында** |
|---|---|---|---|---|
| Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер | | | | |
| - Карыздык инструменттер жана белгиленген кирешелүүлүгү менен башка инструменттер | 32 554 699 | - | - | 32 554 699 |
| | **32 554 699** | **-** | **-** | **32 554 699** |

# 27 ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР: АДИЛЕТ НАРК ЖАНА ЭСЕПКЕ АЛУУ КЛАССИФИКАЦИЯЛАРЫ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Адилет наркка баа берүү баскычтары, уландысы

Кийинки таблицада 2013-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата адилет нарк боюнча чагылдырылбаган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| миң сом | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | 74 082 074 | - | 74 082 074 |
| Берилген кредиттер | - | 854 131 | - | 854 131 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | - | 755 502 | - | 755 502 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | - | 756 049 | - | 756 049 |
| Башка финансылык активдер | - | 509 234 | - | 509 234 |
| ***Жыйынтыгында*** | **-** | **76 956 990** | **-** | **76 956 990** |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | 66 954 154 | - | 66 954 154 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | - | 6 707 152 | - | 6 707 152 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | - | 8 425 690 | - | 8 425 690 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | - | 585 744 | - | 585 744 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | - | 6 634 637 | - | 6 634 637 |
| Алынган кредиттер | - | 4 029 843 | - | 4 029 843 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | 6 426 299 | - | 6 426 299 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | - | 25 502 | - | 25 502 |
| ***Жыйынтыгында*** | **-** | **99 789 021** | | **99 789 021** |
| **ТАЗА НАРК** | **-** | **(22 832 031)** | **-** | **(22 832 031)** |

# 27 ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР: АДИЛЕТ НАРК ЖАНА ЭСЕПКЕ АЛУУ КЛАССИФИКАЦИЯЛАРЫ, УЛАНДЫСЫ

### (б) Адилет наркка баа берүү баскычтары, уландысы

Кийинки таблицада 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата адилет нарк боюнча чагылдырылбаган финансылык инструменттерге адилет наркынын деңгээлдери боюнча жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр келтирилген:

| миң сом | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | 57 260 628 | - | 57 260 628 |
| Берилген кредиттер | - | 810 528 | - | 810 528 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | - | 1 379 590 | - | 1 379 590 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | - | 931 657 | - | 931 657 |
| Башка финансылык активдер | - | 450 961 | - | 450 961 |
| ***Жыйынтыгында*** | **-** | **60 833 364** | **-** | **60 833 364** |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моneталар | - | 58 252 168 | - | 58 252 168 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелердин каражаттары | - | 7 366 739 | - | 7 366 739 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | - | 5 192 410 | - | 5 192 410 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | - | 796 711 | - | 796 711 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | - | 3 046 903 | - | 3 046 903 |
| Алынган кредиттер | - | 4 752 831 | - | 4 752 831 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | 6 192 312 | - | 6 192 312 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | - | 29 939 | - | 29 939 |
| ***Жыйынтыгында*** | **-** | **85 630 013** | | **85 630 013** |
| **ТАЗА НАРК** | **-** | **(24 796 650)** | **-** | **(24 796 650)** |

# 28 ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕРДИ ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИ ӨЗ АРА ЧЕГЕРИШҮҮ

2013 жана 2012-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк, өз ара чегеришүүнүн негизинде финансылык абал жөнүндө отчетто көрсөтүлүүгө тийиш болгон финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге ээ болгон эмес, ошондой эле бул багытта башкы келишимдер же ушул сыяктуу келишимдер түзүлгөн эмес.

# IV

## ТИРКЕМЕЛЕР

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
2013-жыл үчүн отчетуна карата
**1-тиркеме**

## 2013-жылдагы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 2012-жылдын үчтүн айынын он экиси | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү токтомдор кабыл алынган:<br>– Акча-кредит саясатынын 2013-2015-жылдарга негизги багыттары жөнүндө;<br>– Улуттук банктын 2013-жылга акча-кредит саясат жөнүндө билдирүүсү тууралуу. |
| Бирдин айынын отуз бири | • Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2013-жылга экономикалык саясат жөнүндө биргелешкен билдирүүсү Улуттук банк Башкармасы тарабынан жактырылган.<br>• Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтом кабыл алынган.<br>• Улуттук банктын Илимий-эксперттик кеңешинин отуруму өткөрүлгөн, анда “Инфляциялык күтүүлөр жана аларды изилдөө ыкмалары: теориялык жана эмпирикалык мамилелер” илимий иши жактырылган. |
| Жалган куран айынын бири | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекет ичиндеги төлөмдөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу зарылчылыгы тууралуу  маселе каралган.<br>• “Кредиттик союздардын финансылык компаниясы” ААКсы өзүн-өзү жөнгө салуу принциптери камтылган “Кредиттик союздардын финансылык  компаниясы” ААКсынын Өнүгүү стратегиясын бекиткен. |
| Жалган куран айынын төртү | Эксперттик форумдун отуруму өткөрүлгөн, анда Кыргыз Республикасында 2012-жылы жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын жыйынтыктары талкууланган. |
| Жалган куран айынын сегизи – тогузу | Улуттук банктын жетекчилиги,  Борбордук Азия өлкөлөрүнүн, Кара деңиз жана Балкан регионундагы банктар мүчө болуп саналышкан Борбордук банктарды Башкаруу клубунун Чехиянын Прага шаарында өткөн 29-отурумуна катышып келген. |
| Жалган куран айынын он үчү | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү токтомдор кабыл алынган:<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө;<br>– Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө, ага ылайык “Кредиттик союздарды лицензиялоо жөнүндө” жобого, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын аймагында микрокаржылоо компанияларынын |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | ишин лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. |
| Жалган куран айынын жыйырма жетиси | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр каралган:<br>– 2012-жыл үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет;<br>– "Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын 2012-жылдын төртүнчү чейрегиндеги абалы тууралуу" отчет. |
| Чын куран айынын он беши | Коммерциялык банктардын жана "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтын өкүлдөрүнүн катышуусу менен төлөм системасы боюнча Банктар аралык кеңештин отуруму өткөн, отурумдун жүрүшүндө Пакеттик клиринг системасынын коопсуз иштешин камсыз кылуу, ошондой эле банктык кызмат көрсөтүүлөр спектрин кеңейтүү жана банктын кардарларына төлөмдөрдү нак эмес формада өткөрүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымдоо үчүн аны модернизациялоо зарылчылыгы боюнча маселелер талкууланган. |
| Чын куран айынын он тогузу | Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча Ведомстволор аралык комиссиянын отуруму өткөрүлгөн. Министрликтер жана ведомстволор тарабынан Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2012-2017-жылдарга Мамлекеттик программанын иш-чаралар планынын аткарылышынын жүрүшү тууралуу отчеттор берилген, ошондой эле нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча сунуштар каралган. |
| Чын куран айынын жыйырма экиси | Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан "Банктын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери жөнүндө маалымат базасын жүргүзүү боюнча Усулдук сунуш-көрсөтмөлөргө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтом кабыл алынган. |
| Чын куран айынын жыйырма экиси – отузу | Улуттук банкта акча-кредит саясатынын негиздерин өркүндөтүү боюнча Эл аралык валюта фондусунун миссиясы иштеген, анын алкагында OGResearch консалтинг компаниясынын өкүлдөрү келген жана MATLAB программа чөйрөсүндөгү иштин негиздери боюнча окутуу семинары өткөрүлгөн. |
| Чын куран айынын жыйырма жетиси | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү токтомдор кабыл алынган:<br>– Улуттук банк Башкармасынын Улуттук банктан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктар жана башка финансы-кредит мекемелер тарабынан сунушталган банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда монополияга каршы жөнгө салуу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоо саясатын жана негизги принциптерин бекитүү жөнүндө токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;<br>– Улуттук банк Башкармасынын "Улуттук банк тарабынан лицензияланган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө токтому;<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төлөм системасы боюнча ко- |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | митети жөнүндө" жобонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө. |
| Чын куран айынын жыйырма жетиси – бугу айынын ону | Эл аралык валюта фондусунун кеңейтилген кредиттик механизминин (ECF) алкагында колдоого алынган экономикалык программанын аткарылышына төртүнчү байкоо жүргүзүү максатында, Кыргыз Республикасына ЭВФ миссиясы келген. |
| Чын куран айынын жыйырма тогузу | Эксперттик форумдун отуруму өткөрүлгөн, анда Кыргыз Республикасынын 2012-жыл үчүн жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын жыйынтыктары жана 2013-жылдын биринчи чейреги үчүн алдын ала алынган жыйынтыктары талкууланган. |
| Бугу айынын сегизи | "Кабар" маалымат агенттигинде Улуттук банктын Төрагасынын орун басарынын катышуусу менен 2013-жылдын биринчи чейрегине карата акча-кредит саясатынын жыйынтыктарына арналган пресс-конференция өткөрүлгөн. |
| Бугу айынын жыйырма экиси | Соода-экономика, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча Өкмөттөр аралык кыргыз-орус комиссияларынын 15-отурумунун жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду тарабынан "Залкар Банк" ААКсынын 10,0 пайыз акциясын номиналдык наркы боюнча сатып алуу тууралуу чечим кабыл алынган. |
| Бугу айынын жыйырма төртү | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү токтомдор кабыл алынган:<br>– "Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтом, ага ылайык "Банктардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө" нускоого жана "Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрокаржылоо компанияларынын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген;<br>– "Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтом кабыл алынган, ага ылайык Кыргыз Республикасындагы кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежелерине, "Кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө" жобого, "Микрокаржылоо компаниясынын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө" жобого, "Микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген;<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;<br>– "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын Мамлекеттик төлөм жүгүртүү классификаторун бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу". |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | • "Залкар Банк" ААКсынын 90,0 пайыз акциясын сатып алууга Улуттук банктын макулдугун алуу үчүн "Инвестициялык Соода Бизнес Холдинги" Ачык акционердик коомунан документтердин топтому менен билдирме Улуттук банкка келип түшкөн. |
| Бугу айынын жыйырма алтысы | Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" мыйзамга кол коюлган, ага ылайык микрокаржылоо уюмдардын жана кредиттик союздардын операцияларынын тизмесин кеңейтүүгө багытталган, "Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө", "Кредиттик союздар жөнүндө", "Чет өлкө валютасы менен операцияларды жүргүзүү жөнүндө" мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген. |
| Бугу айынын жыйырма тогузу | Улуттук банктын жетекчилиги, Россия Федерациясынын Москва шаарында өткөн Мамлекеттер аралык банктар кеңешинин 46-отурумуна катышып келген. |
| Кулжа айынын үчү | • Кыргыз Республикасынын банктарды кайра өзгөртүп түзүү жана карызын реструктуризациялоо боюнча агенттиги менен "Инвестициялык Соода Бизнес Холдинги" ААКсынын ортосунда "Залкар Банк" ААКсынын 90,0 пайыз акциясын сатып алуу-сатуу келишими түзүлгөн. "Залкар Банк" ААКсынын акционерлеринин 2013-жылдын кулжа айынын сегизине карата абал боюнча реестрине ылайык, "Инвестициялык Соода Бизнес Холдинги" ААКсы банктын 90,0 пайыз акциясынын ээси болуп саналат.<br>• Финансы-кредит мекемелеринин ишине тиешелүү актуалдуу маселелерди биргелешип талкуулоо жана чечүү үчүн Банктык тегерек стол маеги болуп өткөн. |
| Кулжа айынын он төртү | Көз карандысыз эксперттердин катышуусу менен Эксперттик форумдун отуруму өткөрүлгөн, анда 2013-жылдын биринчи чейрегиндеги акча-кредит саясатынын жыйынтыктары талкууланган. |
| Кулжа айынын отузу | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр каралган:<br>– 2013-жылдын биринчи чейрегиндеги акча-кредит саясаты жөнүндө отчет:<br>– "Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын 2013-жылдын биринчи чейрегиндеги абалы тууралуу" отчет. |
| Теке айынын он төртү | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү токтомдор кабыл алынган:<br>– "Банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана микрокаржылоо уюмдары тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу;<br>– Улуттук банк Башкармасынын "Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө" токтомунун 1-2-пунктун чечмелөө (түшүндүрүү) тууралуу. |
| Теке айынын он алтысы – жыйырмасы | Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын борбордук (улуттук) банктарынын, ошондой эле "Банктар |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | аралык процессинг борбору” ЖАКтын өкүлдөрүнүн катышуусу менен “Төлөм (эсептешүү) системаларына байкоо жүргүзүү боюнча борбордук (улуттук) банктардын иши. Төлөм системасына көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашыруу” (Ысык-Көл областы, Бостери айылы) темасына ЕврАзЭСтин семинары уюштурулган жана өткөрүлгөн. |
| Теке айынын жыйырма төртү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйруусуна ылайык, Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча программаны иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзүлгөн. |
| Теке айынын жыйырма төртү – баш оона айынын он беши | Кыргыз Республикасында Дүйнөлүк банктын жана Эл аралык валюта фондусунун Кыргыз Республикасынын финансылык секторуна баа берүү (FSAP) боюнча биргелешкен миссиясы жүргөн. |
| Теке айынын жыйырма беши | “Автоматташтырылган тоорук системасы” (АТС) автоматташтырылган системасы (АС) өндүрүштүк пайдаланууга берилген. |
| Теке айынын жыйырма алтысы | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө” жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” токтом кабыл алынган. |
| Теке айынын жыйырма сегизи | • “Банк секторун өнүктүрүүнүн 2014-2017-жылдарга негизги багыттары” программасын иштеп чыгуу үчүн жумушчу комиссия түзүлгөн.<br>• Талас областынын Бакай-Ата районундагы бюджеттик мекемелердин өкүлдөрү үчүн чекене төлөм кызматтарынан пайдалануучулардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуунун алкагында, төлөмдөрдү нак эмес формада өткөрүүдө, банктык карттардын пайдаланылышына өбөлгө түзүү маселесин кошо алганда, региондордо нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чаралар планынын аткарылышы жана жүзөгө ашырылышы боюнча семинар өткөрүлгөн. |
| Баш оона айынын бири | Жетектөөчү комитеттин Кыргыз Республикасында ислам банк иши жана каржылоо принциптерин ишке киргизүү боюнча протоколдук тапшырмасын аткаруу үчүн жумушчу топ түзүлгөн. |
| Баш оона айынын сегизи – он экиси | Кыргыз Республикасынын учурдагы экономикалык жагдайына байкоо жүргүзүү максатында, ЭВФ персоналы өлкөгө визит менен келип кеткен. |
| Баш оона айынын он тогузу | Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңештин отурумунда 2011-2015-жылдарга микрокаржылоону өнүктүрүү стратегиясынын иш-чараларын жүзөгө ашыруунун жарым жылдык жыйынтыктары каралган. |
| Баш оона айынын жыйырма үчү | Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча Ведомстволор аралык комиссиянын отуруму болуп өттү. Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2012-2017-жылдарга Мамлекеттик программанын иш-чаралар планын жүзөгө ашыруу боюнча министрликтердин жана ведомстволордун отчеттору талкууланды. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| Баш оона айынын жыйырма төртү | Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында сүткорлук ишин чектөө жөнүндө" мыйзам кабыл алынган, ал Кыргыз Республикасында сүткорлук ишин чектөө жагында мамлекеттик саясаттын негизги принциптерин аныктайт. |
| Аяк оона айынын бири | Коммерциялык банктардын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын жана "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтын өкүлдөрүнүн катышуусу менен төлөм системасы боюнча Банктар аралык кеңештин отуруму болуп өттү. |
| Аяк оона айынын экиси | Көз карандысыз эксперттердин катышуусу менен Эксперттик форумдун отуруму өткөрүлгөн, анда 2013-жылдын биринчи жарым жылдык ичиндеги акча-кредит саясатынын алдын ала жыйынтыктары талкууланган. |
| Аяк оона айынын жетиси | • "Кабар" маалымат агенттигинде Улуттук банктын Төрагасынын орун басарынын катышуусу менен, 2013-жылдын биринчи жарым жылдык ичиндеги акча-кредит саясатынын жыйынтыктарына арналган пресс-конференция болуп өткөн.<br>• Көзөмөл боюнча комитет тарабынан "Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча Усулдук сунуш-көрсөтмөлөргө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтом кабыл алынган. |
| Аяк оона айынын жыйырма алтысы – жыйырма тогузу | Бюджеттик мекемелер жана Улуттук банктын түштүк региондогу областтык башкармалыктарынын кызматкерлери үчүн мамлекеттик программанын максаттарын түшүндүрүүнүн алкагында, ошондой эле чекене төлөм кызматтарынан пайдалануучулардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында Ош шаарында, Баткен жана Жалал-Абад областтарында семинарлар өткөрүлгөн. |
| Аяк оона айынын жыйырма алтысы | Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2013-жылдын биричи жарым жылдыгы үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет кароого алынган. |
| Аяк оона айынын жыйырма жетиси – жыйырма сегизи | Улуттук банктын жетекчилиги, ЭСКАТОнун "Түндүк жана Борбордук Азиянын туруктуу жана ишенимдүү өсүшү үчүн макроэкономикалык саясат" темасына арналган жогорку деңгээлдеги саясат маселелери боюнча диалогуна катышкан. |
| Аяк оона айынын жыйырма сегизи – тогуздун айынын үчү | Акча-кредит саясатын болжолдоо жана талдап-иликтөө системасынын (FPAS) алкагында, болжолдоонун орто мөөнөттүү моделин түптөө жана жеткире иштеп чыгуу максатында, OGReasearch консалтинг компаниясынын өкүлдөрүнүн визити болуп өткөн. |
| Аяк оона айынын жыйырма сегизи | Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтом кабыл алынган, ага ылайык төмөнкү ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген:<br>– "Пилоттук долбоордун алкагында, Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин жүзөгө ашыруу жөнүндө" жобого;<br>– "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | ашырылуучу операциялар жөнүндө" жобого;<br>– "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерге карата талаптар жөнүндө" убактылуу жобого. |
| Тогуздун айынын төртү | Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын 2013-жылдын экинчи чейрегиндеги абалы жөнүндө" отчет тууралуу токтом кабыл алынган. |
| Тогуздун айынын алтысы | Улуттук банктын Методологиялык комиссиясы тарабынан ислам каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар боюнча терминология бекитилген. |
| Тогуздун айынын тогузу – он бири | ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин кызматташуусу алкагында: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Россия Федерациясынын Борбордук банкынын, Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын, Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын, Тажикстан Республикасынын Улуттук банкынын, Польша Улуттук банкынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен "ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын акча-кредит саясаты. Акча-кредит саясатынын инструменттери" темаларына арналган семинар өткөрүлгөн. |
| Тогуздун айынын ону – он экиси | Улуттук банк жетекчилиги, финансылык жеткиликтүүлүк үчүн Альянстын (AFI) Глобалдуу саясий форумуна катышкан. |
| Тогуздун айынын он экиси – он төртү | Улуттук банк жетекчилиги, Арменияныны Ереван шаарында өткөн Борбордук банктардын Башкаруучулар клубунун 30-отурумуна катышып келген. |
| Тогуздун айынын он үчү | Банктык тегерек стол маеги өткөрүлгөн, анда коммерциялык банктардын жетекчилери жана "Кыргызстан банктар бирлиги" юридикалык жактар бирикмесинин (ЮЖБ) жетекчилери тарабынан "Банк секторун өнүктүрүүнүн 2014-2017-жылдарга негизги багыттары" долбоору каралган. |
| Тогуздун айынын он сегизи – жетинин айынын экиси | Эл аралык валюта фондусунун кеңейтилген кредиттик механизминин (ECF) алкагында колдоого алынган, экономикалык программанын аткарылышынын жүрүшүнө бешинчи байкоо жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасына ЭВФ миссиясы келип кеткен. |
| Тогуздун айынын жыйырма беши | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр кабыл алынган:<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө токтом, ага ылайык "Улуттук банктын органдары тарабынан банк мыйзамдары чөйрөсүндөгү административдик укук бузуулар боюнча иштерди кароо жөнүндө" нускоого, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен коммерциялык банктар, банк операцияларынын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырган уюмдар, алардын уюштуруучулары (катышуучулары), юридикалык жактар жана жеке адамдар ортосунда пайда болгон талаш маселелерди сотко чейинки жөнгө салуу жөнүндө" жобого, "Банктык тике көзөмөл жөнүндө" жобого, "Улуттук банк тарабынан лицензияланууучу банктарга жана башка айрым финансы-кредит мекемелерине карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө" жобого, "Улуттук банк тарабынан микрокаржылоо |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | уюмдарына карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө" жобого, "Кредиттик союздарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө" жобого, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө" жобого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген;<br>– "Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу токтом;<br>– "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу токтом;<br>– Улуттук банктын микрокаржылоо уюмдарынын ишин жөнгө салган айрым ченемдик укуктук актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө токтом, ага ылайык "Микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агенттиктерди түзүү жөнүндө" жобого жана Кыргыз Республикасынын аймагында микрокаржылоо компанияларынын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү бекитилген;<br>– "Кыргыз Республикасынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтом, ага ылайык "Кыргыз Республикасынын банктык төлөм карттары жөнүндө" жобого жана "Алдын ала төлөнгөн карттар формасындагы электрондук акчаларды пайдалануу менен төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо боюнча ишти лицензиялоо жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр бекитилген. |
| Тогуздун айынын жыйырма жетиси | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Кыргыз Республикасынын Банк кодексинин долбоору жана Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Банк кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоору жактырылган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлгөн. |
| Жетинин айынын тогузу – он төртү | Улуттук банктын Өкмөт делегациясынын курамына кирген жетекчилиги АКШнын Вашингтон шаарында өткөн ЭВФтин жана Дүйнөлүк банктын Башкаруучуларынын ар жылы өтүүчү жыйынына катышып келди. |
